
74.261.8
И 85

Каныбек ИСАКОВ, Кыялбек АКМАТОВ

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫН ОРТО МЕКТЕПТЕ ОКУТУУ



Ош — 2008

УДК 372.8
ББК 74.26
И 85

ОГПИнин Окумуштуулар кеңешинин чечими менен бекитилген.

Ош шаардык кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалимдеринин усулдук бирикмеси тарабынан басмага сунушталган.

**Жооптуу редактору:** филология илимдеринин доктору, профессор, ИУАнын мүчө-корреспонденти, КР илимине эмгек сиңирген ишмер, Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты **Абдылдажан Акматалиев**

Рецензиялаган: педагогика илимдеринин кандидаты **Абдыкерим Муратов**

Филология илимдеринин кандидаты, профессор, Ч.Айтматов атындагы Эл аралык академиянын академиги **Дүйшөнбай Туратов**

**Исаков К., Акматов К.**

И 85 **Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын орто мектепте окутуу. Метод окуу куралы** Ош: 2008 – 76 б.

**ISBN 978-9967-03-433-4**

Методикалык окуу-куралында Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын 5-11-класстарды окутуу боюнча айрым методикалык сунуштар берилди. Замандын талабына жараша окутуунун жаңы технологиялары пайдаланылып сабактын планынын модели түзүлдү. Жазуучунун чыгармаларына арналган адабий кечелердин үлгүлөрү да орун алды. Айтматовдун өмүрү-чыгармачылыгы тууралуу түзүлгөн 80 жандырмак окуучулардын жазуучуну таануусуна дагы шарт жаратат. Кыл калемде чагылдырылган каармандардын сүрөттөрүн сабактарда пайдаланууга болот.

Эмгек жогорку окуу жайынын филология багытында окуган студенттерге, орто мектептин мугалимдерине арналат.

И4306010000-08 УДК 372,8

**ББК 74.26**

**ISBN 978-9967-03-433-4**

© **Исаков,К**

**Акматов,К . 2008**

## Баш сөз

Нукура, нарктуу көркөм чыгарма кайсы доордо, кайсы мезгилде жазылгандыгына карабастан, өзүнүн асыл баалуулугун эч качан жоготпойт, тескерисинче, коомдо күн санап көркөмдүк күчү, баа-баркы өсүп турат.

Андай көркөм туундулардын өзөгүндө адамзатты ойго салып, ой жүгүртүүгө, изденүүгө азык таштап, адеп-ахлактын бийиктигине үндөп келген түбөлүк идеялар жашайт жана адам пендесинин жашоосу менен өмүрүнүн мазмунун, маңызын жана философиясын ачып берүүгө аракеттер жасалат.

Ошондой көркөм табылгалардын катарына залкар жазуучубуз, улуттук сыймыгыбыз Ч. Айтматовдун чыгармалары да кирет. Бүгүн орто мектепте адабият сабагын окутуу да бир топ татаал болуп калды. Анткени жашообузда нравалык көз караштар, баалуулуктар, аларга карата чен-өлчөмдөр өзгөрдү. Коомдук система башкача нукта өнүгүүдө. Ч.Т.Айтматовдун чыгармаларынын көпчүлүгү социалисттик коомдо жаралды. Ошондуктан көпчүлүк чыгармаларында тоталитардык системанын кээ бир нормаларына, түшүнүктөрүнө каршы чыккан учурлар кездешет.

Бүгүнкү күндө Ч. Айтматовдун чыгармаларын окутууда эч бир саясий көз карашты балдарга таңуулабастан, чыныгы көркөм чыгармаларга коюлуучу талаптардын негизинде окутуубуз зарыл. Анткени көркөм адабият турмуш чындыгын сүрөттөөдө жана образдарды жаратууда адам турмушундагы түбөлүктүү маселелерди козгоп, жазуучу ошол түйүндүү проблемаларды өзүнүн чеберчилигинин жетишинче көркөм чечмелөөгө алат.

Учурда адамдар ортосунда чыңалып турган моралдык-психикалык абалды жеңилдетүү, коомубуздагы ташбоордукту, бири-бирибизге карата болгон мерездикти, кыянатчылыкты азайтып, жаштарыбызды руханий көөдөнү боштуктан, пессимизмден арылтуу милдети турат. Айтматовдун бардык чыгармаларында «Канткенде Адам уулу Адам болот?» деген суроо башкы лейтмотив катарында берилет.

Ч. Айтматов чыгармалары аркылуу адам пендесинин бирин-бири өлтүрүүсү, өз энесин тааныбай калууга жетүүсү, өзүн-өзү өлтүрүүсү, кала берсе адам болуп төрөлүүдөн түйүлдүк мезгилинде баш тартуусу сыяктуу ой сезимге келбеген апаат коркунучтардан жалпы адамзатты сактап калууга карата алдын-ала жандалбастайт, коңгуроо чалып эскертет. Бардык чыгармаларында жаратылыш көрүнүштөрүн, жаныбарлардын турмушун сүрөттөө аркылуу адам

пендесин да жандуу жаратылыштын ажырагыс бир бөлүгү экендигин көрсөтөт.

Акыркы чыгармаларында жазуучу «Өлтүрбө» - деген эскертүүнү чыгармаларынын башкы лейтмотиви кылып бере баштады.

Биз бул окуу усулдук колдонмобузда жазуучунун орто мектепте окутулуучу «Атадан калган туяк» аңгемесин, «Биринчи мугалим» повестин, «Бетме бет» повестин, «Моюнкум трагедиясын», «Эрте келген турналар», «Саманчынын жолу», «Жамийла», «Делбирим», «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт», «Гүлсарат» повесттерин, «Кылым карытар бир күн», «Кыямат» романдарын жана публицистикаларын окутуу боюнча өзүбүздүн усулдук багыт-тарыбызды берүүгө аракеттендик. Ч. Айтматовдун чыгармалары боюнча адабий кечелердин сценарийин, тесттик суроолордун топтомун, сүрөттөрдү бердик.

Ч. Айтматовдун чыгармаларын адабий чечмелөөгө алууда көркөм чыгармалардагы учкул сөздөргө, маанилүү сөз айкаштарына, монолог, диалогдорго, жаратылыш көрүнүштөрүнө, адам портреттерин сүрөттөөлөргө сөздүн күчүнө, салмагына, лирикалык чегинүүлөргө кыскасы, бардык адабий каражаттарга көңүл бөлүү, маани берүү керек анткени Ч. Т. Айтматовдун чыгармаларын окутуу, түшүндүрүү бир топ адабий даярдыкты талап кылат.

Эгерде ушул усулдук колдонмобуз Сиздерге азыраак көмөгүн тийгизе алса биз максатыбызга жеттик деп ойлойбуз.

Анда Айтматовдун адабий ааламына бирге сүңгүп кетели.

***Авторлор***

## 5-класста «Атадан калган туяк» аңгемесин окутуу

Ч. Айтматовдун бала, анын тагдырын катыштырбаган бир да көркөм, бир да публицистикалык чыгармасы жок. Түздөн-түз болобу же кыйырбы - алардын бардыгы тең балдарга тиешелүү.

Айрыкча согуш мезгилиндеги балдарды көзү менен көрүп, өнүп-өскөн абалы жана алардын аң-сезимдери менен мүнөздөрү Чыңгыз тарабынан ар кыл палитрада берилген. Булар «Жамийладагы» араба менен станцияга эгин ташыган өспүрүм Сейит, «Саманчынын жолунда» Толгонай менен бирге элден үрөндүккө эгин чогулткан, кош айдашып, чоңдор менен азапты тең көрүшкөн Бекташ жана эл жүгүн моюндарына арткан «Аксай десантчылары» - Султанмурат, Анатай, Кубаткул, Эркинбек, Эргештер. Согуштун кесепетинен - «Эрте келген турналардагы» кичинекей Ажымурат, күнүгө кечинде уктаар алдында «Эртең атам келегөр» деп согуштагы атасын сагынып уктайт, атасынын эркелеткенин сагынат. Атага куса жеке булар эмес. Атасын элес-булас тааныбай калган, фильмдеги танкага граната ыргытып, окко учкан солдаттын ролун аткарган актерду «атам» деп бир чети сыймыктанса, экинчи жагынан ал атасынын экинчи кайрылып келбесин сезген беш жашар Авалбек да бар...

5-класста «Атадан калган туяк» ангемесин окутууга үч саат бөлүнгөн. Аңгеменин көлөмүнө караганда сааттардын бөлүштүрүлүшү туура. 5-класстын окуучулары Чыңгыздынчыгармалары менен биринчи жолу таанышып жатышкандыктарынан, аңгемени баштоодон мурун жазуучунун өмүр баянына, чыгармачылыгына кыскача токтолуп кетүү максатка ылайык. Андан кийин «Көрктүү окуу - бул адабияттык окуунун биринчи жана негизги формасы болуп эсептелет. Бул биз үчүн бардык көз менен көрүүчү көрсөтмө куралдардан жогору турат» (М.А. Рыбникова «Очерки по методике литературного чтение» М.:

1963. 169-бет.) – дегендей, мугалим аңгемени көрктүү окуу менен баштаганы дурус.

Аңгемени жай, кадыресе токтоолук менен баштап Авалбектин кино келгендеги кубанычын ачып берүүдө интонацияны жогорулатып, баланын эч нерседен капары жок романтикалуу дүйнөсүн - анын өмүрүндөгү сейрек болчу «өпкөсү жарылып кете жаздоочу» абалын - кинонун келишине карата кубанычын өтө көтөрүңкү үн менен окуучуларга жеткирүү зарыл. Андан ары көркөм окуучу-мугалим Авалбек менен Жээнгүлдүн кинодогу каарман жөнүндөгү диалогун берүүдө кылдат болушу керек, мында эки каармандын эки башка кыжаалатчылыгын «Тигиногу сенин атаң» - деп айтып жиберишине мажбур болгон абалын сездирүү керек.

Кийин текст боюнча Авалбектин өз атасы жөнүндө сыймыктануусун («Мен Токтосундун баласымын») өзгөчө сыймыктануунун, даңктануунун тону менен угузуу зарыл. Бул Авалбектин атасы жөнүндөгү чабандар менен диалогу. Аңгеменин мурдагы окуяларынан башкача кырдаалда окулат. Эми көркөм окуунун талантын сынай турган жер - бир бөлүк бүткөндөн кийинки Авалбектин кино каарманы - атасын тууралшы, анын атасы экендигин отургандарга далилдеп бериши, балдардын аны келекеге алышы, жашап калган адамдардын оздоруна кеп келбей, тымызын бирөөлөргө наалат айтып, ичтен күйүшү баяндалып берилет. Албетте мында мугалим ар бир сүйлөмгө, тыныш белгиге дыкаттык менен карап чыгышы керек.

Башкысы - баланын көрүп турган чындыкты далилдөөгө кылган аракетин ачып берүү. Андан кийин Жээнгүлдүн ички дүйнөсүндөгү уйгу-туйгу сезимин ачып берген «Жүр балам, жүрөгой. Ошол сенин атаң» - деген сүйлөмдү окуу менен жесир аялдын бул сүйлөмгө катылган баласына болгон энелик мээримин, күйөөсүнө болгон ызатсыйын урматтоосун, андан калган туякка карата мээримин окуучуларга туюнтуу чоң милдет.

Аягында пейзаждык сүрөттөөнү окуу менен балдарды

окуянын «туткунунан» алып чыгып, жаратылыштын, өлбөстүктүн дүйнөсүнө киребиз да: «Ушуга чейин ал ата жолуна түшкөнүн биле элек эле, атадан калган жалгыз туяк экенин биле элек эле...» деген сүйлөмдү окуу аркылуу бүткүл аңгеменин жыйынтыктоо идеясын беребиз.

Чыгармадагы эң башкы нерсе - бул Авалбектин трагедиясы. Мугалим үчүн ошол трагедияны окуучуларга жеткирип берүү негизги милдеттердин бири. Бул трагедия окуучуларда Баланы, анын энесин аео сезимин пайда кылат. Мугалимден көз албай отурган балдарда баарына айыптуу болгон фашизмге карата жек көрүү жогорку чекке жетет.

«Баланын трагедиясы - согуштун трагедиясы, аны ошол калыбында түшүнүү керек. Окуучулар эң эле өздөрүнө жакын адам - Авалбек аркылуу согуштун тагы өмүр бою кетпесин, ал өзү бүткөндөн кийин да, аны такыр көрбөгөн баланын жүрөгүндө түнөп кала берерин терең түшүнүү зарыл.

«Атадан калган туяктагы» экинчи дагы бир нерсе, баланын дүйнөсү. Ч. Айтматовдун чыгармасындагы башка балдардай эле Авалбек да өзүнүн эселектиги, дүйнөсүнүн тазалыгы, али жамандык ойдун уюй электиги менен айырмаланат. Чыгарманын күчү ошол кино эпизодуна баланын көз карашы менен көз салгандыкта.

Эгер чоң адам болгондо кинонун дүйнөсүнө анчалык берилип кетпес эле. Авалбек атанын туягы экенин билбей, өз атасын кинодон көрүп, адамдардын баарын жашытты, «артист» - деп далилдегендердин эч кимисине ишенбеди. Ал баарына ишенди, атасын сыймык менен туурап берди. Демек анда чыныгы өзүнүн атасы пайда болду, ошол кезге чейинки ичиндеги бугун, сагынычын тосуп алды. Мугалим тексттин айланасында чыгарманын башкы темасын - согуш темасын, балалык темасын жана башкы идеясын - согуштун наристе балага алып келген кайгысын далилдеп, окуучулардын сезимине жер жүзүндө түбөлүк тынчтык үчүн күрөшүү үрөнүн себиши керек» («Ажайып дүйнөгө баш

багуу» А. Муратов. «Мугалимдер газетасы». 1983.№46.).

«Атадан калган туяк» өтүлгөнгө чейин эле 5-класстын окуучулары көркөм адабияттагы проза менен поэзиянын сырткы айырмасын, **портрет**, **диалог**, **салыштыруу**, **эпитет** ж.б. билип алышат. Ошондуктан текст менен иштөөдө мына ушул адабий түшүнүктөргө кайра токтолуп, окуучулардын өздөрүнө тексттен мисал издетүү керек. Ошондо алар Авалбектин, кинодогу атасынын **портретин** табышат, чыгарманын **пейзажын**, Авалбек менен чабандардын **диалогун**, баланын ички **монологун** издеп табышат. Аңгемени талдоо үчүн мисалдарды табуу ишин окуучуларга үй тапшырмасы катары берүүгө болот. Мында алар текст менен да тереңирээк таанышат. Адабий терминдер менен иштөө дептерин толтурушат.

Чыгарманы толук өздөштүрүүдө аңгеменин негизинде тартылган А. Мисюревдин «Кино келди», ушул ангеме боюнча тартылган сүрөттөрдү пайдалануунун чоң мааниси бар. Ыгы келсе аңгеме боюнча Кыргыз Мамлекеттик Академиялык драма театрында инценировкаланган «Солдаттын уулу» деген грампластиканы да угуп талдоо жүргүзүү мүмкүн. Эгер окуучулар көргөн болсо аңгеменин негизинде тартылган (Кыргызтелефильм студиясы сценарийи З. Борбиевдики, режиссору Э. Уразбаев, башкы ролдордо Ш. Сагынбаев, Т. Турсунбаева) кыска метраждуу телефильмди да пайдаланса болот. Аңгемеге кошумча түрдө окуп чыгуу үчүн Чыңгыздын «Манас Атанын ак кар, көк музу» очерки, Т. Сыдыкбековдун «Сагымбадымбы» деген аңгемесин окуучуларга класстан тышкаркы окууга сунуш кылынат. Тапшырманы суроо мезгилинде бул эки чыгарма «Атадан калган туякка» байланышта каралат, салыштырылат.

Чыгарма өздөштүрүлүп бүткөндөн кийин окуучулардын алган билимин көзөмөлдөө максатында текст боюнча жөнөкөй жана татаал план түздүрүүгө, дилбаян жаздырууга, чыгарманын негизинде сүрөт тарттырууга, ар кыл тапшырмаларды берүүгө болот.

### *Сабактын планынын модели*

**Колдонулган ыкма:** Топтордо иштөө, 5 мүнөттүк эркин жазуу.

**Программанын бөлүмү:** Улуу Ата Мекендик согуш темасынан

**Сабактын темасы:** Атадан калган туяк

**Сабактын максаты:**

Балдардын патриоттуулук сезимин ойготуу. Балалыктын баео романтикалык дүйнөсүн ачып берүү. Чыгармадагы трагедиялуулук жөнүндө кеп козгоо. Каармандардын ички санаркоолорун, ой толгоолорун, мүнөзүн чеберчилик менен ачып берүү. Аталардын көрсөткөн эрдиктери үчүн сыймыктануу керек экендигин далилдөө.

**Сабактын убактысы:** 45 мүнөт

**Сабактын жабдылышы (ресурстар):** Чыгармага тартылган сүрөттөр, 3 ватман, 3 түстүү маркер, макалдар жазылган карточкалар, магнитофон, чыгарманын текстти.

**Сабактын жүрүшү (процедура):**

**1-кадам.** Окуучулар «Дүйнөдө», «Согуш», «Болбосун» деген сөздөрдү айтуу менен 3 топко бөлүнүшөт.

**2-кадам.** Ар бир топко макалдар жазылган карточкалар, бирден ватман, бир түстөгү маркер берилет. Макалдар болжолдуу түрдө төмөндөгүдөй болушу мүмкүн:

а)Бала жакшысы - атанын даңкы, кыз жакшысы – эненин даңкы.

б)Атан өлсө тайлак бар, кому жерде калган жок.

в)Дайранын көркү кемеде, баланын көркү энеде.

**3-кадам.** Ар бир топ өздөрүнө бөлүнгөн макалды топто талкуулап, маркерлер менен ватманга жазышып, белгиленген убакыттан соң презентацияга чыгышат. Макалдарды чыгармага байланыштырып карашат.

**4-кадам.** Окулган чыгармалар боюнча «Суроолор галереясын» өткөрүү. Мында окуучулар биргеликте

класстын каалаган жерине барып дубалдарга жабыштырылган «Суроолор галереясын» окуп чыгышып, талкуу өткөрүшөт. Ар бир суроо өзүнчө баракчаларга, түстүү маркерлер менен даана жазылат. Суроолор төмөндөгүдөй болушу мүмкүн:

а) Кино эмне себептен Авалбектин атасы жөнүндөгү киного айланып кетти?

в) Авалбектин атасы теңдешсиз кармашта кантип курман болду? Сүрөттөп бер.

г)Түшүп кеткен кутуну ала койбой киномеханик эмне себептен дал болот?

д)Эмнеликтен бирге окуган бала Авалбек менен айтыша кетти? Аныкы туурабы?

ж) Акырында Жээнгүл: «Жүр, балам, жүрөгой. Ошол Сенин атаң», - деп Авалбекти жетелеп кетет. Бул эмнеси? Же жоокер чын эле Авалбектин атасыбы? Сен кандай жыйынтык чыгарар элең?

з)Эмне үчүн кыргызда эркек бала төрөлсө кубанышып, бир уруу айыл той берген?

Суроолордон сырткары чыгармага тартылган «Сүрөттөр галереясы» да болушу мүмкүн. Ар бир сүрөттүн жанына барып, камтылган окуялар боюнча талкуу жүргүзүшөт.

**5-кадам.** Окуучуларга «Эсиңде тут» деген фактылык маалыматтар камтылган текст таратылат. Бул тарых сабагы менен байланышта бекемделет. Окуучулар текстти окушуп, класста талкуулашат.

**Эсиңе тут**

1. Кыргыз ССР тарыхынан: «Социализмдин фашизмге каршы кан төгүлгөн салгылашуусу төрт жарым жылга созулду». Империалисттик державалар баштаган экинчи дүйнөлүк согушка дүйнөнүн 61 мамлекети - адам баласынын төрттөн үч бөлүгү катышты. 50 миллион киши курман болду... Советтер Союзу баарынан чоң жоготууга учурады - 20 миллион адамынан айрылды. «Согуштун совет элинин жана анын куралдуу күчтөрүнүн бүткүл дүйнөлүк-

тарыхый жеңиши менен аяктагандыгы өткөн согуштун башкы, көрүнүктүү жыйынтыгы болуп саналат» (II том, 1973, 566-бет). 2. Кыргыз совет энциклопедиясынан: «Кыргызстандан майданга 300 минден ашуун адам жөнөтүлүп, 71 жоокер Советтер Союзунун Баатыры болгон», (6-том, 165-бет).

**6-кадам.** Чыгарманын текстинен Авалбек менен чабандардын диалогун окушуп, талкулашат.

-Баракелде жигит, атың ким?

-Авалбек.

-Кимдин баласысың?

-Мен Токтосундун баласымын.

-Кайсы Токтосундун?

- Аа туратур, сен алиги почтодо тилипан урган келиндин баласы эмессиңби?

-Айтам да, ошондой эмеспи, туурабы?

-Жок, мен Токтосундун баласымын!

**7-кадам.** Магнитофондон сөзү Кубанычбектики, обону М. Рыскуловго таандык «Келген жок» ыры уктурулат.

**Келген жок**

Тоо томсоруп, чөл боздой,
Убайым жайың жел козгой.
Узаткан ой, узаткан эй, жарды майданга,
Келиндер санап жол тосо (ой)
Келиндер самап жол тосо.

Атасы кеткен биреөнүн,
Айлына кайра келбеди.
Бешикте жаткан баласын,
Бир жолу чиркин көрбөдү.

Агасы кеткен биреөнүн,
Үйүнө тирүү келген жок.
Үйрүлүп турган баласын,
Өскөндө сыйын көргөн жок.

Баласы кеткен бирөөнүн,
Жадырап кайра келген жок,
Жайкалган аппак сакалдуу,
Атасын уулу көргөн жок.

Бүкчүңдөп уулум келет деп,
Сары май каткан энеси.
Жол карай караан көрө албай,
Суугандай болду денеси.

«Кош болгун жаным» - дегендин,
Эчени кайра келген жок.
Бозоруп жүргөн жарлардын,
Бет жууган жашын көргөн жок.

Кан төгүп турган майдандан,
Канчалар келбей калгандан.
Канкордун жолу тосулуп,
Калды эле аман биздин Жан.

Эстейли атын ар качан,
Майдандан келбей калгандын.
Эл үчүн болот эр курман,
Эсеси ушул армандын.

**7-кадам.** 5 мүнөттүк эркин жазуу. Окуучулар сабактын жыйынтыгында оюна эмне турса, кандай абалда болсо, эмнени айткысы келсе, ошонун баарын кагазга түшүрөт. Каалоочулар окушат. Мугалим ар бир пикирдин баалуулугун эске алып, кол чабуулар менен коштотуп турат. Төмөндө окуучулардын жазган эркин жазууларын сунуш кылабыз.

***1-окуучу:***

Оо, адамдар ушунчалык ташбоор болобу? Эмне үчүн бири-бирин айшпайт? Эмне талашышат? Ушунча кан төгүшүп эмне табышты? Эч нерсе?.. Көөдөндү эзген муң, кайгы, ый

гана калды. Канчалаган наристелер жетим, аялдар жесир калды. Келгиле адамдар, боорукер, мээримдүү бололучу. Эч качан дүйнөдө согуш болбосун! Эч ким ыйлабасын!..

***2-окуучу:***

Авалбекти карап олтуруп, бүгүнкүнүн Авалбектерин издедим. Ооба, ал Авалбекти атасынан согуш айрып, ал атасын кинодон көрдү. Бүгүнкү күндө кумарга, утурумдук байлыкка азгырылып балдарын таштап кеткен, турмушка туруксуз аталарды балдары кайдан көрөт. Көрсө да Авалбектей сыймыктанып, балалык баео сезим менен жар салабы же жийиркенип, кекенип өч алабы. Ушул суроого жооп издедим. Бирок канчалык кыйналбайын жооп таппадым. Балким силер табарсыңар!

## 6-класста «Биринчи мугалим» повестин окутуу

Көркөм адабият - жогорку идеянын, даанышман ойдун, кеменгер сөздүн соолубас деңизи. Искусство жана адабият адамдын эң назик психикалык чөйрөсү менен байланыштуу, алар адам жүрөгүнүн тереңинде жаткан сырларын ачат, көркөм адабиятты окуган адам өзүнө үлгү көрсөтө турган кишини табат, каармандык иштерге шыктанат, эли мекени үчүн эмгектенет.

«Мектеп жана балага билим берүү» деген түгөнгүс бүтпөс темалардын биринен. Жаш өспүрүмдөргө тарбия, билим берүү -татаал, машакаттуу, түйшүктүү нерсе. Ал үчүн баланы сүйүп, кадырлоого тийишпиз.

М. Горький: «Балдарга күндүн желесинен көйнөк тигүү керек, себеби алардын келечеги алдыда. Бирок балдарды тарбиялоо турмуштан кеңири тажрыйбаны, билимди жана талантты талап кылуучу мамлекеттик улуу иш», - деп өз оюн айткан. Ушул мамлекеттик улуу ишти аткаруудагы мугалимдердин негизги каражаттарынын бири - көркөм адабият. Мына ушул көркөм адабиятты 6-класстын окуучулары кандай кабыл алат. Баса белгилеп кетүүчү

жагдай 5-7-класстын окуучулары сюжеттүү окуяларга кызыгышат, окуяны кууп кызыктуу деталдарды күтүшөт. Мына ушундай кызыктуу сюжетке бай Ч. Айтматовдун «Биринчи мугалим» повестин 6-класста окутууга 5 саат ажыратылып, повестти окуучуларга жеткирүүнүн негизги максаты революциянын алгачкы жылдарындагы агартуу ишинин кыйынчылыктарын, эски менен жаңынын карама-каршылыктарын ачып берүү, Дүйшөндүн жаңы турмуш, жаңы мектеп үчүн болгон каармандык күрөшү, анын бийик идеялуулугу жана революцияга берилгендигин баса белгилөө. Алтынайдын тагдырына Дүйшөндүн ойногон ролу чоң экендигин көрсөтүү болуп саналат.

Повесть - жыйырманчы жылдардагы кыргыз айылындагы эл агартуунун ишке ашышы жөнүндөгү көрүнүктүү чыгарма. Совет өкмөтү орногондон кийин жыйырманчы жылдардагы тоо койнундагы караңгы кыргыз айылына жаңы турмуштун жарыгын алып келген Лениндин идеясын ишке ашыруу үчүн жан-дили менен эмгектенген кыргыз интеллигентинин турмушун көрсөтөт.

Балдарды окутууда алгач бардык кыйынчылыктарга чыдаган биринчи мугалим –Дүйшөн жөнүндөгү окуя баяндалат. Чыгарманын башталышында лирикалык каарман тарабынан пролог берилген. 2-бөлүмдө сүрөтчүнүн турган жери, татаал тагдырлардын күбөсү болгон кош терек сүрөттөлөт. Ал кош терек турган дөбө үчүн «Дүйшөндүн мектеби» деп аталгандыгы көпчүлүк үчүн белгисиз, чечилбеген. «Ошол белгисиз, чечилбеген түйүндү чечүүгө болобу?» деген суроо менен мугалим окуучуларга кайрылса болот.

Мына ушундан кийин айылга жаңы мектеп салынып, анын ачылышынын урматына арналган салтанаттуу кечеге сүрөтчү да келгендиги, ошондой эле университеттин кафедра башчысы, философия илимдеринин доктору, академик Алтынай Сулайманова да чакырылгандыгы, салтанаттан кийин мектептин директору келген меймандарды үйүнө конокко чакыргандыгы жөнүндөгү сюжетке токтолуу

керек. Конокто отурган меймандардын Дүйшөн жөнүндөгү кызыктуу ойлору да баяндалат. Дем алыш мезгилинде А. Сулайманова Москванын поезди качан өтөрүн билгенден кийин айылдаштарынын кал дегендерине болбой, бышып жаткан тамакка да карабастан, кете берди. Академик Сулайманова эмне себептен ушундай кадамга баргандыгы жөнүндө окуучулар өз пикирлерин билдиришет.

Мына ушундан баштап 3-4-бөлүмдөгү окуя Алтынай Сулаймановanын атынан уланат.

1924-жылы Дүйшөн деген Таштанбек аттуу карыянын баласы айылга мугалим болуп келди. Сатымкул сыяктуулар буга каршы чыгышты. Дүйшөн алардын каршылыгына мөгдүрөбөстөн дөбөдөгү байдын атканасын оңдоп балдарды окутууга киришти. Колунда эч кандай окуу куралы, же мектепте шарты жок. Бар болгону колундагы бир барак кагазды медер тутуп, ошол жансыз кагазга ишенип чечкиндүү кадам таштады. Биринчи жолу мектеп босогосун аттагандардын бири Алтынай болчу. Алтынай дайыма Дүйшөндүн мектепте эмне иш кылып жаткандыгына кызыкчу. Ал кыздар менен тезекке барган жерде Дүйшөндүн «Сен чоноюп калган эстүү кыз экенсиң, башка балдарды да мектепке окуйлу деп ээрчиткин» деген сөзү өмүр бою эсинен чыгарбоочу сөз болду. Бирок, анын келечеги ошол күндөгү бир кап тезектен башталдыбы деген ойду окуучулардын аң сезимине сиңдирүү да чебер мугалимдин милдети. Себеби Алтынай ошол күнү чечкиндүү чыгып өзү билгенин иштеди. Бул күн Алтынай үчүн чечүүчү кадам, аны такыр эстен чыгарбайт. Жеңеси Алтынайдын бул жоругуна жана окууга болгон аракетине каршылыктарын көрсөттү. Бирок, Алтынай ага моюн бербеди. Чыгармада алгач мектеп босогосун аттаган окуучулар: Саман төшөлгөн жерге отурдук, колубузга бирден дептер, бирден калем берди. Анан дубалга илинип коюлган сүрөттү көрсөтүп:

-Бул киши Ленин! -деди.

-Биз ушул кишинин көрсөткөн жолу менен окуйбуз...

Дүйшөн бизге эмнени билсе, ошону окута баштады. Мына ушундай күндөрдүн биринде Лениндин дүйнөдөн кайтуусу жана Дүйшөндүн балдарга айтып аза күтүүсү баяндалат.

Чыгарманын кийинки бөлүктөрүндө Алтынайдын окуусуна жеңеси жана «Түлкү тебетейлер» каршы чыгышып, токолдукка берүүгө макулдашышат. Дүйшөн Алтынайды куткарып калууга аракеттенди. Аракети ишке ашты. Алтынайдын келечегине арнап кош терек тикти, жана өз колу менен аны окууга узатты. Чыгарманын мына ушул сюжеттери окуучулардын кызыгуусунун туу чокусуна жеткен чеги. Дагы эмне болор экен деп жаңылык күткөн учуру болуп саналат. Буларды этияттык менен балдарга баяндоо абзел.

6-класстын кыргыз адабияты китебинде повесттен алынган үзүндү төмөндөгүдөй аталыштагы бөлүмдөргө ажыратылган:

1.Дүйшөндүн мектеби

2.Алгачкы жыйналыш

3.Үмүт

4.Биздин мугалимден айланып кеткиле!..

5.Сен чоң окумуштуу адам болосуң

Окуу программасында бөлүнгөн 5 сааттык өлчөмдү ушул темачалардын негизинде окутууга болот. Мындан сырткары чыгармадагы каармандар системасын окутуу да мугалимдин көңүл чордонунда болууга тийиш. Башкы каарман Дүйшөндүн мугалимдик негизги касиети - ал өзү окуткан окуучулардын жан дүйнөсүн терең билгендиги. Дүйшөн Алтынайдын зээндүүлүгүн, илимге болгон кызыгуусун алгачкы күндөн эле сезе алган. Дүйшөндүн бул көрөгөчтүгүн турмуштун өзү далилдеди. Алтынай кийин көрүнүктүү окумуштуу, коомдук ишмердин деңгээлине чейин өсүп жетилди.

Эң негизги көрсөтмөлүүлүк көркөм чыгарманын өзү болуп саналат. Окуучу көркөм чыгарманы окуп жатканда кандайдыр бир даражада чыгармада сүрөттөлүп жаткан

окуяларды, картиналарды, сценаларды көз алдыларына келтирип турат. Бул жөнүндө М. А. Рыбникова: «Көркөм окуу - бул адабияттык окуунун биринчи жана негизги конкреттүү формасы болуп саналат. Бул биз үчүн бардык көз менен көрүүчү көрсөтмө куралдан жогору турат» - деген. Адабият сабагында көрсөтмө курал катарында досканы да пайдаланышат. Доскага жазылган архаизм сөздөр, терминдер, чыгармага байланыштуу даталуу мезгилдер окуучулардын эсине бекем сакталып калышына жардам берет. Чыгармаларды өтүп жатканда чыгармалардагы кээ бир эпизоддор боюнча тартылган иллюстрацияларды колдонуу чоң мааниге ээ.

Повестти окуу аркылуу бүгүнкү мектеп окуучусу алгачкы окуучулардын окуу шарты, окуу куралдары менен таанышып, азыркы учурдагы окуучунун терең билим алууга толук мүмкүнчүлүктөрү бар экендигине ынанат. Повесть алгачкы мугалимге, алгачкы окуучуга коюлган зор эстелик катары дүйнөлүк китеп окурмандарына кеңири таанымал чыгарма болду. «Биринчи мугалим» повести 1963-жылы өзүнчө китеп болуп жарыкка чыккан.

***Сабактын планынын модели***

**Колдонулган ыкма:** Топтордо иштөө

**Программанын бөлүмү:** Социалисттик турмуш, согуш темасы

**Сабактын темасы:** «Биринчи мугалим» повести. Алтынайдын тагдырына Дүйшөндүн ойногон ролу.

**Сабактын максаты:**

Повесттеги башкы каармандар Дүйшөн менен Алтынайдын совет бийлигин чындоо үчүн жан аябай күрөшкөндүктөрүн, эмгеги текке кетпестен бүгүнкү күндөгү илим-билимдин жетишкендигине тиешелүү эпизоддорду көркөм окуу аркылуу окуучуларга түшүндүрүү. Аларды эрктүүлүккө, чыгармачылык менен иштөөгө үйрөтүү. Чыгарманын текстинен образды ачууга негиз болгон учурларды табууга көнүктүрүү.

БИБЛИОТЕКА
Ошского государственного
университета
ИНВ № 926905

**Сабактын убактысы:** 45 мүнөт

**Сабактын жабдылышы (ресурстар):** ватман, маркер, чыгармага тартылган сүрөттөр, магнитофон, таркатмалар.

**Сабактын жүрүшү (процедура):**

а) Уюштуруу мезгили

б) Жаңы теманы түшүндүрүү (мугалимдин аңгемеси)

**1-кадам.**

**Мугалим:**

Повесттеги башкы тема жана анын атайын даңазалаган прогрессивдүү идеялары чыгарманын каармандарынын мүнөздөрүн аныктап турат. Автордун айтайын деген негизги ойлорунун көбү Дүйшөн менен Алтынайдын образдары менен байланышкан. Ошондуктан повесттеги окуялардын негизгилери да анын айланасында өтөт. Балдар, силерге төмөндөгүдөй таблицаны сунуш кылам:

| *Дүйшөндүн* | *Алтынайдын* |
|---|---|
| - адамгечиликтүү; | -аракетчил; |
| - баатыр; | -зирек; |
| - туруктуу;<br>- өжөр; | - ынтызар;<br>- өжөр; |
| - боорукер ж.б. | - сабырдуу ж.б. |

**2-кадам.** Окуучулар таблицанын калганын өздөрү толтурушат. Автор балдарга Дүйшөндү төмөндөгү текст аркылуу тааныштырат (Текст мугалим тарабынан көркөм окулат),

*...Биринчи күнү ал бизди жерге төшөлгөн саманга отургузуп, колубузга бирден дептер, бирден калем, ар бирибизге атайылап жасалган тактайдан берди да:*

*- Муну тизеңерге коюп кат жазасыңар, - деди. Анан дубал бооруна жармаштырылып коюлган сүрөттү көрсөтүп,-Мына бул киши Ленин! - деди.*

*-Биз ушул кишинин айткан, көрсөткөн жолу менен окуйбуз...*

*...Анча-мынча арип таанығандан кийин «ат», «таканы» жазалбай жатып, кат жүзүндө биринчи оозанган сөзүбүз - Ленин болгон. Биздин саясий алиппебиз: «бай», «кедей», «батырак», «кеңеш» деген сөздөрдөн түзүлгөн. Ушунун баарын Дүйшөн бизге колунан келишинче үйрөтүп, түшүндүрүп жатты.*

Текст окулгандан кийин окуучулардан ушул үзүндүгө кандай тема койсо боло тургандыгын сурайбыз. М: «Дүйшөндүн алгачкы сабак өтүүсү» деп коюлушу мүмкүн.

**3-кадам.** Магнитофонго жаздырылган төмөндөгү текст уктурулат.

*Экөөбүз азыр бир иш кылабыз, Алтынай, - деди өзүнчө сүйүнгөндөй мени күлө карап.*

*- Мына бул теректерди мен сага арнап алып келдим. Ушулар жетилип чоңойгончо, сен дагы жетилип, жакшы киши болуп,көктөп бүрдөйсүң. Менин баамымда сен чоң окумуштуу адам болосуң. Айтты-айтпады дээрсин, сенин таалайыңа жазылып турат, жайнаган көздөрүңдөн айланайыным, тал-чыбыктай солкулдак кезиң, ээниң бар, акылың тунук. Ушул тилекке багыштап алып келдим эле, кел эми өз колубуз менен тигип коелу. Багың окуудан ачылсын!*

*- Мына көрдүңбү кандай экенин! - деди Дүйшөн артка чегине бери карап.*

*- Эми тиги чоң булактан арык чаба коебуз, мына ошондо көрөсүн о, кандай келишкен зор теректер болор экен! Булар дөбөнүн үстүндө туруп, келген кеткендин баарына көрүнүп турат. Анда заман да башка болот. Аман болсок, жакшылыктын баары алдыда, Алтынай...*

Мугалим текст уктурулуп бүткөндөн кийин окуучулардан кандай тема коерун сурайт. Болжолдуу түрдө «Алтынай жана Дүйшөндүн кош теректери» деген тема коюлат.

**4-кадам.** Магнитофондон экинчи текст уктурулат. Кылдат анализденип, окуучулар тарабынан талданат.

*Биздин жаман тамдын сыртынан бастырып кетчүдөй болуп, утурлата келген үч-төрт атчандын дүбүртү угула калды. Мугалимдин айтып берип жаткан сөзүн укпай, биз баарыбыз бир паска кулак түрүп калдык эле, сестейе түшүп Дүйшөн:*

*-Балдар, көңүлүңөрдү бөлбөй, бери карап олтургула, - деди.*

*Аңгыча болбой кыңырайган эшигибиз шарт этип ачылды да,желмогуздай күлмүңдөгөн жеңем баш бакты. Дүйшөн анын бет алдына барып тура калды:*

*-Сен эмне жумуш менен келдиң?*

*- Тур мындай, мен кыз узатам! Ай, селсаяк сенби! – деди женем, муштумун кезеп. Дүйшөн ага жол бербеди.*

*-Сиздин узатар кызыңыз бул жерде жок!*

*-Эмне? Аны азыр көрө жатарбыз! Ай жээн бала, бери келип сүйрөп чыккыла, бул көк бетти, - деп жеңем кол булгап койду. Өгүнкү булкуйган түлкү тебетейдин жанында союл кармаган экикиши кошулуп, аттан түшө келишти. Дүйшөн эшиктин оозунда турган калыбында ордунан козголбоду.*

*- Сен эмне тентигенсин, алып койгон катыныӊ барчылап,бирөөнүн кызын бийлейсиңби? Тур мындай, - деди түлкү тебетей эмгектей берди эле, Дүйшөн каалганын эки жагына колуни терип киргизбеди:*

*-Силердин бул жерге кире турган акыңар жок, бул мектеп! -деди ал.*

*-Мына айтпадым беле, бул соо эмес, мунун өзү катын кылып алган! - деп, жеңем алкынып кыйкырды.*

*-О, мектебиңди урайын сенин! — деп, бакырган түлкү тебетей камчысын үйрүп ура берди эле, каалгага керилип турган жеринен Дүйшөн аны ичтен нары тээп тигиндей учурду. Ошол замат беркилер мугалимге союл уруп, эси чыккан балдар мени тегеректеп, ыйлап чыңырып иберишти.*

*Карс-курстун ортосунда эшиктин быркан-быркань чыгып кетти.*

*- Кое бергиле, агайды урбагыла! Мына, мен керек болсом! – деп озго жулундум эле, Кызыл жаян Дүйшөн эшиктин сынып түшкөн тактайын ала сала, тигилерди качырып сала берди.*

*- Качкыла балдар! Кач, Алтынай! - деп кыйкырды ал. Ошол учурда сопол менен сындыра чапкан колу шалк этип өзү артка чегине калды. Беркилер аны дубалга кептеп келип, кан жыттап, өкүргөн букалардай:*

*- Ур! Башка чап! Өлтүр! Кан сийдир! - деп жабыла токмокко алганда, тамга женем менен түлкү тебетей зөөкүр жулунуп киришип, чачымды мойнума ороп кылкылдыра, эшикке сүйрөп чыгышты. Буларга моюн бербей суурулуп кайрылганымда чыңырып ыйлаган балдар туш-туш жакка качып бара жаткан эле. Дүйшөндүн түрүн көрүп, жер жаргандай кыйкырып, мугалимиме жүткүндүм:*

*- Айланайын, ага-ай! Өлтүрөт экен булар! Айланайын агай!..*

**5-кадам.** Мугалим окуучулардан тексттин бул бөлүгүнө кандай тема койсо болорун сурайт. Окуучулар ар кандай пикирлерин билдиришет.

***Мугалим:*** Алтынайдын окуудан кол үзүшү. Дүйшөндүн жалгыздыгы. Алтынай жана Дүйшөндүн кайгысы, каршылыктары канчалык күчтүү болсо да, келечектен, жакшылыктан үмүт үзбөйт. Чыгарманын окуялары максатына жетип, Дүйшөндүн ойлогон оюу ишке ашат. Бул аркылуу жазуучунун адилеттүүлүк акыры жеңет деген ишенимин жакшылыктын келечектен күткөн оптимисттик оюн көрөбүз.

**6-кадам.** Окуучулар «Мугалим - билимдин ачкычы» деген темада өз алдынча 5 мүнөттүк эссе жазышат. Жазган эсселерин бири-бирине окуп беришет

**7-кадам.** Окуучулар 1,2,3,4 деп саноо менен 4 топко бөлүнүшөт. Ар бир топ бирден ватман, түстүү

маркерлерди алышат. Ар бир топко төмөндөгүдөй бирден карточка берилет.

**1-карточка**

***Дүйшөндүн жаңы мектепке, билим үчүн күрөшүн кандай баалайсыңар?***

**2-карточка**

***Дүйшөндүн Алтынайга тийгизген таасири.***

**3-карточка**

***Азыркы мезгилдеги кыздардын Алтынайдан айырмачылыктары***

**4-карточка**

***Дүйшөн агай жок болгондо Алтынайдын турмушу кандай болмок эле?***

**8-кадам.** Ар бир топ карточкадагы проблема боюнча пикирлешип, ойлорун сүрөт, кара сөз аркылуу мүнөздөшөт. Жасаган иштерин доскага же дубалга илишип, презентациялашат, жалпы класс суроо берип, талкуу жүрөт.

**Талкуулоо үчүн суроолор** (дебрифинг):

1. Азыркы мезгилдеги мугалимдер менен Дүйшөндүн окшоштуктары, айырмачылыктары кайсылар?
2. Кайсы кездеги мугалимдер силерге жагат? Эмне үчүн?
3. Азыркы учурда Алтынай сыяктуу жетим балдарга камкордук көрүлөбү?
4. Эгерде силер жазуучу болсоңор, бул повестте канндай проблемаларды актуалдуу деп эсептээр элеңер?
5. Эмнеликтен малдуулардын шылдыңына Алтынайдын ыйлагысы келди?
6. Дүйшөндөгү болгон адамдык асыл сапаттарды кайсыл учурлардан байкадың?
7. Дүйшөндүн ишин, аракетин өз учурунда болгон эрдик деп атасак туура болобу? Буга карата сенин оюң кандай?
8. Алтынайды алууга келгендерге Дүйшөн кандай каршылыктарды көрсөттү?
9. Алтынай эмне үчүн кое бергиле агайды! Урбагыла! Мына мен керек болсом - деп чечкиндүү айтты?

10.Силердин агай-эжелериңерге урмат-сыйыңар, мамилеңер кандай?

11. Мугалимдик кесипти кандай түшүнөсүңөр?

### 6-класста «Бетме-бет» повестин окутуу

Дүйнөнү дүңгүрөткөн улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов ар бир чыгармасында адамдык улуулук, намыс-ариет, адам жашоосундагы ыймандык кагылыштар, жалпы инсан проблемалары арбын көтөрүлгөн. Мына ошондой багыттагы чыгармаларынын бирөөсү 1957-жылы жарыкка чыккан «Бетме-бет» повести. Бул повесттин жарыкка чыгышы адабият айдыңында өзгөчөлөнгөн стили бар, таланттуу дагы бир жазуучунун дүбүртүнүн жакындашы эле. «Бетме-бет» повести - жазуучунун нукура кыргыз тилинде жазгандарынын алгачкыларынан. Ч. Айтматовдун жазуучулук дидары «Бетме-бет» повестинен ачыла баштаганы белгилүү. Повестте согуш мезгилиндеги кыргыз айыл турмушу сүрөттөлсө да, жазуучу анын идеялык өзөгүнө жеке адамдын эл алдындагы парзы, милдети деген адамзаттык чоң проблеманы төшөгөн. Ошон үчүн эл башына, коом тагдырына коркунуч мүшкүл түшкөн согуш мезгилине кайрылып, аны өзгөчө Ысмайыл менен Сейденин образы аркылуу ишке ашырган. Повестин ар бир сүйлөмүндө Айтматовдун жылуу ойлору бар.

6-класста «Бетме-бет» повестин окутууга 5 саат ажыратылган. Повести окутууда адабият мугалимине чыгармадагы сюжеттик окуялардын өнүгүшүн, Ысмайылдын качышын, Сейденин алгачкы кабыл алуусун, эркек менен аялдын ортосундагы нравалык жиктелүүнү, Ысмайылдын ыймандык кыйроосун, айрым каармандардын адеп-ахлактык жетилүүсүн, кетирген катачылыктарын түшүнүшүн, акыркы абалга алып келген жагдайлардын пайда болушун, башкы каармандын адамгерчилигин. уят-абийирин жоготушун, башка каармандардын ички психологиялык толгонууларын, бушаймандыгын

көрсөтүүдөгү жазуучунун сүрөткердик чеберчилигин жеткирүү милдети жүктөлөт.

Канча суулар агып, мезгилдердин өтүшү менен повесттин жаңы варианты пайда болду. Жазуучу повестке бир топ жылдардан кийин, немец окурмандарынын сунушу менен жаңы глава киргизип, чыгарманын көркөмдүк табитин дагы тереңдетти. Мындай мурдагы түзүлүшүн өзгөртпөй туруп жаңы главаны киргизүүнүн өзү чоң чеберчилик, жазуучунун зор жетишкендиги.

6-класстын окуу китебинде повесть төмөндөгүдөй темаларга бөлүнүп жайгаштырылган:

1. Качуу;
2. Чаткалга кетебиз;
3. Мен эмне болгон жанмын, өзү!
4. Байдалынын жетимдерине колун тийгизген ким?
5. Сен белең?

Бул темалар мугалимдин чыгармачылыгына байланыштуу ар түрдүү усулдардын жардамы менен окутулат. Беш теманын ар бирине бирден саат бөлүнсө да болот. Булардын ичинен!«Мен эмне болгон жанмын, өзү!» деген тема жаңы киргизилген. Бул жаңы тема Ысмайылдын түн катып өзүнө көндүм болуп калган жолуна түшүп, өз үйүнө уурданып кетип бараткандыгы сүрөттөлүү менен башталат.

Үйүнө чукулдап калганда короо жакта кишилер жүргөндүгүн көрүп кооптонгондугу. Тексттин мына ушул жеринен баштап, мугалим окуучуларды Ысмайылдын жан дүйнөсүнө үңүлүп кирүүсүн, анын инсандык бейнесиндеги өзгөрүүлөрдү кайсыл сөздөрдөн байкоо керектигин билсе болорун баса белгилейт. Окуучуларга «Ысмайылдын жан дүйнөсүндө кандай өзгөрүүлөр болду?» деген суроо менен кайрылса болот. Суроого жоопту тексттеги айрым сөздөрдөн издейбиз: «Теректи апчый кармап, эмне кыларын билбей, же унун эркин чыгара албай онтоп жиберди. Короодо кишилер жүрөт, үндөрү угулбайт, үйгө да кирип-чыгыбатышат. Иш бүткөн экен. Оюнда азыр үйгө андан-мындан бир аттап, жолдо котолоп тургандардын биягын

биякка, аягын аякка тургуп, өзүнүн жапайы түрү, капыстан пайда болуусу менен элдин жүрөгүн түшүрүп, энесине учуп жеткиси келди - айланайын, жараткан, балким мына азыр жаны чыкканы жаткандыр...» (Кыргыз адабияты, 6-класс, 209-210-беттер).

Мугалимдин окуучуларга каармандын айласы кетип, түпсүз туңгуюкка кептелип калгандыгын, тогуз ай көтөрүп, омурткасы сыздап, ак сүтүн берип чойоткон, тендешсиз асыл энесинин өлүм алдында жаткандыгын элестетип, эч нерсеге карабай чуркап барып, акыркы айтаар сөзүн угуп, башын кучактап ыйлагысы келгендигин, Ысмайылда эч кандай мүмкүнчүлүк жок экендигин да жеткирүү шарт. Мына ушул жерде мугалим окуучуларга «Эгерде Ысмайыл энесине барса кандай сөз айтмак, кандай абалда болмок?» деген суроо менен кайрылса да болот. Окуучулардан ар түрдүү пикирлер жаралат. Суроо талкууланып, жыйынтыгында бир пикирге келишет.

Бүгүнкү күндө адабиятты окутуудагы токтоло турган дагы бир жаңылык каармандарды жакшы-жаман, оң-терс деп бөлүштүрбөө. Канчалык жаман адам болсо да, сөзсүз түрдө айрым жакшы сапаттар болору талашсыз. Мисалы биздин каарманыбыз Ысмайыл согуштан качып жаман, жек көрүндү адам болсо да, анда адамгерчиликтин айрым сапаттары сакталып калгандыгы.

***Сабактын планынын модели***

**Колдонулган ыкма:** Бирин-бири окутуу, ролдошкон оюн
**Программанын бөлүмү:** Жаңы турмуш, согуш темасы
**Сабактын темасы:** «Мен эмне болгон жанмын, өзү!»
**Сабактын максаты:**

Окуучуларга Ысмайылдын ыймандык кыйроосу, Сейденин нравалык жетилүүсүн ачып берүү аркылуу патриоттуулукка, ыймандуулукка, сабырдуулукка, намыс-ариеттүүлүккө, Атамекенди коргоого тарбиялоо. Согуштун кесепетин түшүндүрүү. Окуучулар бул сабакта аскер качкынынын кейиштүү тагдырын биргелешип иштөө

аркылуу маалымат алышат.

**Убактысы:** 45 мүнөт

**Каражаттар** (ресурстар): Окуу китептери, ар бир топко бирден ватман, 2 түстүү маркер, скотч, чыгарма боюнча тартылган сүрөттөр, бейджигинде (сот, актоочу, жоопко тартылуучу) деген жазуу ар бир окуучунун төшүнө тагылат ж.б.

**Иш кадамдары** (процедура):

1.Музжаргыч ойнотулат.

Мында окуучулар ортого чыгышат. Ойноп жаткандардын ар бири өз алдынча «вагондор» деп эсептелет. Алып баруучунун «Депо» деген сөзүнөн жана алакан чабуусунунан кийин «вагондор» поезд болуп топтолушат. Ар бир поезддин белгилүү сандагы вагондору болушу керек. Алардын саны алып баруучу канча жолу кол чапса, ошончо болот. Ошентип 6 поезд болгончо улантылат.

2. Окуучулар «Алтын эреже» кабыл алышат:

- бири-биринин көз карашын сыйлоо;
- далилдүү, аргументтүү сүйлөө;
- регламентти сактоо;
- ар бир ойдун баалуу экендигине ынануу ж.б.

3. Окуучуларга төмөндөгүдөй суроолор берилет:

«Качкын» деген кандай адам? Анын ички сезимдери, сапаттары кандай? Окуучулардын берген жоопторун мугалим кыскача доскадагы ватманга жазат.

4. Ар топ окуу китебиндеги повесттин 1-бөлүгүн тынымдарга бөлүп окушат.

5. Окуучулар доскадагы ватманга жазылган ойлор менен окуган бөлүктү анализдешет, салыштырышат да, өзүлөрүнүн чыгармачылыктарына жараша ватмандарга иште чыгышат.

6. Ар бир топ иштерин дубалга илишип, презентациялашат.

7. Окуучулар суроо беришет, талкуулашат.

## Ролдошкон оюн

1. Окуучуларга төмөндөгүдөй суроо берилет:

Согушка барбай, качып келген Ысмайылга кандай мамиледесиңер?

2.Соттор тобу өз суроолорун даярдашат;

3.Тартылуучулар тобу эл алдында өзүн актоо үчүн речин даярдашат.

4.Актоочулар тобу аргументүү далилдерди келтирип, жоопко тартылуучуларды актап, өз позициясын далилдеп, коргоого алышат.

5.Айыпталуучулар тобу аргументүү далилдерди келтирип, жоопко тартылуучулардын күнөөлөрүн, өз позициясын далилдеп, күнөөсүн моюнга алдырууга, коюуга, каралоого даярданышат. Убактысы: 5 мүнөт

6.Соттор кааналын ар бир бурчунан орун алышат. Ар бир сотко бирден актоочу, айыптоочу кошулушат. Сот, актоочу, айыптоочу, жоопко тартылуучу болгондо гана ишин баштайт.

7. а) Сот өзүнүн сөзүн баштайт.

б)жоопко тартылуучу ички психологиялык толгонууларын бушаймандыгын айтып берет.

в)актоочу өзүнүн коргоо ишин далилдейт, соттун суроосуна
жооп берет.

г)Айыптоочу аргументүү далилдерди келтирип, жоопко тартылуучулардын күнөөлөрүн, өз позициясын далилдеп, күнөөсүн моюнга алдырууга аракеттенет.

8. Сот бардыгын угуп чечим чыгарат. Соттор чечим чыгаргандан кийин гана соттор, актоочулар, жоопко тартылуучулар,айыптоочулар 4 топ болуп биригишип, ой пикирлерин, көзкараштарын, ойлорун биргелешип ой бөлүшүп далилдөөгө аракеттенишет. Ой жүгүртүү эркиндиги берилет. Ысмайылды соттоодо окуучулардын кимисинин адабий деңгээли дурус, адабий фактылары, далилдери көп болсо ошо гана жеңе тургандыгын мугалим сабактын башында эскертип коюш керек.

9. «Ысмайыл ким?» деген темада дилбаян жазууга үйгө тапшырма берилет.

### 6-класста «Моюнкум трагедиясын» («Кыямат» романынан үзүндү)окутуу

«Кыямат» романы залкар жазуучунун дүйнө элдерине кеңири белгилүү болгон чыгармасы. Ал эми 6-класста 2 саат көлөмдө окутулган «Моюнкум трагедиясы» ошол романдан алынган бир үзүм окуя. Чыңгыз Айтматовдун экологиялык проблемалар менен ыймандык проблемаларды айкалыштыруудагы аналитикалык, философиялык, сүрөткердик чабытынын кенендигин да ушул чыгармадан байкоого болот. Дагы бир баса белгилеп кетүүчү жагдай азыркы адам менен бүгүнкү көз караштын ортосундагы ажырымдын көрөгөчтүк менен көркөм талдоого алынышы. Гуманисттик идеялардын жогорку чекте көрсөтүү аркылуу жазуучу трагедиялуулукту чебер көрсөткөн.

Адам менен жаратылыштын тыгыз байланышта өмүр кечириши, адам баласынын баскынчылык иш аракети, жаратылышты бүлүндүрүү кадамдары да чыгарманы окутууда далилденүү керек. Албетте мугалимдин жардамы менен, окуучулардын ой чабытынын кенендиги аркылуу.

Жазуучу Моюнкумдагы бейпил турмушту, анын кышкы көрүнүшүн чебер сүрөттөө менен Акбара менен Ташчайнардын өздөрүнүн бөлтүрүктөрүнүн куугунга кандайча даярдап жаткандыгынан кабар берет. Карышкырлардын жашоосуна үңүлүп кирип, бөлтүрүктөрүнүн ар биринин атына, сырткы келбетине байкоо жүргүзүп, ар биринин өзгөчөлүгүн, адам пендесинен айырмаланып ар бирине ат кое албаса да, аларды кандайча ажыратары жөнүндө да кеп козгойт.

*«...Ар биринин кыял-жоругу бар. Ырас, кудай таала айбандарга буюрбаган соң, Акбара бөлтүрүктөрүнө бөлөк-бөлөк ат кое албады. Бирок адамга буюрбаган сезимдин күчү менен ар бирин жытынан, дагы башка белгилеринен*

*ажыратып, каалаганын кандайдыр бир ишарат же үн менен чакырып алчу. Учөөнүн ичиндегисинин ирдүүсү Ташчайнарды тартып, жайык маңдай, жар кабак чыкты, ошондуктан аны Чоңбаш деп ажыратат, Ортончусу да ирдүү, узун шыйрак, келечекте айдоочулардын алды болгудай, аны Желтаман деп ажыратат. Үчөөнүн бири ургаачы, анан калса куду Акбаранын өзүндөй болуп көк көз, жука чабысында алакандай агы бар, энесинин жакшы көргөн оюнкарагы, муну энеси сөзгө жетилбеген сезиминде Сүйгүнчүк дегендей болот. Эгер ат кое алса, мунусун Сүйүмкан деп эле коймок беле, ким билет. Бойго жетип, суйсалып чыга келгенде не бир дөбөттөрдү өлүм талаш алыштырып айыгыш чыгарар шойкон ушу болор...»* Тексттин мына ушул бөлүгүндө айбанаттардын жашоосунун адам жашоосу менен үндөштүгү да айтылгандай. Мектеп окуучусу муну билсе ашыктык кылбайт.

Чыгарма окуучуларды табиятка, анын байлыктарына аяр, этият мамиле кылууга чакырат. Маданияттуу, акылдуу жаратылыш байлыгына көз салуу, ага гумандуу мамиле кылуу ар бир адамдын ыйык милдети экендигин көркөм баяндаган.

«Моюнкум трагедиясын» окуучуларга толугу менен окутуу керек, анткени чыгарма байланыштуу текстен турат.

«Моюнкум трагедиясын» окутууда мугалим окуучулар менен биргеликте «Суроолуу кластер» түзүп, класста талкуулашат. Кластердин суроолору болжолдуу түрдө төмөндөгүдөй болот:

1. Акбаранын канча бөлтүрүгү болгон, аттары ким?
2. Биринчи жааган кар бөлтүрүктөргө кандай маанай тартуулады?
3. Бөрүлөргө чабуулга ким уруксат берет?
4. Эмне үчүн Акбара бийикке чыгып эки жагын карады?
5. Бул күркүрөгөн доошту Акбара менен Ташчайнар кайдан укту, аларды эмнеге окшотушту?
6. Бөрүлөрдүн бул көргөнү эмне болуучу?
7. Моюнкум талаасында эмне үчүн вертолеттор учуп

жүрүштү?

8.Эмнеге чөл жандыктарын атып жатышат?

9.Эмне үчүн Акбара ат коюга белги бербей турду?

10. Моюнкум трагедиясы кандай башталды?

11. Биринчи болуп кайсы баласынан айрылды?

12. Дүңгүрөгөн дүбүрттөн, автоматтардын дабышынан кулагы биротоло тунуп калган Акбарага бүтүн дүйнө кандай туюлду?

13. Эмне үчүн жазуучу Моюнкумдагы окуяны трагедия деп тандап алды?

Мына ушул сыяктуу суроолор системасынын түзүлүшү мугалимдин чыгармачылыгына, окуучулардын сабакка активдүү катышуусуна байланыштуу болот.

***Сабактын планынын модели***

**Колдонулган ыкма:** Топ менен иштөө

**Программанын бөлүмү:**Жаратылыш, жан-жаныбарлар жөнүндө.

**Сабактын темасы:** «Моюнкум трагедиясы»

**Сабактын максаты:**

Окуучулар экологияны, жаратылыш байлыктарын коргоонун жана сактоонун зарылдыгын түшүнүшөт, аны акыл-эстүү пайдалануунун манилүүлүгүн сезишет, өз ара жардамдашуу сезимдерине жана кызматташтык көндүмдөрүнө ээ болушат.

**Убактысы:** 45 мүнөт

**Каражаттар** (ресурстар): 6 топко 1ден ватман, 1 ден маркер 6 даана (же түстүү калемдер), ар бир топко бирден 6 карточка ж.б.

Ар бир топко төмөндөгүдөй мазмундагы карточкалар таратылат:

**№1-карточка**

Чыгармадагы экология проблемасы.

**№2-карточка**

Чыгармадагы ыймандуулук проблемасы.

**№3-карточка**

Жаратылыш байлыктарын сактоо проблемасы.

**№4-карточка**

Жаратылыш мыйзамдары. «Кызыл китеп».

**№5-карточка**

Адам жана жаратылыш.

**№6-карточка**

Азык-түлүк проблемасы.

**Иш кадамдары** (процедура):

**1-кадам:** Мугалим окуучуларга «**Кыямат** деген сөздү укканда өзүңөрдү кандай сезесиңер?» - деп кайрылат. Окуучулардын ой-пикирлерин мугалим доскага жазып турат. (Мүмкүн болушунча окуучулардын бардык ойлорун укканга аракет кылган жакшы). Бардык пикирлерди угуп мугалим «Кыямат» деген сөзгө түшүнүк берет.

**Кыямат** – диний түшүнүк менен алып караганда «Акыр замандын» башталышы. «Кыямат кайын» деп да аталып жүрөт. Адамдардын кайыр-садагы, ыйман кеткенде. Пейили бузулганда кыямат кайың башталат деген түшүнүк бар.

**2-кадам:** Класс 6 топко бөлүнүшөт да, ар бир топ бирден карточка тандап алат.

**3-кадам:** Ар бир топ карточкадагы проблема боюнча пикирлешип, аны сүрөт, схема, кара сөз, ыр ж.б. аркылуу мүнөздөшөт.

**4-кадам:** Ар бир топ өзүнүн ишин презентациялайт. Ар бир презентациядан кийин жалпы талкуу жүргүзүлөт.

**5-кадам:** Жалпы класстын талкуусунан кийин мугалим тарабынан «Акбаранын монологу» көркөм окулат.

**Акбаранын монологу**

«Ау-уу, Жараткан, адамдардын ыйык кудайы. Сен адамдарга ыйман, дилин таза тутсун деп абийир, жакшылыкты түшүнсүн, табигат тартуулаган быылдыр тилдүү баладай назик тазалыкты туюнсун деп аң-сезим,

ааламдын кыймылдаткыч күчү болсун деп акыл-эс бердиң.

Дүйнөнү түрдөнтүп, мээнет менен жашасын деп карылуу кол, күчтүү бут бердиң. Мүлдө жандууларга ыраа көрбөгөн касиеттердин баарын адамга ыйгардың. Кана, ошол таттуу үмүттөрүң? Акталдыбы? Адамдар аны кайрып бердиби? Жок! Сен берген кол-бутту алар (албетте, бардыгы эмес) жаратылышты бүлүндүрүп талкалоого, өрттөп жок кылууга жумшашты. Ыйманын жеп (албетте, аларга Авдий, Бостондор кошулбайт), абийирин кара курттай кемирүүдөн кайра тартпайт. Кишилер керт башынын кызыкчылыгы үчүн нерселерди жасашпады. Жараткан, акыл-эстин күчүн ядролук куралдарды ойлоп табууга, өркүндөтүүгө жумшап, мансап, байлык талашкан адам-кудайлардын мунасасы келишпегендигинин натыйжасында табигат тарып, жер куурулуп, жаратылыш жабыркоодо. Эй, Жараткан! Эгер сен адамдарды мал катары чөп менен оттоттурганыңда кишилердин ким экенин аңдап билмексин. Алар мал болуп калса, эртеңкиге деп, алдуусу чабалына карабай чөптүн тамырына чейин казып алып, кампасына катып коймок. Ошентип, касиеттүү Жер-Эненин жашыл баркыт чапанын сыйрып алып, кара кепин кийгендей кылмак. Оо, Жараткан, айтчы өзүң? Менин көзү ачыла элек бөлтүрүктөрүмдү жүрөгүмдү эңшерип, байкуш кылып, темселетип алып кеткен, көөдөнүмө уулуу шамшар малып кеткен адамдардан дагы нелерди күтөсүң, Жараткан! Сен айтпасаң, сен билбесен, менин тагдырыма кан жөткүрүп, бөкөндөр кырылган Моюнкум чөлү күбө. Ошол айтат. Акмак адам айынан ботосун аткан Бостонду бооруна тарткан Ысыккөл күбө. Ошол айтат. Бөлтүрүктөрүмдү алып качкан адам ажыдаарын куугандагы каргашалуу күн, чуулгандуу түн күбө. Ошолор айтат. Жымыңдашып карашып, жылуулугун тартып турган жыбыраган жылдыздар күбө. Алар асмандан жабалактап тиктеп турушкан. Кыз күлкүсүндөй шыңгырап аккан суулар, капсалаңдуу капчыгай, жалжылдай тиктеген ай күбө. Ошолор айтат. »

**6-кадам:** Төмөндөгүдөй дилбаяндар да окулат.

Акбаранын даттанган, жалбарган аянычтуу үнү жымжырттыкка чеккен теребелде жаңыртууда. А менин удургуган оюм жооп издеп туш-тушка чабыттайт.

-Акбара ким?

- Ал - жанып турган шамы өчүп балдарынан айрылып, карайлаган алсыз эне. Таттуу кыял делебесин күчөйт козгоп, алданат кургак үмүт, сезимдерге.

-Акбара ким?

- Ал - балдарынын келечегин ойлуу карай, наристелик лаззатка кумар канбай, ааламга бутак жайган чынар терек.

-А азырчы?

Айбаттанган ач буурадай, тунгуюктан фонар отун жаккандай, теше тиктеп бардыгын жанат карек. Карттанып, улам ырбап кайра тонгон, Акбаранын куш тилиндей жүрөгүндө. Кайгы муңдун океаны пайда болгон. Эстесе Моюнкумду, Ысыккөлдү, көзүнөн кан аралаш жашын төгөөр. Тал теректер калкылдап, көк асман да, тоолор да. Ошол жашка сорулуп аалам чегер.

**Талкуулоо үчүн суроолор** (дебрифинг):

1. Мергенчилик жаратылышка кандай таасир берет?
2. Эгерде сен экология министри болсоң Кыргызстанда кандай проблеманы өтө актуалдуу деп эсептээр элең? Эмне үчүн?
3. Кыяматты болтурбоого, адам баласы кандай иш чараларды көрүш керек?

**Улантуу:** Чыгармадагы проблемаларды ата-энелерине айтып, алардын экологияга көз карашын баамдап келүү. Жаратылышка байланыштуу, эл оозунда айтылып жүргөн ырым-жырымдарды жыйнап келип, класста талкуулоо.

## 7-класста «Эрте келген турналар» повестин окутуу

«Эрте келген турналар» повести биринчи жолу 1975-жылы «Новый мир» журналына басылып, 1979-жылы өзүнчө китепче болуп басмадан чыккан. Ошол жылдын акыркы айларынан баштап, белгилүү жазуучулар жана сынчылар В. Быков менен Степановдун, Мамладзе менен Оскоцскийдин бул повесть жөнүндөгү макалалары «Литературная газета», «Известия», «Комсомольская правда», «Литературная Россия» сыяктуу борбордук мезгилдүү басма сөздөргө биринин артынан бири жарыяланды. Кыргызстандын адабиятчылары менен сынчылары да ал жөнүндө өз пикирлерин айтышты.

1976-жылы «Эрте келген турналар» Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгына татыктуу болду. 1980-жылы бул чыгарма «Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт», «Ак кеме» повести менен бирге Италиянын Вольтера шаарынын «Энтрурия» адабий сыйлыгына татыктуу болгонун да окуучулардын эсине салып коюш керек.

Көрүнүктүү орус жазуучусу, мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Валентин Распутин: «Адамды жазуучу кылган анын балалык чагы», - деп бекеринен айтпаса керек. Чыгарма жанрдык жактан повестке жатат.

«Эрте келген турналар» повести 7-класста окутулуп, ага 6 саат убакыт ажыратылган. Бул чектелген сабактар белгилүү даражада повестти өздөштүрүүдө муталим менен окуучунун ортосундагы байланышты бекемдөөдө, чыгарманын идеялык-тематикалык негизине сүңгүп кирүүдө, чыгарманын нравалык-эстетикалык таасир этүү күчүн сезүүдө, автордун чеберчилигинин айрым учурларын андаштырып көрүүдө жана окуучулардын идеялык-турмуштук, рухий таанып-билүүсүн өстүрүүдө жеткиликтүү экендигин практика ырастап келүүдө.

Повестти окуучуларга үйрөтүүдөгү адабият мугалиминин негизги максаты Ата Мекендик согуш

учурундагы элет балдарынын түйшүгүн жана эрдигин даңазалоо. Султанмурат - балалык тазалыкты, ак ниеттүүлүктү, аруулукту, идеалга берилгендикти, эмгекчилдикти жана чынчылдыкты алып жүргөн каарман экендигин жеткирүү. Башкарма Тыналиевдин атуулдук-ыймандык үлгүсүн ачып берүү. Чыгармадагы символдук образдарды алып чыгуу. Сүйүү темасын көтөрүү. Аксайдагы кош айдоо, Султанмурат жана качкындар жөнүндөгү окуялардын биримдигин талдоо. Финалдагы кармаш, анын этикалык маани-маңызы жөнүндө кеп козгоо. Элдик таалим-тарбия салттарын чагылдыруу жана алардын функциясы. Чыгарманын көркөмдүк жүзүн көрсөтүү. Мына ушундай чоң максатты көздөгөн, жазуучунун шедевр чыгармаларынын бири болуп саналган «Эрте келген турналар» повестин чыгармачылык менен окутуу да мугалимдин келечек муундар үчүн бир парзы.

Повесть Улуу Ата Мекендик согуш темасындагы тылдагы окуяны сүрөттөйт. Чыңгыз Айтматов өз көзү менен көргөн окуяларды чыгармасына материал кылып алып, согуш жөнүндө көп чыгармаларды жаратты. Нечен деген курмандык менен келген жеңишти жакындатуудагы балдар дынчене мсизэрдигине таазим кылынат. Ошол шумдуктуу күндөрдөгү балдардын тылдагы залкар эмгегин жазуучу «Манас атанын ак кар - көк музу» деген макаласында да ташка тамга баскандай көрсөткөн. Согуш жаңы башталганда Айтматов 13кө чыгып-чыкпаган бала болгон. Эр бүлөнүн баары тээ кан майданда, казатта от кечип,ажал менен алышып жүргөндө 14-15, жаш курагында айыл кеңешинин катчылыгына көтөрүлүп, жергиликтүү өкмөттүн башкаруучуларынын бири болуп калган. Мына ушул капсаландуу күндөрдөгү жаш балдардын зор эмгеги жөнүндө жазуучу жогорудагы макаласында бөтөнчө бир эргүү менен, бөтөнчө бир сезим менен жазыптыр. Көрсө, «Эрте келген турналардагы» Султанмурат, Анатайлар жазуучунун классташтары турбайбы. Бирок адабиятчы Асаналиев айткандай,

«турмуштун өзүндөгүдөй күндөлүк чындыкка түспөлдөштүрүп, сүрөттөө жетишсиз». Маселен, жогорку макаладагы окуя бар болгону турмуштун фотографиясы гана. Ошол ачуу турмуш чындыгы жазуучунун жанын жай таптырбай улам бир чыгармадан экинчи чыгармага өтүп, дагы эле «баягы темага» кайрылууга аргасыз кылып отурат,

Чыгарма үч эпиграф менен башталат. Көпчүлүк мугалимдер берилген эпиграфка анча көңүл бөлбөй келишет. Чыгарманы өтөрдүн алдында эпиграфка түшүндүрмө беришибиз абзел. Анткени эпиграфтар чыгармада белгилүү деңгээлде көркөмдүк роль ойноп турат. Тагыраак айтканда, повесттин мазмуну жана идеялык-эстетикалык пафосу менен шайкеш келет. Эпиграф жөнүндө К. Асаналиев: «Чыңгыз Айтматов мурда чыгармаларына эпиграф берчү эмес эле, «Эрте келген турналарга» үч эпиграф берген экен: кыргыз лирикасынан, «Иова» китебинен, байыркы индус эпосунан. Эпиграф анчейин берилбеси белгилүү. Анын үстүнө жазуучу эпиграфты байыркы поэтикалык казынадан алып жатат. Башкача айтканда, байыркы акылман саптар жана Улуу Ата Мекендик согуш учурундагы турмуш. Аралыктагы мезгилдик дистанция. Ошого карабастан эзелки философия менен биздин күндөрдүн ортосундагы тикеден-тике байланыш. Анткени автор согуш күндөрүн баяндап гана чектелбейт, адам тагдырына байланыштуу философиялык, нравалык проблеманы изилдейт. Жазуучунун изилдөө кароолунда - адамдын өмүр тагдыры. Ал өмүр тагдыр жаңы гана башталган. Ошентип, повесттеги арноо менен эпиграфка адабиятчылар чоң маани бергенин байкоо кыйын эмес».

7-класстын окуучулары эпиграф жөнүндө маалыматы барбы же жокпу, жазуучу кандай максатта **эпиграфты** пайдаланат? Качан пайдаланат? ж.б. суроолорду мугалим күн мурунтан чечип алуусу кажет. Анткени жазуучу эпиграфтарды сөөлөт үчүн жазып жаткан жок. Себеби повесттин бүт духуна, тулку боюна, идеялык эстетикалык маанисине ал эпиграф шайма-шай, шайкеш келип турат.

1. «Аксай менен Көксайым жер соорусу турбайбы» - дегенинен эмнени түшүнөсүңөр?
2. Чыгармада Аксай десанттагылары айылга жакынбы?
3. Аларга айылдагылар тез-тез катай турган мүмкүндүк барбы?
4. Муну менен автор эмнени көрсөткүсү келген?

Иовго келип чабарман:
Кабар салды:
Тукумуңду кылычтап,
Кырып салды.

1. Ушуга шайкеш келген окуя чыгармада барбы?
2. Ким кол салгандыгы жөнүндө кимге кабар келет?
3. Кимди ким кырмак болуп жатат? - деген суроолорго жооп алынат.

Үчүнчү эпиграфта:

Кошчулар удаа-удаа жер аңтарып,
Дыйкандар удаа-удаа үрөн септи.
Көк теңир үстү-үстүнө жамгыр төктү...
Адамдар үмүт менен жер оодарат,
Адамдар үмүт менен үрөөн себет,
Адамдар үмүт менен деңиз чалат...

***(Байыркы Индостан адабиятынан).***

Чыгармада ушул эпиграфтын маанисине окшогон окуялардын бардыгы Аксай десанты болгон кошчулардын жер оодарганы, дыйкандардын үрөөн сепмек болгону, жамгырдын үстү-үстүнө төгүп жаткандай, кардын лапылдатышы чыгармада кездешерин, али сөөгү ката элек жаш балдар «согуш качан бүтөт» же «атамдан айрылдым!» деп мүңкүрөп калбастан, жакшылыктан үмүт үзбөй, тээ Батышта согуш оту алоолонуп жатса, Аксайда үмүт менен жер оодарып, аталардын ишин улантып, Тыналиев башкарма айткандай «Дыйкан тобокел кылат, бирок жерге дайым үмүттүү карашат.»

Ошентип, бул эпиграфтан окуучулар менен бирдикте суроо-жооп аркылуу бир жерде адам кыргынга учурап жатса, экинчи бир жерде турмуш, өмүр уланып жатканын

аныктайбыз. Бул чыгарма согуштун катаал мезгилинде өспүрүмдөрдүн шартка ылайык өз мөөнөтүнөн эрте жетилип, чоң турмушка эрте аралашканын баяндаган мыкты реалисттик чыгарма экендигин далилдеп берүү адабиятчы мугалимдин эң башкы вазийпасы.

Повесттин катышуучу каармандарынын образдарын талдоого даярдык үчүн окуучуларга төмөндөгүдөй жумуштар тапшырылат.

1. Повесттин башынан этегине чейин катышкан каармандардын аттарын терип жазуу;
2. Повестте силердин оюңарча кайсы каарман зор жүк көтөрүп турат;
3. Айрым гана эпизоддорго катышкан каармандар кимдер? Эпикалык чыгармалардагы каармандардын мүнөзүн ачууда автордун ролу чоң, себеби автордук баяндоо, сүрөттөө, мүнөздөөлөр ошол каарманга мүнөздөмө берүүдө белгилүү өлчөмдө жардамга келет.

Повесттин башкы каарманы - Султанмурат. Султанмураттын башкы сапаты - эр жүрөктүүлүгү, чынчылдыгы, таза адамгерчилиги. Муну далилдөө үчүн окуучулар менен мугалим төмөндөгүдөй иш милдеттерди аткарат.

1.Тексттен Султанмурат катышкан эпизоддорду таап окуп, диалог, монологдорду көчүрүп алып, алардын негизинде Султанмуратка мүнөздөмө түзгүлө.

2.Чыгармада Султанмураттын досу Анатайга мүнөздүү сапаттарды таап, аны Султанмуратка тиешелүү сапаттар менен салыштыруу. Алардагы окшоштук жана айырмачылык белгилерди терип жазгыла, экөөнүн түшүнүктөрүндөгү айырмачылыктардын себептерин түшүнүүгө аракеттенгиле.

3.Султанмураттын образын жазуучунун көркөм ойлоосунун натыйжасы экендигин түшүндүрүү.

4.Султанмураттын образын толуктап, көркүнө чыгарып турган каармандар жөнүндө аңгеме даярдоо.

5.Султанмураттын ууз, тунук, таза махабатынын

ойгонушу, анын жолдошторунун кабыл алышы.

6.Султанмураттын образынын тарбиялык таасири жөнүндө.

Чыгармадагы бүткүл окуя башкы каарман Султанмураттын башынан өткөргөндөрдү, аны кайрадан элестетүүсү, таттуу үмүт кыялдары аркылуу берилет. Жазуучу Султанмураттын балалык кезин, биринчи жолу шаарга барганын, айылдын сулуу бийкечи Мырзагүл, «кыйыны» Анатай менен болгон мамилелерин сүрөттөйт. Жазуучу Султанмураттын балалык таза сезимин, чынчылдыгын, керек болгон учурда «өзүнүкүн» коргой билген шарттарда эле көрсөтөт. Бийкеч Мырзагүлгө, же карөзгөй Анатайга болгон Султанмураттын мамилеси, бул али эч нерсе менен «булгана элек», «бузула элек», табийгий таза сезими, ал сезим дагы далай турмуштук сыноолордон өтмөк. Али сыноолор али алдыда. Повесттин идеялык-көркөмдүк түп максаты дал ошол турмуштук сыноону көрсөтүүгө багытталган.

Ошондуктан автор «ошол күндөр жакындап келатты» деген поэтикалык кайталоого өтө зарыл маани берет. Анатайдын «кылыктары» анчейин гана баланын оюну экенин, турмушта андан ачуу, андан каардуу кездешүүлөр болорун Султанмурат кийинчерээк «ошол күндөр» келип жеткенде гана түшүндү. Көрсө, Анатай кас эмес эле дос экен. Болгондо да алардын достугу ортоктош бирдей тагдыр менен байланган. Накта кастыктын, кара ниеттиктин түспөлү да, маңызы да башка болот турбайбы. Султанмурат дал ушуну биринчи тааныды, дал ушуну билди. Турмуштагы зомбулук, кара ниеттик менен болгон Султанмураттын ушул биринчи кездешүүсүн Ч. Айтматов психологиялык жагынан да, көркөмдүк жагынан да өтө кылдаттык менен «даярдайт».

Ч. Айтматов бизге өтө эле тааныш, өтө эле жакын турмуш жөнүндө Улуу Атамекендик согуш мезгилинде Аксай талаасындагы болгон окуяны философиялык-нравалык аспектиде чечмелеп берди. Элдин башына оор

кыямат түшкөндө ар бир адамдын, ал турмак турмушту жаңыдан тааный баштаган Султанмураттардын тагдырына да не бир күтүлбөгөн оор сыноолор туш келди. Ошондой оор кыяматка жаш өспүрүм каршы бара алабы, туруштук бере алабы - «Эрте келген турналар» повести ушу жөнүндө баяндады. Жазуучу турмуштун бүткүл карама-каршылыктарын көрүнбөгөн татаал байланыштарын баланын, жаш өспүрүмдүн кабылдоосу, туюнуусу, түшүнүп билүүсү аркылуу өлчөмгө алат, баалайт. Маселен, «Жамийладагы» Сейитти, «Ботокөз булактагы» Кемелди эске алсак, бул көркөм эволюциясынын «Ак кемедеги» Баланын, «Эрте келген турналардагы» Султанмураттын, «Дениз бойлой жорткон ала дөбөттөгү» Кирисктин образдарына келип жетүүсү өзүнчө бир көркөм мыйзам ченемди түзөт.

Ч. Айтматовдун «балдарына» байланыштуу бир түйүндүү маселеге токтоло кетүү зарыл. «Ак кемедеги» Бала зордукка, зомбулукка чыдабай, Мүйүздүү Бугу энесин өлгөнүн көрүп, Буга чыдабай, Орозкулдар менен бирге жашаганча «балык болуп сүзүп кетем» деп сууга кирип кетет. Султанмурат согушка кеткен атасынан калган Чабдардан ажырайт. Чабдар менен анын эң сонун кыял-үмүтү байланыштуу болчу. Айтор жазуучунун «балдарга» негизделген повесттери көбүнчө трагедиялык добуш менен аяктайт.

Чыгарманы окуу 2-3, кала берсе 4-саатта да улантылат. Албетте, ар кандай чыгарманы окуунун алдында кандайдыр бир максат болгондо гана комментарийлүү окуу оңунан чыгарып эстен чыгарууга жарабайт. Повесттин текстинде жаш каармандардын сырткы кебетелерине, ички дүйнөсүнө да көңүл бөлгөн учурлары көп кездешет. Маселен, десантчылар Аксайга кетер алдында башкарма ооруп жаткан Султанмураттын апасынын алын сураганы, десант командиринин иштерин билгени Бекбайдыкына барат. «Бул балдарды ай талаага айдап курутасынар го, жибербейм уулумду. Мен төшөктө жатсам, калган балдар

чиедей жаш болсо, атасынан кат-кабар болбосо, тамызгыга отун, уй жалмар чөп жок болсо, бу кеткенден кийин биздин көрөн күнүбүз эмне болот, жок айланайын уулумду жибербейм» - деп туталанат Султанмураттын апасы. Бул сөз бардык энелердин атынан айтылып жаткандай, Эми Тыналиевде эч кандай арга калбай калды, баштаган ишинен баш тартпагай эле деген ойго келесиң. Бирок башкарманын апаларга айткан акылдуу сөздөрү аларды муюгат.

Повестти окутууда жогорудагы маселелерге көңүл буруу шарт. Али айтылбаганы канча. Бар болгону айрым өзгөчөлүктөргө гана токтолдук. Төмөндө сабактын иштелмесин сунуш кылабыз. Султанмураттын образын окутууга токтолгон учурлар көп кездешет.

### *Сабактын планынын модели*

**Колдонулган ыкма:** «Сезимдер таблицасы»

**ПрограмманАын бөлүмү:** Улуу тамекендик согуш темасынан

**Сабактын темасы:** «Эрте келген турналар»

**Сабактын максаты:** Согуш мезгилиндеги элдин оор турмушу, зар какшап жакындарынан айрылган, каңырыкты түтөткөн сезимдерин талдоо, анализдөө аркылуу боорукерлик, гумандуулук сезимдерин өөрчүтүү. Чыгармадагы башкы карман Султанмураттын образы аркылуу, чыдамкайлыкка, эмгекчилдикке тарбиялоо. Султанмурат менен Мырзагүлдүн сүйүүсүнүн тунуктугун талдоо.

**Убакыт:** 45 мүнөт

**Каражаттар** (ресурстар): 4 топко 1 ден ватман, 1 ден түстүү маркер, скотч, чыгарма боюнча тартылган сүрөттөр ж.б.

**Иш кадамдары** (процедура):

1Окуучулар 1, 2,3,4 деп саноо менен төрт топко бөлүнүшөт. Каражаттарды алышат. «Эрте келген турналар»

повесттин мазмуну боюнча, Султанмураттын образы, Мырзагүлгө болгон сүйүүсү боюнча жекече «Сезимдер» таблицасын толтурушат:

| Султанмурат менен Мырзагүл, алардын айланасындагы адамдар жөнүндө пикириң | Алар эмне кылат? | Султанмураттын тилеги, үмүтү | Каармандардын ички сезимдери, Султанмуратка карата кандай сезимдер пайда болду? |
|---|---|---|---|
| | | | |

2.Жекече жазган ойлорун топтору менен талкуулашат.

3.Топ биргелешип 1 таблицаны толтурушуп, ватманга жазып, дубалга илишет.

4.Жалпы класска презентациялашат.

5.Жалпы класс талкуулашат, кошумчалашат, ой бөлүшөт.

6. Ар бир топ 1 ден ватман, 1 ден маркер алышат.

7. 1-топ: «Султанмураттын сапаттары», 2-топ: «Султанмурат менен Мырзагүлдүн сүйүүсү», 3-топ: «Чыгармага азыркы коомдун көз карашы», 4-топ: «Чыгармага карата келечектеги коомдун көз карашы» - деген темаларды талкуулашып ватманга идеяларын чагылдырышат.

8.Ар бир топтон 1 ден окуучуну журналисттин ролун аткаруу үчүн тандашат. Ал эми 2-3-4-топтордон да бирден өкүл дайындашып, алар «Убакыттын орундуктарына» отурушат (үч орундук биринин артына бири коюлат: өткөн мезгил, азыркы учур, болочок).

9. Журналист 2-топтун өкүлүнө суроо берет: Султанмурат Мырзагүлгө согуштан кийин, тынчтык орногондо жеттиби?

Султанмураттын атасы согуштан кайтып келдиби?

3-топтун өкүлүнө: Азыркы мезгилде мектеп окуучулары Аксай десанттарында күч жумшай алышабы? Азыркы мезгилдеги сүйүү кандай сүйүү?

4-топтун өкүлүнө: Келечекте Султанмураттын образы жаш өспүрүмдөргө таасирин тийгизе алабы? Султанмураттай эр жүрөк, мээнеткеч адамдар көп эле кездешеби?

**Варианты:** Процедуранын 1-кадамындагы таблицаны толтурбастан, повесттин мазмунун, Султанмураттын, Мырзагүлдүн сезимдерин талкуулашып, фактылар менен толукташса да болот. Ар бир топ төрт теманы тең талкуулап жана аны ватмангачагылдырышса да болот.

**Талкуулоо үчүн суроолор** (дебрифинг):

1. Жазуучу чыгарманын эмне үчүн аягына чыккан эмес?
2. Султанмураттын Мырзагүлгө болгон сүйүүсү чыгарманын кайсы жеринде даана берилген?
3. Эмне үчүн чыгарманын аталышы «Эрте келген турналар»?
4. Анатай менен Султанмураттын мамилесине кандай көз караштасыңар?
5. Мырзагүлдүн сайган жүзаарчысында кандай керемет күч бар деп ойлойсуңар?

## 9-класста «Саманчынын жолу» повестин окутуу

Ч. Айтматов тынымсыз өсүп изденип турган жазуучу. Улам бир жаңы чыгармасында мурунтан бизге белгисиз болуп келген чыгармачылыгынын жаңы жактары ачылып жаткандыгын көрөбүз.

Согуш мезгилиндеги эл турмушу жазуучунун чыгармаларында борбордук теманы түздү деп айтсак болот…

Бул айтканыбызга жазуучунун «Саманчынын жолу» аттуу повести ачык мисал боло алат. Айтматовдун бул чыгармасы адаттагыдай эле окуучулардын арасында кеңири резонанс туудурду. Окуучуларга белгилүү сынчыларыбыздын бири С. Жигитов «Саманчынын жолу – адамзаттын жолу» аттуу публицистикалык мүнөздөгү макаласын жазып чыкты. Сынчы макаласында повестте көрсөтүлгөн тынчтык проблемасынын актуалдуулугун бүткүл адамзатка тиешелүү экендигин көргөзүп,анын жогорку идеялык жана көркөмдүк деңгээлде чечилишин белгилейт.

А. Богдановдун «Правда материнская, правда народная» аттуу макаласы сынчылардын арасында талаш-тартыш пикирлерди жаратты. Ал макаласынын башында повестте жалпы адамзатка бирдей тиешелүү маселелер коюлгандыгын, Толгонайдын образынын типтүү деңгээлге көтөрүлгөндүгүн көрсөтөт.

«Саманчынын жолу» повести орто мектептин 9-классында 5 саат көлөмдө окутулат. Ч. Айтматов мурдагы кээ бир чыгармаларындагыдай эле бул повестинде да согуш темасына кайрылган, бирок бул жолу согуш каарын элге алып келген кайгыны башкача планда көрсөтүүнү чечкен. Бул максатта ал көркөм шарттуулук ыкмасын тандап алган. Адам Жер Эне менен сүйлөшөт.

Адегенде адаттагыдан тышкары көрүнгөнсүгөн бул ыкма көркөм чыгармачылыктын тажрыйбасында таптакыр

жаңы нерсе эмес. Адамдардын жер-суу, тоо-таш, ай-күн, жылдыздар сыяктуу жаратылыш кубулуштарына кайрылып алар менен белгилүү бир учурдагы ички сезимдерин, көңүл туйгуларын тең бөлүшүү, сырдашуу сыяктуу көрүнүштөр эзелтен бери эле бар. Буга элдик оозеки чыгармачылык жана дүйнөлүк адабияттардын тажрыйбасынан көп эле мисалдарды келтирүүгө болот.

Повесттин башкы каарманы Толгонайдын образынын ачылышында Жер Эненин образынын тандалып алынышы кокусунан эмес Жердин образы жалпылагыч күчкө ээ. Ал нечен миңдеген кылымдарды башынан өткөрүп келет, нечен кылымдардан бери адам баласын жан сактатып келет.

Адам баласынын турмушундагы болуп өтүп турган ар кандай окуялардын, учурлардын баардыгына тең күбө. Ошондуктан мында Жер ыйык, Жер улуу деген идея жатат.

Жер адам баласынын жакшылыгын да, жаманчылыгын да көп көрдү. Ошондуктан Толгонай адам турмушундагы өзүн толкунданткан учурлар, нерселер тууралуу Жерге кайрылып, Жерге акыл салат, ал эми Жер да Толгонайдын кайгы-кубанычын, илгери үмүт, ак тилегин тең бөлүшүп ал тургай анын бала күнүнөн берки өмүрү менен жакшы тааныш.

Повестте кээде Жер бардык нерсени көрүп-билип, бүткүл сөөлөтү, алп денеси, планетардык масштабдуулугу менен көрүнүп чыга келет. Ал Толгонай менен сүйлөшкөн учурларында, ага берген жоопторунда өзүнүн улуулугуна, касиеттүүлүгүнө тете келген улуу сөздөр менен сүйлөйт. Өзүнүн атынан жамаат, адам баласына кайрылып: «Ээй, адамдар, дүйнөнүн төрт бурчунда жашаган адамдар, силерге эмне керек – Жерби? Мына мен - Жермин, мен бардык адам баласына теңмин, мага талашыңардын кереги жок, мага ынтымак керек! Эмгек керек! Айдоого бир дан таштасаңар, жүздөн кылып берем, чырпык сайсаңар чынар кылып берем, бак тиксеңер мөмө төгүп берем, там тургузсаңар дубал болуп берем, урук-тукумуңар көбөйсө, баарыңарга жай болуп берем. Мен түгөнбөйм, таарынбаймын, мен кенчмин, мен

баарыңарга тегиз жетем» дейт. Келтирилген текстте Жер адам баласынын тагдыры жөнүндө ойлонто турган сөздөрдү сүйлөйт. Ал сөздөр жер жүзүндөгү адамдарга тиешелүү проблемаларды сыйдырып жалпылагыч деңгээлге көтөрүлгөн. Ушундай эле жалпылуулук Толгонайдын образына да мүнөздүү. Мына ушул эки образды окуучуларга жеткирүү, тааныштыруу мугалимдин негизги иилдеттеринин бири.

«Саманчынын жолундагы» Алимандын трагедиясы адамдык сапаттын эң жогорку бийик касиети менен Данияр белгилегендей «Түрү курган согуштун» апаатынын бетме-бет чыгып айыгышкан турмуштук тайиашынан жаралган. Анан … Алиман да Сейде менен Жамийладай улуу максат коюп жараткандан тилебеди беле.

«Алиманды Касым Кайыңдыда трактор айдап жүргөндө көрүп калып ошол жактан алып келген. Ал өңдүү-түстүү, бели буралган жаш кыз эле, адегенде эле ага энесинин ичи жылып, өз баласындай көрүп калды.

Алиман келин болуп келген жыл – унутулгус жыл, эстен кеткис жай болду. Ошол жылы эгиндер эң эле эрте бышпадыбы. Сайдагы чоң суудагы жылдагыдан эрте кирди.» Мына ушул сыяктуу окуялар Алимандын жашоосун сүрөттөйт.

Алимандын боорукердик, адамгерчилик жактан Жамийлага караганда алда канча бийик сапатка ээ деп айтсак болот. Ошол бийиктик аны ошол трагедияга дуушар кылды. Болбосо күйөөсүнөн жапкаш калган, өңдүү-түстүү «гүл сүйгөн келин» эмес беле, бирөөнүн колун кармап, турмуш улантса болот эле да. Алиман анте албады. Биринчиден, бир үйдө коколой жалгыз баш калып, күйүт менен түйшүктөн улам саамайынан тарта чачын бубак аралап, эрте улгая баштаган Толгонайды кыя алган жок: «Ыйлабачы энекебай, сени таштап деле кете албайт экем. Чыдабадым ичим түтпөдү» - деп кайра келбедиби Алиман. Оо. бул бийиктик эмей эмне? Экинчиден, Садык Даниярга тенеле албаган сыяктуу Алиман үчүн «төмөнкү айылдык бир чабан» сыяктуулар да Касымды алмаштыра алат беле! Бирок

Алиман айып иш кылып койду, буга ким күнөөлүү? Мына ушул суроонун тегерегинде окуучулар менен талкуу уюштуруп, чыгарманын текстинен каармандардын кептерин таап окутуу керек. Мына ошол кеп аркылуу бул суроолорго жооп табууга болот.

Алиман: «Энекебай... уулуңдун алдында мен акмын, акмын, күнөөм жок. Касымдын көзү тирүү турганда, мен ушинтмек белем... А-а-а, Касым ай... Мен дагы тирүү жан эмесминби, аялмын да, аялмын... Бул дүйнөнүн кызыгын көрбөй кеттим, кантейин, кантейин!».

Толгонай: «Сен аксың, сенде эч кандай күнөө жок, сен эң таза аялсың».

Демек, Алимандын тарткан азабына өмүр трагедиясына бир гана согуш күнөөлүү. Бирок Алиман улуу трагедиянын уусу менен кошо артына улуу из калтырып кетти. Чоң дыйкандын ишин уланткан мураскорду адамзаттын улуу жолун узарткан түбөлүктүүлүктүн идеалын - Жанболотту таап берип кетти. Бул анын адамдык бийиктигинин дагы бир көрүнүшү болуп саналат.

Жанболот Касымдан туулбаса да, Толгонайдын түйшүктүү тарбиясында куду эле Касымдай жигердүү дыйкан болуп чоңойду. Ал «Касымдын колунун жытындай комбайнчынын кара май колу жыттанган нанды» дасторконго коюп, «ал эне» дегенде: «Нан өлбөйт экен го! Турмуш өлбөйт экен го, эмгек өлбөйт экен го!» - деп, Толгонайдын дене тулкусундагы трагедиянын уулары кубулуп түшүп, жан-дүйнөсү арууланып, ачылгандай болду. «Саманчынын жолу» повести ошондой турмуштук-философиялык ой менен жыйынтыкталат.

Повестти окутуудагы мугалимдин максаты согуш жана инсан темасын глобалдуу масштабда чечмелеп берүү, Жер Эне менен Толгонайдын диалогу бүтүндөй чыгарманын көркөм структурасы экендиги, диалогдук форманын эффективдүүлүгүн белгилөө, трагедиялуулук жөнүндө кеп козгоо. Адамдын бийик гуманизмин, кеңилбестигин, майтарылбас эркти, улуулукту, айкөлдүктү даңазалоо. Бир

үй-бүлөнүн тагдыры аркылуу согуш трагедиясын чагылдыруу. Толгонай эне – эмоционалдуу, реалдуу образ, типтүү каарман экендигин ачып көрсөтүү. Жоокер уулдардын образынын ачылышы. Тыл менен майдандын байланышынын сүрөттөлүшү. Чыгарманы окутууда мына ушундай максаттар коюлат.

***Сабактын планынын модели***

**Сабактын темасы:**

«Толгонай – жалпы адамзаттын энеси»

**Сабактын максаты:**

Толгонайдын реалдуу образ, типтүү каарман экендигине ынандыра алууга. Толгонайдын кайраттуулугун баалай билүүгө, турмуш сыноосуна туруштук берген өжөрлүгүн баалаганга үйрөтүү. Чыгарманы окутууда, концептуалдык суроолорду берүү аркылуу окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсүн өстүрүү. Бирин-бири сыйлоого, бирөөнүн пикирин баалоого үйрөтүү.

**Сабактын убактысы:** 45 мүнөт

**Сабактын жабдылышы:**

Магнитофон, чыгармага тартылган сүрөттөр, учкул сөздөр, макалдар (эне жөнүндө), «Саманчынын жолу» повестинин тексти.

**Сабактын жүрүшү:**

Сабак башталардын алдында магнитофондон төмөндөгү ыр уктурулуп турат:

**Эне жөнүндө баллада**

***Сөзү С. Өмүрбаевдики,***
***обону А. Атабаевдики***

Тамчыдай денедеги сүтүң менен,
Талпынтып ак бешикке баккан энем.
Нуруңа, мээримиңе магдыраткан,
Маңдайда менин батпас күнүм белен.
**Кайырма:**

Асыл энем, таалайым энем
Жыргалым сен, бакытым сен
Сүйүктүү менин энем.

Түбөлүк түн күзөткөн канаттуудай,
Уйкудан чолпон көзүн ачкан энем.
Алдыңа ажал келип турса дагы,
Мен үчүн жанды курман кылат элең.
**Кайырма:**
Асыл энем, таалайым энем
Жыргалым сен, бакытым сен
Сүйүктүү менин энем.

Шаңданган шоола болдуң бул жүзүмө,
Асманда ай нурундай асыл энем.
Көзүмдүн карегиндей көп аягам,
Алтындай эмгегиңди неге теңейм.
**Кайырма:**
Асыл энем, таалайым энем
Жыргалым сен, бакытым сен
Сүйүктүү менин энем.

Ыр уктурулуп бүткөндөн кийин мугалим ватманга «Менин энем...» деген сөздү жазат. Окуучулардын пикирлерин сурайт. Ар бир окуучу өз энеси жөнүндө эң кымбат, баалуу ойлорду айтышат. Мугалим ар бир айтылган ойду ватманга жазып барат.
Мисалы:

**1-окуучу:** Энем – ырыс кешигим.

**2-окуучу:** Эне мээрими эч нерсеге тең келгис.

**3-окуучу:** Апамдын акылына, сулуулугуна ар дайым таазим этем.

**4-окуучу:** Апам мен үчүн ар дайым кам көрөт.

**5-окуучу:** Апабыздын ар бир тал ак чачы, жүзүндөгү ар бир тырышы биз үчүн пайда болгон.

**6-окуучу:** Мен апамдан турмуштун таттуу күндөрүн кантип өткөрүүнү үйрөндүм. ж. у. с. ойлорду айтышат. Мына

ушул ойлор талкуулангандан кийин окуучулар үч топко бөлүнүшөт. Мугалим аларга тапшырманын шартын түшүндүрөт.

**1-топ.** Толгонайга тиешелүү сапаттарды жазышат.

***Мисалы:***

- кайраттуу;
- эмгекчил;
- боорукер;
- айкөл;
- кечиримдүү;
- өжөр;
- демилгечи;
- кыялкеч ж.б.

**2-топ.** Толгонайдын портретин түзүшөт. Сүрөтүн кошо тартышат.

***Мисалы:***

«Узун бойлуу, толмоч, кайраттуу, келбеттүү, сулуу жүзүнөн нур тамган, токтоо, келечекке үмүттүү караган, шайдоот, ак шайы жоолук салынган жылдыздуу эне».

**3-топ.** Толгонайдын сапаттарын чыгармадан таап, көркөм окуп беришет. Мисалы, «кайраттуу» деген сапаты.

* Ошол күндөн тартып, башкармабыз Үсөнбай айткандай, белди бек бууп атка миндим… (281-бет);

* … Толгонай жеңе кантсеңиз да белиңизди бек бууп… (280-бет).

* … Мөгдөп башымды өйдө көтөрүп карасам, короодо жарданган эл туруптур… (311-бет).

**«Эмгекчилдиги» жөнүндө.**

- … Жаңы заманда Субанкул экөөбүз эмгегибиз менен жетилдик. Билесиң го, жаз-күз дебей кетмен колдон түшчү эмес. Мээнетибиз кайтты, үйлүү-жайлуу болдук, мал күттүк… (260-бет).
- … Шаңгыраган оруктор, шуудурап жыгылган буудайлар, жагымдуу үн алышып, арыр жакта… (266-бет).
-

**«Айкөлдүгү» жөнүндө.**

- «Жанболотту эчкинин сүтү менен багып чоңойтподумбу. Ал экөөбүз көрбөгөн азаптын бири да калган жок»... (340-бет).
- «... Көңүлүмдө мен аны күнөөлөгөн да жокмун. Бардыгын өз көзүм менен көрүп, билип жүрбөдүмбү. Алимандыкы күнөө болсо, ал менин да күнөөм, бала төрөсө, ал менин да балам, уят-сыйытын, жаман-жакшы кордугун бардыгын тең тартам деп өзүмчө биротоло чечип алгам» (330-бет).

**«Кечиримдүүлүгү» жөнүндө.**

- «Эмне эле мени ээрчип, аңдып калгансың. Эмнең бар менде. Мени жайыма койсоңчу. Өлөт дейсиңби, өлбөйм! – деп эшикти тарс коюп, чыгып кетти. Томсоруп отуруп калдым. Сөзү катуу тийди, катуу таарындым...» (335-бет).

Мугалим окуучуларга «Толгонай кандай эне экен?» деген суроо менен кайрылат. Толгонай өз балдары үчүн эле эне эмес, жалпы адамзаттын энеси экендигин окуучулар менен биргеликте талкуулашат.

Сабакта эне жөнүндө жазылган макалдар талкууланат.

Сабак Салима Балтаеванын эне жөнүндөгү ыры менен жыйынтыкталат. Сабактын акырында окуучулар бааланып, «Толгонай менен балдары» деген темада сүрөт тартууга үйгө тапшырма берилет.

## 11-класста «Жамийла» повестин окутуу

«Жамийла» Ч. Айтматовго чыныгы чыгармачылык кубанычты алып келген повести болду. Көрүнүктүү залкар жазуучу М. Ауэзов кезегинде повесть жөнүндө жылуу пикирин айтып авторго андан аркы ийгиликтерди каалаган эле. Кыргыз адабий чөйрөсүндө «Жамийла» повести жөнүндө жазылган сын-пикирлерди ырааты менен карап келгенибизде Р. Кыдырбаеванын, К. Бобуловдордун айтуусуна караганда, адабиятчы «окуучуларды өзүнүн жаңылыгы менен кубандыра алат» - деп белгилейт. Муну ал Жамийланын образына байланыштуу повестте эски менен жаңынын ортосундагы карама-каршылык кыргыз адабиятынын практикасында мурдатан белгисиз жаңы ыкмага, жаңы көркөм чечилиштерге ээ болгондугунан көрөт.

Повесть жөнүндө макалалар жазылып жана жарык көрүп жаткан мезгилде К. Бобулов өз макаласында: «... Бирок кээ бир жолдоштор никелүү күйөөсүн чанып, Данияр менен Жамийланын кол кармашып качып кетишин жактырышпай, куттуу үйдүн каадалуу кайын эненин баркын билбеди, бул чектен чыккан каталык деп айтып коюп жүрүшөт» - деп эсерип өткөндөй «Жамийла» повести жөнүндөгү пикирлер, түшүнүктөр, көз караштар ал кезде азыркыдай абалында да такала элек болчу.

Көп авторлордун макалаларында Жамийланын образы эски патриархалдык турмушэрежелерине каршы коюу менен чектелишсе, Л. И. Лебедеванын «Повести Чингиза Айтматова» - деген китеби бир кыйла жаңы ой жүгүртүүлөр менен айырмаланып турат. Күн чыгыш аялдарынын өз эркиндиги, укугу үчүн болгон күрөшү биринчи планга коюлуп, патриархалдык турмуш эрежелеринин калдыктарына каршы бизде көп эле чыгармалар жазылгандыгын белгилеп кеткен.

Жазуучу Жамийланын личность катары турмуш түшүнүктөрүнүн, көз караштарынын ойгоно баштаган учурлары повестте сүрөттөлгөн эпизоддорго анализ

жүргүзгөн. Жамийланын образына байланыштуу Бакыт, Сүйүү сыяктуу түшүнүктөрдүн, «Жаңыча өмүр сүрүшүн» көргөзөт. Айылдагы бир даар адамдардын жана сүрөтчүнүн чоң апасынын түшүнүгү боюнча Жамийланын бактысы чоң үйдүн келини болгондугу, үй оокатынын толуктугу менен түшүндүрүлмөк. «Аллага шүгүр тектүү, куттуу жерденсиң балам. Ал да болсо Сенин багың, ушуну билип жүр. Аял деген кудай этегинен жалгаса, үйүнө береке турса, башка эмнени тилемек эле». Бирок Жамийла үчүн бул дагы жетишсиз эле.

Повестте Садык менен Жамийланын баш кошушу жөнүндө адегенде эч нерсе деле айтылбайт. Автор бар болгону «Садык дагы жылкычы болуп жүрүп, жайлоодогу малчылардын тоюнда кыз куумайга түшүп, Жамийлага жетпей калган имиш, ошондон кийин намыстанып, аны ала качып кеткенин уккам. Андай эмес, экөө көңүл менен кошулушту деп да жүрүштү абысын-ажындар» - деп гана кыскача жоромол кабар берип тим болот. Мектеп окуучуларында алардын ортосунда сүйүү болгонбу же жокпу? – деген суроо туулат. Бул суроого жооп белгисиз бойдон калтырылат. Жазуучу үчүн мунун эч тиешеси жоктой, тек гана каармандардын өз ара мамилелерин, ички ой сезимдерин турмуштук тигил же бул ыңгайлар аркылуу ачып берип жүрүп отурат. Ушундан улам Садыктын фронттон жазган катынан Жамийланы кубантарлык сөздүн табылбашы бул суроого жооп берерлик деталь. Сүрөтчүнүн чоң апасынан баштап, үй-бүлөсүнүн бардыгынын аттарын ыраaты менен терип-тепчип атап келип, эң акырында «... жана аялым Жамийла аман-эсен турабы?» - деп, бир-эки ооз сөз менен Жамийланы анчалык кубанта албайт. «Ар убакытта кат келип колуна тиери менен Жамийланын бети албыра түшүп, ал демин токтото албай шашылыш окуй баштайт. Бирок каттын аягына жакындаган сайын, өңүндөгү оту соолуп, ийилген кашы сустая жыйналат. Кээ бирде аягына чейин да окуп жетпей, Жамийла унчукпастан, катты убактылуу карызга алгандай, сустайган бойдон кайра

энесине берет».

Садыктын каты, эгер Садык Жамийланы сүйсө да, анын сүйүүсү традициялык салттарга али бекем экендигин, туткундан чыга албагандыгын айгинелейт. Ал эми Жамийла болсо повестте ачык-айрым, жароокер мүнөзү менен элестетилет. Анын «жүрүш-турушунда шамдагайлык», «кайраттуулугу» бар. Ал чоң үйдө эски салттан эч кандай деле жабыр тартпайт. Тескерисинче, Жамийланын «эркекке таандык кайраттуулугун, чечкиндүүлүгүн, бирөөлөргө жемин жегизбестигин» байкаган кайненеси ага кайрымдуу карайт. Анткени ал «айылдагы көпчүлүк келиндердей болуп үн этпей башын жерге салбастан, өзү туура көрүп, айтам дегенин тартынбай айткандыгынан» улам чоң үйдүн ээси аны өзүнө тең болорлук көрүп келечекте аны эки үйдүн башын тең коштуруп, очоктун ырыс-берекесин сактаган өзүндөй мыкты орун басар катарында калтырып кетейин деген ойдо.

Данияр менен Жамийланын сүйүүсү баарынан мурда каармандардын руханий байлыгына, турмуш сырларын таанып билүүдө эстетикалык көз караштарына, өнүккөн жогорку интеллектуалдуулук сапаттарына негизделгендигин баса көрсөтүшүбүз керек. Мүнөздөрдүн ачылышы, кыймыл-аракетти М. Ауэзов жогоруда эскертилген макаласында «ичкериден» деп белгилендей, баарынан мурда алардын ички дүйнөсү, аң-сезими аркылуу шартталгандыгын көрөбүз.

Жамийла Даниярды көрөр замат эле сүйүп калган жок. Бул сезим Даниярды улам толугураак, тереңирээк таанып, бир-бирин түшүнүшкөндөн кийин З. Кедринанын элестүү сөзү менен айтканда, «жазгы жамгырдан кийин өсүп чыккан чөп сыңары табийгый» түрдө пайда болду.

«... Жамийланын Даниярга четтеп жолобой жүргөнү жана ошого өзү кайгыланып кыйналганын, эмне үчүндүр көңүлүмдү оорутуп, капага салчу».

«... анын да көкүрөгүн кандайдыр туюк энсөө кыстап, анын да жүрөгүндө жаңы тилектер ойгонгонун ичимден сезип жүрдүм. Менин байкоомдо, Жамийла ушундан коркуп, аны күндөн күнгө өзүнө багынткан сүйүүдөн жазалангысы

көнүүгө мажбур. Мен дагы ушул сыяктуу бирде туруп кайра сүйбөсө экен деп тилечүмүн» - дейт сүрөтчү.

Жамийланын бул өз алдынча бушайман абалы, сүйүү сезиминин жаңыдан ойгонушу сүрөтчү тарабынан таамай байкалган жана бул сезим кээде анын өзүнө дагы өтүп кетет. Мында сүрөтчүнүн образы атайын маани берерлик. Ал адамдардын жашоо турмушун, өз ара мамилелерин кылдат байкайт, сүрөтчүнүн көзү менен көрө алат, анан ошол жаратуучу коозлуктун асылдыктын позициясынан туруп аларга болгон көз карашын, мамилесин билдирет, баамдайт.

Даниярдын обону повесттеги окуянын чечилишинде өзгөчө мааниге ээ. Ал обон аркылуу гана Данияр өзү жөнүндө, өзүнүн сүйүүсүн жалындуу илеп менен Жамийлага айтып бере алат. Чынында ошол обондон кийин гана Жамийланын сүйүүсү Даниярга карата от болуп алоолонуп жанып чыга келбедиби!.. Ошол обондон кийин Даниярдын жүрөгүндө зор сүйүү алып жүргөн адам экендигине көзү жетпедиби!.. Мына ушундан кийин Жамийла жаңылышпаганына, чыныгы сүйүүсүн, бактысын тапканына окуучу кенедей да шек санабайт. Повесттин башында Садыктын Жамийланы сүйгөнү же сүйбөгөнү белгисиз эле, бул суроого жоопту биз эми гана ала алдык. Садык Жамийланы сүйгөн эмес, ал Жамийлага өзүнүн сүйүүсү, каалоосу менен эмес, кыз куумайда жетпей калгандыгы үчүн намыстанып ала качкандыгына эми көзүбүз жетип отурат. Болбосо госпиталда жатып, айыгып эки айдын ичинде келгени турган кишини күтүүгө Жамийланын эрки жетпес беле?

Демек, Жамийланын эртелеп өз сүйүүсүн, бактысын тапканы жакшы болгон. Сүйүү болбогондон соң Жамийла менен Садыктын ортосу баари бир эртедир-кечтир ажырамак. Повесттеги окуянын логикасы окурманды ушул ойго алып келмек.

Жамийланын образы боюнча адабият айдыңында, анны окуучуларга жеткирүүнүн формасын издеген усулчулардын арасында бир топ талаш-тартыш маселелер бар. Алар бүгүнкү күнгө чейин өз пикирлерин өзгөртүшө элек. Гезит

беттери аркылуу бири-бирине жооп жазышып, бирөөсү Жамийланы жактаса, кимдир бирөөсү аны жактабай келет. Повестти окутууда адабиятчы мугалим ушул маселелерди да көз жаздымда калтырбашы керек.

«Сүйүү бардык сезимдердин эң күчтүүсү, анткени ал бир эле убакта башты да, жүрөктү да, денени да ээлеп алат», - деп улуу окумуштуу Вольтер айтып кеткендей бул эң бир табышмактуу, эң бир сыйкырдуу назик, ошону менен бирге эң татаал сезим болуп эсептелет. Ч. Айтматовдун «Жамийла» повести сүйүүнү даңазалаган улуу чыгарма экендиги талашсыз.

***Сабактын планынын модели***

**Сабактын темасы:**

***«Жамийла» повести***

**Сабактын максаты:**

Жаңыча көз караштагы, өз эркиндиги, бактысы үчүн күрөшкөн келиндин эски шартты талкалап чыгышын ачып көрсөтүү. Даниярдын мүнөзү жана адамдык касиети. Жамийланын ички дүйнөсүнө бүлүк түшүргөн ситуациялар, мүнөздүн өзгөрүшү. Чыгарманын идеялык-көркөмдүк өзөгүн түшүндүрүү, каармандарга мүнөздөмө түзүүгө, чыгарманын композициялык жагын талдоого, ал боюнча кеңири план түзүүгө үйрөтүү. Окуучуларды бакыт үчүн күрөшө билүүгө, турмушта чечкиндүү, адамгерчиликтүү, сүйүүгө туруктуу болууга тарбиялоо.

**Сабактын жабдылышы:**

Телевизор, чыгармага тартылган кино, ватмандар, маркерлер, каармандардын сүрөттөрү ж.б.

**Сабактын жүрүшү:**

***а) Уюштуруу***

***Музжаргыч***

Окуучулар баракка төмөндөгү суроолорго жооп жазышат. Ар бир жооптон кийин кагазды бүктөп бири-бири менен алмаштырып турушат. Аягында күлкүлүү текст келип чыгат.

1. Ким?

1. Ким?
2. Ким менен?
3. Качан? Каерде?
4. Эмне болушту?

***б) «Жамийла» повести боюнча көркөм тасма көрсөтүлөт.***

Кинону толук көрсөтүүгө убакыт жетпегендиктен, айрып эпизоддорун Жамийла менен Данийардын табышуусун, кол кармашып кетүүсү чагылдырылган учурлар көрсөтүлөт.

***в) мугалимдин кириш сөзү.***

Жамийла – элдик салттарды, анын ичинде элдик тарбиянын эреже-нормаларын тээп чыккан, ошол алкак тарлык кылып, ага батпай калган каарман деп айтып келебиз. Буга силер кандай пикирдесиңер?

***г) "Үч бурчтук" методу.***

***д) Проблемалуу тема:.***

1. Жамийла: элдик тарбия нускаларын тебелөөчүбү, же сыйлоочубу?
   а) Окуучулар жеке пикирин кагазга түшүрүшөт;
   б) Окуучулар жуп-жубу менен пикирлешип ойлорун толукташат;

1. Жоопторго жараша үч топко бөлүнүшөт (болот, болбойт, экөөнө тең кошулам).
2. Пикирлештер топко бөлүнүшүп талкуу жүргүзүшөт.
3. Үч топтогу окуучулар өз ойлорун үч түрдүү сыя менен кагазга(ватманга) түшүрүшүп, үч бурчтук формасында жайгашкан столдун үстүнө жабыштырышат.
4. Окуучулар өз тобу менен башка эки топтун жазгандарын аралап окуп чыгышат. Өз сунуштарын берип, толукташып, суроо коюшуп өздөрүнүн түстүү сыясы менен жазып чыгышат.
5. Кайрадан өздөрүнүн жазууларын карап чыгышып, толуктоолорду окушуп, түшүнүксүз деп коюлган белги болсо жооп беришет.
6. Эгерде Жамийла менен Данияр силерге келсе кандай суроо берер элеңер? – деген суроо менен мугалим

окуучуларга кайрылат. Төмөндөгүдөй суроолорду беришет?

* Эгерде Данияр сиздин турмушуңузда пайда болбосо Садык менен жашай бермек белеңиз?

* Эмне үчүн сиз майданда жүргөн жарыңызды таштадыңыз?

* Жамийланын күйөөсү бар экенин билип туруп эмне үчүн сүйүп калдыңыз? Бул бузукулук эмеспи?

* Эч ким менен мамилелешпеген, түнт Данияр сизге эмнеси менен жакты?

* Даниярдын обонунун кандай сыйкырдуу күчүн сездиңиз?

7. Өтүлгөн тема боюнча өздөрүнүн ойлорун, сезимин козгогон туйгууларын кагаз бетине түшүрүшөт.
8. Окуучулар бааланып, мугалимдин жыйынтык сөзү айтылат.
9. Сабактын акырында сөзүн С. Сейиткaзиев, обонун И.Жаканов жазган «Даниярдын ыры» магнитофондон уктурулат, мүмкүнчүлүк болсо ырдашат.

**Даниярдын ыры**

Мен элем элимди сагынган,
Тууган жер тузуна багынган.
Келемин – узак жол алдымда,
Махабат күтөмүн айылдан.

Ардагым сен, Жамийла,
Жалжалым сен, Жамийла.
Ашыгым сен,
Асылым сен, эркетайым!

Жүрөктө көп сыр бар кайнаган,
Үмүтсүз жашаган кайда адам?
Күн сайын жүз ирет көрсөм да,
Канбаймын жүзүңө жайнаган.

Ардагым сен, Камийла,
Жалжалым сен, Жамийла.
Ашыгым сен,
Асылым сен, эркетайым!

## 11-класста «Делбирим» повестин окутуу

«Делбирим» - армандуу махабат ыры. Повестти окутууда Аселдин тазалыгы, аруулугу жөнүндө кеп козгоо. Адам жаңылыштыгынын анын тагдырына тийгизген таасирин түшүнүүгө, Байтемирдин образындагы ыйман тазалыгын далилдөө. Мүнөздөрдүн кагылышы – тагдырлардын талкаланышы. Ильястын Ысыккөл менен коштошуудагы ички арманы. Жазуучунун чыгарманын композициясын куруудагы чеберчилиги.

«Делбирим» повести өзүнүн композициялык түзүлүшү боюнча төрт бөлүмдөн турат: «пролог ордуна», «шофердун баяны», «жолчунун баяны», «эпилог ордуна». Повесть мындайча башталат: «Кесибим журналист болгон соң, үйгө байыр албай Кыргыз жергесин кыдырып жүргөнүм жүргөн. Ошондой бир жолу Нарында жүргөн элем, Фрунзеге редакциядан чукул чакырып калышты. Автостанцияга жетип келсем, автобус менин алдымда эле жүрүп кетиптир. Кичинкиси беш сааттан соң жөнөйт экен. Жолулаш бир машинага түшүп кетиштен башка ылаажы калбады. Жүгүрүп жолдун этегиндеги кара жолго чыктым».

«Делбирим» повести жазылып, жарыяланган жылдарда Ч.Айтматов, чынында эле, «Москвада» жарыяланчу коммунисттер партиясынын органы болгон «Правда» газетасынын өз кабарчысы болуп эмгектенчү. Буга Караганда повесттин «прологунда» жана «эпилогунда» сүрөттөлгөн «мен» Ч. Айтматовдун өзү дегендей корутунду чыгышы толук ыктымал. Чынында, андай эмес. Автобиографиялык учурлар байкалып, сезилгенине карабастан, лирикалык «мен» повесттеги сюжеттик өзөктөрдү кызмат аткарган өз алдынча персонаж. Тагыраак

айтканда, мааниси жана мүнөзү боюнча эки башка сюжеттик өзөктү, «Шофердун баяны» менен «Жолчунун баяны» бир бүтүн образдык системага байланыштырып турат. Повесть эмне жөнүндө? Эгерде кыскартып, так кесе айтканда, бул өз бактысын, таалайын сактай албай колунан жулдуруп ийгендей болгон адамдын трагедиясы жөнүндөгү повесть. Адам өз бактысын сактап калалбай, ажырап калышына өзү күнөөлүүбү, же кандайдыр бир социалдык-коомдук кырдаалдар ушундай оор кайгылуу тагдырга апкелип такадыбы?

«Делбирим» повестинин маани-мазмуну да ушул суроого тыгыз байланыштуу. А ырасында, повесттин баш карманы Ильястын таалайы-бакыты, мындайча айтканда, «өзү келди», ал мындайча башталды:

«…Көз кыйыгым менен өтүктөн өйдө, тизе ылдый кыска, булайган көйнөктүн этегин көрдүм. Айылга жеткирип кой дечү кемпирлердин бири го дедим кыялымда.

- Кете бер, чоң эне! – дедим мен. – Менин жумушум көп али, чыдап күтө албайсың.

- Мен чоң эне эмесмин, - деди анда тиги. Үнүндө кысынгандык бар, бирок кермек какшыгы да сезилди.

- Анда кимсиң? – дедим.

- Кызмын.

- Кызмын? – деп өтүгүн дагы бир карап алдым да, оюнга чаптырдым.

- Сулуу кызсыңбы?»

Чынында эле, Ильястын алдында тал чыбыктай буралган кыз турган. Аты – Асел эле. Булар бири-бирин издешпей табышты. Ал турмак Асел менен Ильяс, кудум Жамийла менен Данийардай бири-бири үчүн жаралгандай эле. Бирок, тилекке каршы, булардын бакыт-таалайы узакка созулган жок. Ал сүйүү кандай тез, чукулунан башталса, дал ошондой эле тез, чукулунан кыйрады. Кыйраганда да, кайрадан орду толбос болуп биротоло, орду-түбү менен кыйрады.

Ч. Айтматов өзүнүн чыгармачылыгын башталышынан эле өзүнүн негизги көңүлүн адамдын жеке тагдырына бөлгөн. Ал өзүнүн ушундай көркөмдүк-эстетикалык принцибин «Делбирим» повестинде да бекем кармайт. Повестинин баш каарманы Ильяс өзү жалгыз прицеп чиркелген жүктүү машина менен Долон ашуусунан ашып өтүүнү максат кылат. Тилекке каршы, ашып өтө албайт, «аварияга» учурайт. Кетирген каталыгын мойнуна алуунун ордуна, ал тескерисинче, кежирленет, баруудан качат. Аселдин өтүнүп суранганына карабастан.

Ушул жерде белгилеп кете турган бир нерсе бар. Социалисттик реализмдин принцибинен кылдай тайбаган башка бир жазуучунун каарманы Долонду сөзсүз түрдө ашып өтмөк, Социалисттик Эмгектин баатыры аталмак. Чыңгыз Айтматовдун каарманы андайлардан эмес.

Мына Асел менен Ильястын диалогу:

«...Бир убакта Асел шарт турду да, кийине баштады.

- Эмне отурасың? –деп нааразылана айтты.

- Анан эмне кылам? – деп булдурадым.

- Автобазага кайтып бар!

- Эмне дейт? – прицепти таштаппы?

- Барып айткын.

- Сага эмне? – деп бакырып алып, үй ичинде аркы-терки баса кеттим.

- Прицепти кайра сүйрөтүп кайсы бетим менен барам? Ит болдум, куш болдум, ушул ишке туш болдум, кечирип койгула деп барамбы? Жо-жок! Эмне кылса ошо кылышсын. Урганым жок!»

Көрүнүп тургандай, Асел менен Ильяс эки башка чекитте, эки башка жолдо. Ильяс кылган ишин, чындыкты жашырат, демек, калп, жалган жолго түшөт. Асел, тескерисинче, чындыкты жашырбайт, демек, түз туура жолдо. Ушундан улам маселе ачыкка чыгат, Долондогу прицептин кулашы, бул анчейин «техникалык авария» эмес болчу. Бул ильястын моралдык, адеп-ахлактык, «адамдык» жактан кыйрашы. Ильяс Долондун бийиктигин жеңе албаган

сыңары, Аселдин адамдык, адеп-ахлактык бийиктигине көтөрүлө албады.

Мындан сырткары повесттеги Байтемирдин образы аркылуу адамдык улуу сапаттар, тагдыр сыноолорун көтөрө билүү, кайраттуулук, өжөрлүк, боорукерликти ашкере кылуу, окуучуларга жеткирүү максаты да мугалимдин көңүл чордонунда болушу шарт. Бул образга карама-каршы образ Ильястын образы менен салыштыруу, Аселдин, баласынын жашоосунда кимисинин өзгөчө орду бар экендигин да далилдеп берүү керек. Ал эми Кадичаны окуучулар кандай таанышат, анын тагдыры да аянычтуубу? Же ал өзү ошого татыктуубу? Мына ушундай суроолорго да окуучулар менен биргеликте мугалим талаш-тартыш жүргүзсө болот.

***Сабактын планынын модели***

**Колдонулган ыкма:** Ички сезим

**Программанын бөлүмү:** 1950-2000-жылдардагы кыргыз адабияты

**Сабактын темасы:** «Делбирим» повести

**Сабактын максаты:** Окуучулар сүйүүгө бекем болууга, туруктуулукка, адамдык улуу сапаттарды калыптандырууга үйрөнүшөт. Аселдин, Байтемирдин адамдык сапаттарынан үлгү алышат. Биргелешип иштөөгө, машыгууга умтулушат.

**Убактысы:** 45 мүнөт.

**Каражаттар** (ресурстар): 10-15 (жоолук же моюн орогуч), чыгармага тартылган сүрөттөр, окуу китептери. Ырдын тексти.

**Ильястын ыры**

***Обону К. Тагаевдики***

Мен сага жалгыз келдим байыр алдым,
Тургуздум махабаттын пайдубалын.
Жаштыгым татаал жолдо жаңылышып,
Долондон канатымды жайрып алдым.

Эстечи Асел сага келгенимди,
Жээгинде сүйүү антын бербедимби.

Колдогу бакыт кушун кармай албай,
Өзүңө коштошууга келбедимби.

Күндөн көп биздин күндөр өткүн, өткүн,
Келермин аман болсом да бир көксөп.
Мен азыр жалгыз учкан аккуу болуп,
Баратам бакыт издеп Памир көздөп.

Сен эзсең кусалыкка сезимимди,
Таңдагы салкын желге кабар улай.
Мен жокто сылай жүр деп саамайынан,
Тапшырдым Ысыккөлдүн шамалына.

**Иш кадамдары** (процедура):

1. Эмне үчүн «Делбирим – армандуу махабат ыры» дегенди кандай түшүнөсүңөр? – деген суроо менен мугалим окуучуларга кайрылат, окуучулардын ой пикирлерин мугалим же окуучу доскадагы ватманга кыскача жазат.
2. Мугалим окуучулардын ой-пикирлерин толуктап, Ильястын жашоосуна өзгөртүү киргизүүгө себепкер болгон Долон ашуусу жөнүндө кеп козгоп, сөзү Ж. Шералиевдики, обону К. Тагаевдин «Долон» деген ырын окуп, же магнитофондон угузса болот.
3. Окуучулар 2 топко бөлүнүшөт. 1-топ, 2-топ бири-бирине бетме-бет турушат. 1-топ 2-топтун көздөрүн, жоолуктар менен байлап акырын колдорунан жетелеп, бири-биринин артынан класстын бир бурчунан экинчи бир бурчуна чейин жетелеп барышат.
4. Андан кийин 2-топ 1-топтун көзүн таңып жетелешет.
5. Окуучуларды «Делбирим» повестинин текстинен Ильяс менен Аселдин алгачкы таанышкан учурун окууга сунуш кылынат.
6. Окугандан кийин окуучулар алардын көздөрү таңылгандагы сезимдер менен повесттеги Асел менен Ильястын алгачкы мамилеси жөнүндө кеп козгоп, бири-бирине айтып беришет.

**Потенциал:** Окуучулар бул ыкма аркылуу мээримдүүлүк, боорукерлик, аеосезимдери калыптанат.

**Талкуулоо үчүн суроолор** (дебрифинг):

1. Силердин көзүнөрдү байлап жетелегенде, кандай сезимдерге туш болдуңар?
2. Ильястын жасаган кадамдарына кандай көз караштасыңар?
3. Асел Ильясты күтсө, кечирсе болот беле?
4. Кадича кандай аял деп ойлойсуңар?
5. Байтемир кандай адам?
6. Асел ата-энесинин алдында туура иш жасадыбы?
7. Аселди ата-энеси кечирет беле?

## 11-класста «Деңиз бойлой жорткон Ала Дөбөт» повестин окутуу

«Деңиз бойлой жорткон Ала Дөбөт» повести өзүнүн мазмуну, көркөмдүк түзүлүшү боюнча жазуучунун чыгармаларынын арасынан обочолонуп тургансыйт, Кандайдыр бир тааныш эмес Айым-Балык жөнүндө миф, адамдын аттары да башкача: Орган карыя, Мылгун байке, Эмрайн ата, Кириск бала. Ошондой эле чыгармада көнүмүш окуя, көнүмүш сюжет да жок. Кандайдыр бир Улуу Деңиз, Улуу Туман, ошол деңизде туманда калган адамдар. Бул чыгарманын жанры жөнүндө ар түрдүү пикирлер айтылып келет. Кай бир изилдөөчүлөр повесть деп атаса, кай бирлери притча же философиялык притча – б.а. философиялык накыл же тамсил деп жүрүшөт. Автор өзү бул чыгармасын повесть деп атап, айткысы келген алепки идеясын, максатын мындайча аныктаган эле: «Менин соңку повестимде окуя деңизде өтөт. Каармандардын тагдыры өлүм менен өмүрдүн ортосунда турат. А кайык болсо – бүтүн дүйнө... Бул жерде мен өз милдетимди каармандардын ыймандык турпатын кыйын сыноодон өткөрүүдөн көрдүм». (Ч. Айтматов. В соавторстве с землей и водою. Ф. , Кыргызстан.) Ошентип повесть жөнүндө алгачкы маалыматтарды алганда эле кичинекей нивх элинин турмушу жөнүндө жазуу кандай

зарылдыктан келип чыкты деген суроо туулбай койбойт. Деги Нивхилер кимдер? Нивхилер Охот деңизинин жээгинде, тагыраак айтканда Сахалин аралында жана Амур дайранын төмөн жак боюнда жашаган жалпы саны 4, 4 миңден ашуун (1970) калк. Нивхилердин Октябрь революциясына чейинки кесиби балык жана деңиз айбандарын кармоо болгон. Үй айбандарынан ит гана багышкан. Нивхилердин көпчүлүгү православие диниде деп эсептелсе да, шамандык ырым-жырымдарга ишенген (КСЭ 4-том. Ф., 1979. 40-бет.). Анын үстүнө повесть өзү да бүгүнкү күн жөнүндө эмес, революцияга чейинки мезгилге арналган.

Чыңгыз Айтматов «Деңиз бойлой жорткон Ала Дөбөт» повестинде «Ак кемедеги» адамдын жаратылыш менен болгон байланыш проблемасын улантат. Бир Караганда «Ак кемедеги» каалгып сүзгөн чоң ак кеме «Деңиз бойлой жорткон Ала Дөбөттөгү» байтеректен чабылган кайыкка, бейпил жаткан Ысыккөл буркан-шаркан кайнап жаткан деңиз бетине, Момундун Бугу-Эне жөнүндөгү ыйык легендасы Органдын Айым-Балыгына, Бала Кирискиге айлангансып көрүнгөнү менен, жазуучу жаңы повестте адам жана табият маселесинин башка жактарын чечет. Каармандар жаратылыштын катаал стихиясына карабастан аңчылыкка чыгышып, багыттарынан адашып, бүт оокаттарынан ажырашып, ажал менен кармашышат. Жазуучу чыгармада адам менен табияттын тыгыз карым-катышын көрсөтүү максатында Айым-Балык жөнүндөгү легенданы колдонот. Бул легенда «Ак кеме» повестиндеги Бугу-Эне тууралуу легенда менен үндөш. Бугу-Эне кандуу кыргындан калган уул менен кызды сактап кала турган болсо, Айым-Балыктан деңиз жээгиндеги элдер жаралат. Жарды, аксак адамга балык кейпиндеги сулуу аялдын жолугушуусу анын сезимин ойготуп, Айым-Балык өзүн сагындыртып, кусалантып, караанына зар кылып, өмүр бою издеттирет. Күттүрткөн, үмүттөндүрткөн Айым-Балыгына кайрадан жолуга албай, күн-дебей деңизден жарым карыш алыстабай кайгыга батат.

Айым-Балык менен анын сезиминен жарык дүйнөгө келген наристеден жер бетинде, жашоо башталат. Ошондон тартып Айым-Балыктын даңкы артылып, адам менен жаратылыштын өзөктөштүгү тууралуу аңыздар муундан муунга калат:

Кайда сүзүп жүрөсүң, Айым Балык,
Сенин ысык курсагыңда биз жаралып,
Сенин ысык курсагыңдан биз тарадык.
Сенин ысык курсагың жан бейиши,
Кайда сүзүп жүрөсүң, Айым-Балык?
Нерпа тумшук ак мамагың сагындык биз,
Ак мамагың сүтүнө тайыпдык биз.
Кайда сүзүп жүрөсүң Айым-Балык?

Орган карыя да Айым-Балыктын неберелеринен. Орган үчүн жомоктолуп келген Айым-Балык түбөлүктүү жана ал деңизге чыккан сайын жолугуп калбайын деген үмүт кылат, өзгөчө түшүнө Айым-Балыктын элеси киргенден тартып жан дүйнөсү бүлүккө түшүп, махабат муңкана туш болот. Ата-бабанын мурасы, жомок чындыкка айлангансып, Орган Айым-Балыкка бир келген өмүрүн арнап, сезимдин күчү менен жашоосунун кызыктыгын, таттуулугун сезип, мындай укмуштуудай бакыт өзүнүн гана жалгыз энчиси катары туят. Ошол жан жыргатар түшү үзүлбөй түбөлүк кире берсе да ыраазы, эч андан айрылгысы келбей, өзү өлгөндөн кийин да түшү жашай берерине ишенет.

Легенданы максатка ылайык колдонуп, повесттин тулку боюна сиңирип, Деңиз бойлой жорткон Ала Дөбөт жээги, деңиз үстүнөн Агүкүк кушу, деңиз шамалы, толкуну, жаркыраган асман жылдызы баланын өмүрүн сактап калышы менен жазуучу адам менен жаратылыштын байланышынын түбөлүктүүлүгүн, адамдын улуулугун, адам баласы жаратылышты сүйүп, табышмактуу сырларын таанып-билүүсү керектигин дагы бир жолу баса көрсөтөт (А. Акматалиев. Жаңычылык тажрыйбадан жаралат. Ф. Кыргызстан. 1986. 90-бет.).

Өлүм менен тирүүлүк маселеси повесттин өзөгүн түзөт. Каармандардын жашоого умтулуу аракеттери, бир келген өмүрдүн, жарыкчылыктын таттуулугу менен улуулугу, кийинки муундар алдаңыда улуулардын жоопкерчилиги курч драмалык окуялар, философиялык ой толгоолор менен коштолот. Орган, Эмрайн, Мылгун болочок аңчы Кирискиге баталарын бериш үчүн деңизге аң уулоого чыгышкан. Кириск али «Эне сүтү оозунан кете элек, балтыр эти ката элек» бала болсо да чоңдор тиричиликтин түбөлүктүүлүгүн кам көрүшүп, ата-бабадан мурас калып келген аңчылык салтты үйрөтүп коюу эрежесин аткарышмак болушту. Төрт адам жана жалгыз кайык жээктен узап, деңизде калкыйт.

Ар бир каарманды трагедиялуу тагдыр күтүп турган болчу. Ачкалыктан арышып, сууга зар болушкан каармандардын жашоосу түгөнүп, баланын өмүрүн тилешип, аң сезимдүү түрдө өлүмгө бел байлашты. Ар бири бири-бирине керээз калтырышты. Чыгармадагы өзгөчө ата менен баланын өлүм менен тириликти ойлошуп, кандайдыр бир чечкиндүү чечим кабыл алыша албай, бири-бирин таштап кетүүгө кудурети жетпеген психологиялык абал окурмандын жүрөгүн титретпей койбойт. Эмрайн да Орган менен Мылгундун жолун жолдоп кайыкты таштап кетиши керек. Бирок кантип уулун чексиз деңизге жападан жалгыз калтырып кетмек?! Жаш баланын өмүрү эмне болмок?! Мына ушул суроолорго жоопту окуучулар менен бирге издесек, чыгармадан тапсак жакшы натыйжа берет. Балдарда атага болгон өзгөчө сезим ойгонот.

Жазуучунун чыгармадагы негизги ою да ушул – жашоонун түбөлүктүүлүгү, ал эми укум-тукумдун уланышына ар бир адам баласы милдеткер жана жооптуу. Ошондуктан Айым-Балык журтунун өкүлдөрү Органдын, мылгундун, Эмрайндын жаш бала Кирискиге жасаган камкордуктары, өлүмгө өмүрлөрүн өз каалоолору менен алмаштырышкандары адамдын улуулугун даңазалайт. Адам кандай гана татаал шартта калбасын жеке өз кызыкчылыгынан элдин тагдырын жогору ойлоп, келечектин

камылгасы үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрүн сарп кылышы туура. Бул нивх элинин да атадан балага келе жаткан жакшынакай салты, керээзи, аны моюндабоо адамзат баласынын өткөн дүйнөсүнө, бүгүнкүсүнө жана келечегине чыккынчылык кылганга барабар.

Мына ошентип, башында түшүнүксүздөй туюлуп жаткан повесттеги мезгил, мейкиндик, турмуштук кырдаалдар, улуу деңиз, улуу туман повесттин негизине берилген шарттуу өбөлгөлөр экени, чыгарманын философиялык жана нравалык уюткусу адамдын тагдырына, адамдын бийик атына байланыштуу экени бул китепти дилгирлик менен окуп чыккандан кийин гана түшүнүктүү болот. Көрсө, Улуу Деңиз, Улуу Туман, ошол түпсүз, чексиз баш аягы жок стихиянын арасында калган нивх мергенчилердин тагдыры жазуучуга азыркы доордун эң зарыл, эң курч проблемасын козгоо үчүн керек болуптур. Кандай гана кыямат шартта калбасын, кандай гана айласыз кырдаалга туш келбесин адам баласы өзүнүн адамдык бийик наамын сактоого тийиш – ал ошон үчүн адам. Повесть ушу туурасында. Повести окутуу аркылуу мектеп окуучуларын адамдык улуу сапатты өздөрүндө калыптандырууга, ата салтын, улуттук наркыт сактоого, «өз көмөчүнө күл тартпаган», элдин камын ойлогон инсан болуп жетишүүсүнө салым кошуу да адабиятчы мугалимдин бир милдети.

***Сабактын планынын модели***

**Колдонулган ыкма:** «Эки бөлүктүү күндөлүк»

**Программанын бөлүмү:** 1960-2000-жылдардагы кыргыз адабияты

**Сабактын темасы:** «Деңиз бойлой жорткон Ала Дөбөт» повести

**Сабактын максаты:** Окуучулар чыгарманын мазмуну менен таанышышат. Каармандардын өз ара мамилесин талкуулоо менен адамдык бийик сапаттарды калыптандырышат.

**Убактысы:** 45 мүнөт

**Каражаттар** (ресурстар): 5 топко бирден ватман, бирден маркер, бирден тапшырма жазылган карточка, скотч, чыгарманын тексти ж.б.

**Иш кадамдары** (процедура):

1. Окуучулура 5 топко бөлүнүшөт. Каражаттарды алышат.
2. Окуучулар «Деңиз бойлой жорткон Ала дөбөт» повестиндеги өздөрүнө башкача таасир берген, сезимдерин козгогон, нравалык маселелерди чагылдырган, адамдык улуу сапаттарга үлгү болгон учурларды сүрөттөгөн цитаталарды таап, таблицанын 1-бөлүгүнө жазып, бир кездеги жакшылыктын кайтарымын-жообун аныктоочу комментарийлерди 2-бөлүгүнө жазып жекече толтурушат. Таблица төмөндөгүдөй көрүнүштө болот:

| Циата | Комментарий |
|---|---|
| «Кириск ойгонуп алып, мурдагы түндөргө караганда жылуу уктаганына таң калды. Көрсө, үстүнө атасы тонун жаап коюптур.» | |
| «Бала ошол учуп өткөн чын эле куш экенин, кош канатын кең каккан, күчтүү, чоң куш экенин көрүп калды.» | |

3. Жекече ишин тобуна тааныштырат.
4. Топ биригип бирден эң негизги деген 3 цитатаны, 3 комментарийди талкуулап, иштеп чыгып ватманга маркер менен жазышып, доскага илишет.
5. Ар бир топтон 1 окуучу жалпы класска презентациялашат.
6. Жалпы класс кошумчалап, ой бөлүшүшөт.

**Потенциалы:** Бул ыкма менен окуучулар повесттин мазмунуна терең сүңгүп, түшүнүп, өз ара мамилелешип талкуулоо менен адамдык бийик сапаттары өнүгүп, чыгармачылык жөндөмдөрү өсүп, сүйлөөречи калыптанат.

**Талкуулоо үчүн суроолор** (дебрифинг):

1. Эгер Кирискинин ордуна силер болгондо эмне кылар элеңер?
2. Орган, Мылгун, Эмрайндар өз өмүрлөрүн кыйбай эле койсо болбойт беле?
3. Эмне үчүн балтыр эти толо элек баланы деңизге алып чыгышты?
4. Кандай таң калууга дуушар болдуңар?
5. Бул иш-аракеттен кандай жаңы маалыматтарды алдыңар жана эмне кызыктырды?
6. Нивх эли жөнүндө повесть жазууга Ч. Айтматовго эмне түрткү болду?

## 11-класста «Гүлсарат» повестин окутуу

Чыңгыз Айтматовдун «Гүлсарат» поветсинде бардык чыгармаларга мүнөздүү болгон бир канча окуялар тутумдашып, анда адам тагдырлары жан жаныбар тагдыры берилген. Окуянын өнүгүшүндө каармандар өз ара карым-катнашка түшөт, аракеттери менен аң-сезим толгоолорунун да жан-дүйнөсүнүн сапаттарын көрсөтөт.

Окурмандын көз алдында алар жөнүндө ар-кыл кыял-жоруктуу мүнөздөр түзүлөт. Окуялар ирээти менен биринин артынан бири келет, же эки жакка сарсеп салынып отуруп, баари бир акырында окуя акыркы бийиктикке (кульминацияга) жетип токтоп, андан кийин окуя чечилет.

Повестти окутууда мугалим окутуунун ар түрдүү ыкмаларын пайдалануусу зарыл жана милдеттүү. Бул окуучулардын чыгарма жөнүндө, анда көтөрүлгөн проблемалар ж.б. тууралсында терең билим алуусуна шарт түзөт.

Жазуучунун көздөгөн максаты өзү жашаган мезгилдин духун камтый алган теманы турмуштан байкап, аны белгилүү бир идеялык максатка ылайык сүрөттөөнү көздөгөндүктөн, Танабай Бакасовдун тагдырынан сүрөткер зор маанилүү теманы тандап алган. Ал мезгил жана жеке адам темасы. Ал эми тарыхый **ретпроспектива ыгы** болсо, бул теманы – повесттин баш каарманы Танабайдын тагдыры, иш аракети, адам катары, өз алдынча инсан катары калыптанышын мезгилдер аралыгындагы узак турмуш фонунда чагылдыра сүрөттөө үчүн ал ого бетер ийкем табылган. «Бул чыгармасында жазуучу буга чейинки аңгеме повесттерине салыштырганда социалдык жактан активдүү, терең философиялуу, көркөм чыгармачыл **палитрасы** болуп көрбөгөндөй бай». (Л. Үкүбаева. «Чыңгыз Айтматовдун каармандарынын көркөм дүйнөсү», Ф.: 1984. 49-бет.)

Мында автор өзүнүн алдын ала аздектеген сырын ачып, Танабайдын образына, оң каарман проблемасына басым койгон.

Айтматов өзүнүн «Гүлсарат» чыгармасында коомдук турмуштагы, чарбачылыктагы, үйдөгү б.а. үй-бүлөдөгү бийик адамгерчиликти, акыйкатты ырастайт. Гүлсаратта ошол эле Атажурт согушу жана кийинки жылдардагы жетекчиликтеги субьектизм, карапайым адамдардын чыгармачылык далилине бюрократтык, чиновниктик мамилелер, көз боемочулук жерине жеткире баяндалган.

Жазуучунун образдуулукту түзүүдөгү көбүрөөк колдонгон жолдорунун бири салыштыруу экендигин байкадык. Айтматовдун салыштыруу булактары ар түрдүү, бирок аларды туш келди эле пайдалана бербейт. Алар адамдардын кулк-мүнөзүнө, кыял жоругуна жана өзгөчөлүгүнө, сапатына, жана башка толуп жаткан бөтөнчөлүгүн эске алууга ылайык колдонулган. Сүрөткер каармандардын кыймыл-аракеттерин, көрүнүштөрүн, түспөлүн көрсөттүүдө элдик оозеки поэзиянын бай казынасын пайдалана алган жана жогоруда белгиленген касиеттерди жаратылыштын ар кыл өзгөчөлүгүнө, кубулушуна же

коздугуна салыштыруу менен окурманп чыгармадагы каарман туурасында түшүнүк берген жана аы ойго салган. Гүлсарыны «балбан билек, чаткаягы чаткадай, сымаптай чайкаган жорго, (шукшурулган) учкан (уштай» деген салыштыруу менен анын көрүнүшүн, саптын көрсөтөт. Анын айылдагы кадыр-баркын айгинелеп көрсөткөн: Желсиз күнү Гүлсары зымырап өткөн жол үстүндөбоз булла чаң реактив самолеттун түтүн изиндей болуз көпкө турат тарабай» деген сыйактуу салыштырмалар изиденет.

Ал эми «көк бөрү» оюунундагы калың ачандын образы «көчкүдөй жапырылган, ташкындай аарылган» деп берилет. Ошондогу Гүлсарынын ээси улактыгартып алганын сезип, таштоочу жерге шукшурулуп жөнөгөнүндөгү пейзаждык көрүнүштү Чыңгыз Айтматов «күндүн көзү жумуртканын сарысындай коймолжуп, күндүү табы кайтып, тике карасаң, көз уялтпай эрип баратат.»

Ошондой эле, бул повестте адам мүөзүнүн башкы белгисин, мүнөзүнүн өзгөчө касиетин бөлүп көрсөткөн, анын ким экендигинен кабар берген эпитеттер да жок эмес. Мисалы: Торгой чал, башкарма Чоро, жылкычы жигит, Сегизбаев прокурор, эсепчи бала, Ырайым ферме, комсомол чабан Бектай ж.б.

Жазуучунун «Гүлсарат» повестинин даорчундуу, опол тоодой проблемасы бар. Айтматовдун «Гүсарат» повести адегенде орус тилинде «Прощай, Гульсары деген ат менен 1968-жылы «Новый Мир» журналынын №1санына жарыяланып, совет адабиятынын бермети катары дүйнөлүк аренага таанылган белгилүү повесттеринен бир азыийин басмадан чыгып, чыгармачылыгынын дагы бир бийк сереси катары коомчулуктун көңүлүн өзүнө буру менен куулга толду.

Кийин 1978-жылы Фрунзедеги «Кыргызстан» басмаканасынан «Гүлсарат» деген ат менен кыргыз тилинде жарыкка чыкты.

Заманыбыздын залкар сүрөткери Айтматовдун «Гүлсарат» повестине арналып, бир кача чет элдик пикирлер да басма беттерине жарыяланды.

Чыгарманы окутууда окуучулар менен мугалимдин ортосундагы диспуттун болушу ары кызыктуу, ары тагыраак талдоого алып келет. Окулган текст боюнча суроолордун жыйындысы төмөндөгүдөй болушу мүмкүн:

1. Танабай кичинесинен кандай адам?
2. Кулубай деген ким?
3. Кулубайдын өз эмгеги менен байып, оокаттанып алышы Танабайга кандай зыян келтирди?
4. Эки энеден болсо да Танабайдын каршы чыгышы туура болдубу?
5. Автордун «Жаңы турмуш башталды, шар агымы башты айландырып алып жөнөдү» деген сөздөрүнүн Танабайга таасири барбы?
6. Танабай сабатсызбы же куру намысчылбы?
7. Танабай Чорого эмне үчүн «интеллигенттер» эмес, «энтелегендер» деп кайрылат?
8. Чоро менен мурда келишпестиги бар беле?
9. Кулубай колхоздун алга өсүшүнө эмне жамандык кылды?
10. «Кулубай өлгүдөй эле каргаптыр» - деген элдин сөзүнө ишенесиңби? Эмне үчүн?
11. Чындап эле Танабай бекемдегидей ал үчүн кылым кыйшайгыс болдубу?
12. Кана кимиңер Танабайды күнөөлүү дейсиңер?
13. А канчооңор Кулубайды жактайсыңар?
14. Танабай кандай кадыр-баркка ээ болуп калды?
15. Танабай кайсы идеяны ыйык тутту?

Жогорудагыдай проблемалык суроолор берилгенде окуучуларды бирине-бири каршы турган ойлор пайда болот. Ошентип, алар талашып-тартыша башташат. Алардын жооптору эске алынат.

Мугалим ушул жерде эле образдарды жыйынтыктай койбойт. Андан соң жаш кулундун жана жылкынын, күлүк аттын сүрөтү тартылган иллюстрацияларды доскага коет да, ар бир сүрөткө карата сүрөттөрдүн мүнөзүн ачып берген сөздөр магнитофондон угулат.

Доскага кулундун сүрөтү илинип, магнитофондон төмөндөгүдөй текст уктурулат:

«Аяк астынан жер көчсө жаңыдан буту таканчыктаганда жер көчүп башы айланган кулунчак күндөрү эсине түштү. Жайлоодогу кара сазда оюн салып чуркаса, жер былкылдап, тоолор кошо чуркап, күн шаңгырай кишенеп, аскадан-аскага секирип, коштоп жөнөлөр эле. Тенеңдеген Кулунчак кишинеп качкан күндү кубалап, куйругун чычайта бадал аралай чаап, кара сууну чачырата кечип өтөөр эле. Ачууланган күрөң айгыр кулак жапырып, жете барып, кайрып келмейинче салык курсак энесинин тынчы кетип окуранганына кулак салбай оюн салып кете берчү. Кулунчак күндөрүндө үйүрдөгү жылкы мөлтүр суудан көрүнгөндөй эмнегедир буттарын амсанга каратып басчу, салык курсак энеси болсо, таноолорун кытыгылап көбүктөнгөн булут болуп көрүнчү».

Доскага жылкынын сүрөтү илинип, магнитофондон төмөндөгүдөй текст уктурулат:

«Бирок ал күндөр көпкө созулбады. Алгачкы көрүнүштөр өзгөрдү. Көктөгү күн кишенеп, тоодон тоого секиргенин койду, чыгыштан чыгат да, жолунан тайбай жүрүп отуруп, батышка батчу болду.

Жалдуу энеси кулунтайынын чычаңын жыттап, мээримин төгүп турчу эле, эми кээде жинине тийгенде ыйык жалдан оорута тиштеп алчу болду. Желини кичирейди, сүтү байыды.»

Андан кийин доскага 3-сүрөт илинип, магнитофондон текст уктурулат:

«Эрегишкен күлүктөр калгандан кийин Гүлсары жеңилдене түштү. Алды жактан жалтырап өзөн, көк саң көрүнүп, алыстан калың элдин азан-казан доошу угулду.»

Окуучуларга мындан сырткары төмөндөгүдөй карточкаларды таратып жооп алса да болот:

**1-карточка**

1. Танабай кандай адам?
2. Ал турмуштан жаңылдыбы?

**2-карточка**

1. Картаң ат жана картаң чал?
2. Чыгармадагы пейзаждык сүрөттөөлөр.

**3-карточка**

1. Автор Танабайдын образы аркылуу эмненин айтмакчы?
2. Коомдогу бюрокртизм?

***Сабактын планынын модели***

**Сабактын темасы:** Танабайды соттоо

**Сабактын максаты:**

Өз чындыгынан баш тартпаган каармандын образын окуучулардын түшүнүгүнө жеткирүү. Ар бир каарманды сүйлөтүү менен окуучулардын логикалык ойлоосун, сүйлөө речин өстүрүү. Окуучулардын өз максаттарынын өтөөсүнөн чыгууга, чыдамкайлыкка, эрктүүлүккө тарбиялоо.

**Сабактын усулу:** Эвристикалык жана изилдөө.

Сабактын жүрүшү:

Уюштуруу

1. Жаңы теманы түшүндүрүү.
2. Жаңы теманы бышыктоо.
3. Сабакты жыйынтыктоо.
4. Үйгө тапшырма берүү.
5. Баалоо.

Сабактын жүрүшү:

***Мугалим:*** Кана балдар, сабакты санжыргалуу сөз берметтерин айтуу менен баштайбыз.

***1-окуучу:*** Ширин сөздүн ширеси менен, акылдуу сөздүн ажарын мезгил чечет. (В. Шекспир)

***2-окуучу:*** Улуу дайра булактан куралган сыяктуу, улуу окуя кичинекей иштен башталат. (Д. Свифт)

***3-окуучу:*** Дүйнөнү күч башкарбай, акыл башкарат, бирок акыл күчкө таянат. (Б. Паскаль)

***4-окуучу:*** Башкаларга бакыт издеген адам, таалайга өзү дуушар болот. (Платон)

5-***окуучу:*** Билим дарак, иш анын мөмөсү.

(Сабак «Кыргыз көчү» күүсү менен башталат)

***Мугалим:*** Балдар, силерди мемирете, балкытып кулак төшөткөн бул көч жайыттан жайытка, конуштан конушка которулуунун гана көчү эмес, бул мезгилдин, доордун көчү жана эртең эле мекендин жүгүн моюндап, абийир, ар-намыс менен алга адымдоочу силердин көчүңөр. Силердин бул акыл-эс көчүңөрдү «Образдарды ачуу» деп атагым келет. Кандай дейсиңер?

***Окуучулар:*** Макулбуз.

Сабактын жүрүшүндө окуучулар тексттен үзүндүлөрдү окушуп, образдарды талдашат.

***Мугалим:*** «Гүлсаратка канча адам минбеди, кандай гана башкармалар көрбөдүб акылдуусу да, акмагы да, ак жүрөк, адалы да, «суук сөз» арамы да... Эми картайганда баары унутулуп таштап кете берди. Чиркин күнүндө кандай ат эле?..»

Эми балдар биз бул сабакта жыйынтыктоочу сабак катары «Танабайды соттоо» деген темада сахна-сабак өтүп, жыйынтыктайбыз. Анда биз бирибиз Танабай, экинчибиз Сегизбаев, үчүнчүбүз Кашкатаев ж.б. болуп Танабайды соттойбуз. Мында класстын окуучулары сот процессине активдүү катышышат. Катышуучулар:

***Алып баруучу:*** Мугалим

***Жабырлануучу:*** Сегизбаев – 1-окуучу

***Айыпкер:*** Танабай – 2-окуучу

***Актоочу:*** Керимбеков – 3-окуучу

***Соттун төрагасы:*** Кашкатаев – 4-окуучу

***Күбө:*** Чоро – 5-окуучу

Ушу бир бөтөнчө окуядан үч күндөн кийин райондук партия комитетинин бюросу болду.

Танабай Бакасов чакыруу күтүп оозгу бөлмөдө өзүнчө ойлонуп отурду.

- Баарын айтам. Быйылкы каатал кышты айтам, короо-жайдын жоктугун, өзүм отурган үйдүн үрөйүн, жем-чөптүн жоктугун айтам, жаным кейиген ойлорумду да, Бектайдын жоругун да айтам. Териштирсин.

***Алып баруучу:*** Жолдош Бакасов, кириңиз.

***Кашкатаев:*** Отуруңуз.

***Алып баруучу***: Азыркы маселе коммунист Бакасовдун керт башынын иши тууралуу.

Ушундан соң Кашкатаев Сегизбаевдин жазган баяндоо катын окуп берет.

***Кашкатаев:*** Жолдош Бакасов, бюро мүчөсү жолдош Сегизбаевдин катында жазылган фактылардын ырастыгын мойнуңузга аласызбы?

***Танабай:*** Ооба.

Баары унчукпай калды. Баары тиги кагаздан отурган сыяктуу.

***Сегизбаев:*** Жолдош бюро мүчөлөрү, эгер каршы болбосоңуздар мен кичине түшүнүк бере кетейин – деп чечкиндүү сүйлөдү.

***Кашкатаев:*** Сүйлөңүз. Кай бир жолдоштор коммунист Бакасовдун жоругун жөн бир бейбаштык катары баалап жүрбөсүн деп эскертким келет. Эгерде иштин түп мааниси тек бейбаштык болсо, анда мен маселени райкомдун бюросуна коймок эмесмин. Мунун башка себептери бар. Кеп Бакасовдун мени кордогонунда эмес. Мен райкомдун бюросунун өкүлү катары, кала берсе бүткүл партиянын өкүлү болуп баргамын. Андыктан бирөөлөр мени кордоо менен бүткүл партиянын беделинин кордолушуна жол бербеймин.

***Сегизбаев:*** Баяндоо катынын корутундусун дагы бир жолу эсиңиздерге сала кетейин. Бакасов биздин өкмөтүбүздү жаман көрөт, колхозду жек көрөт. Бакасовду сот жообуна тартууга санкция берүүңүздөрдү суранам, ушу бюродон чыгаары менен камоого алынгандай болсун, муну партиянын катарында калтыруу жөнүндө сөз болушу да мүмкүн эмес.

***Кашкатаев:*** Жолдош Бакасов, өз күнөөңүз тууралуу эмне дейсиз?

***Танабай:*** Эчтеке. Баары айтылды. Мен зыянкеч, эл душманы турбаймынбы. Анда менин пикиримди угуп эмне кыласыңар. Жоопко тартсаңар эрк өзүңөрдө…

***Кашкатаев:*** Сиз өзүңүздү адал коммунистмин деп айта аласызбы?

***Танабай:*** Азыр аны далилдей албай калдым.

***Кашкатаев:*** Сиз өз күнөөңүздү мойнуңузга аласызбы?

***Танабай:*** Жок.

***Кашкатаев:*** Эмне, сиз өзүңүздү башкалардан акылдуумун деп эсептейсизби?

***Танабай:*** Жок, тескерисинче, элдин акмагымын деп эсептейм.

***Керимбеков:*** Уруксат болсо мен эки ооз пикир айтайын. Көкүрөгүндө комсомол значогу бар жаш жигит ордунан турду. Ал ушул жерде отургандардын эң жашы экен, арыкчырай, чап жаак, кебетеси али бала бойдон.

***Танабай:*** Сок, балам, аяба. Бир кезде мен да сен сыяктуу болчумун, аячуу эмесмин.

***Кашкатаев:*** Айтыңыз Керимбеков.

***Керимбеков***: Мен жолдош Бакасовдун тартибин колдобоймун. Бирок мен жолдош Сегизбаев менен да келише албаймын. Ал гана эмес жолдош Сегизбаевдин өзүн да талкуулаш керек деп ойлоймун. Колхозчу чабан, карыя коммунистти кордоого сиздин кандай акыңыз бар эле? Мына мени эл душманы деп көрүңүзчү кана?.. Сиз муну колхоздун мал чарбачылыгынын начар абалын көрүп, жаным кейигенден айтып жибердим дейсиз. Чабандын жаны ошол абалга сиздикинен аз кейийт бекен? Сиз бу кишинин оторуна барганда кандай турасыңар, ал-акыбалыңар кандай деп бир ооз сурадыңызбы? Жок, сиз ооз ачкан жерден эле коркутуп киргенсиз. Мен жер-жерлерде көп боломун, иш жүзүндө чыныгы талап кое бергенибиз үчүн комсомол чабандардын алдында кызарууга туура келет. Колхоздордогу кой короолорду көрүңүздөрчү, үрөй учкудай. Жем-чөп дегенден кабар жок.

***Сегизбаев:*** Жолдош Керимбеков, биздин аяныч сезимибизди козгобой эле коюңуз. Сезим деген ой-кыры жок жумулак түшүнүк. Сезим эмес фактылар керек, фактылар.

***Керимбеков:*** Кечиресиз, бул жерде кылмышкерди жазалоо соту жүрүп жаткан жок, партиялаш жолдошубуздун ишин караган бюро жүрүп жатат. Биз коммунисттин тагдырын чечип жатабыз. Бакасовдун бейбаштыгын, албетте, айыптоо керек, жазалоо керек, бирок колхоздун алдыңкы чабаны мындай абалга кантип жетти, бу күнгө кантип дуушар болду?..

***Кашкатаев:*** Отуруңуз, сиз бизди негизги маселеден буруп кетип жатасыз, жолдош Керимбеков.

Танабайдын тагдыры эми талаш-тартышка түшө баштайт. Окуучулар эки командага бөлүнүп алып, бир команда Танабайды партиядан кетиш керек дешсе, экинчи команда кетпеш керек деп Танабайды актай башташат. Танабай болсо алардын сөзүн тыңдаган жок. Ал өзүнөн өзү колхоз деп, колхоздун кой-козусу деп өмүрүмдү сарп кылып жибербедимби? Анын бары буларга бир тыйын турбайбы. Кайра мен коркунучтуу элемент болуп чыктым.

***Алып баруучу:***

Эл иши үчүн бүт өмүрүн сарп кылган ак ниет адамдардын баа жеткис залкар эмгегинин өзүнүн жеке кызыкчылыгы үчүн сокур тыйынга татытпай тебелеп жиберүүгө даяр адамдардын аракеттерин ушул бюродо көрүүгө болот.

Танабайдын таза сезимин баарыдан кымбат нерсеси партиянын катарынан өчүрүп ташташты. Бирок бул Танабай күчсүз дегендикке жатпайт. Бул майданда убактылуу чегинип жаткан жоокердин ыйына окшоп турат. Бирок айыгышкан кармашта баары бир моралдык жеңиш Танабай тарапта турган.

Азыр заман да, доор да башка. Баягы колхоздор, курган ак сарайлардын бары тонолуп бүткөн. Танабай ээ боло албай жүргөн миң-сан койлордун бары чачылып бүткөн. Сыртынан караганда ар ким өзү менен өзү болуп, өтүгүн төргө илген сыяктуу. Бирок ички маңызын байкасак эркин ой жүгүрткөн адамдар Гүлсары сыяктуу кишенделген.

***Сабакты жыйынтыктоо:***

Бүгүнкү сабакты «Ат кетти» күүсүн уктуруу, сөзүн Э.Токтогулов, обонун К. Тагаев жазган «Жаныбарым, Гүлсарым» ырын магнитофондон уктуруу менен аяктайбыз.

**Жаныбарым, Гүлсарым**

Деп ошондо кыргызымдын тулпары,
Күлүктөрдөн күлүк чыккан Гүлсары.
Ак маңдайга алтын нуру төгүлүп,
Дүбүртүңдөн дүңгүрөдү жер шары.

Тери кургап билинбеди басканы,
Тең узады текирени, таскагы.
Кылым билет ат жалына келгенде,
Кыйын келет кыргыздардын чапканы.

Эр Манастын куласындай чуркасын,
Жаныбарым, жаныбарым Гүлсарым.
Жел жетпеген учкул канат боло көр,
Темингенде тегеренип жер шарын.

***Үйгө тапшырма берүү:***

«Танабай жана Гүлсары» деген темада дил баян жазуу.

***Баалоо:***

Окуучулардын билим деңгээлине, катышуусуна, жооп бергенине карап, өздөрү баалашат.

**5-класста «Бугу Эне» жомогун**
**11-класста «Ак кеме»**
**повестин окутуу**

«Ак кеме» повестинин жарыкка келиши бүтүндөй эле күтүүсүздүк болду. Чыңгыз Айтматовдун кандайдыр талаш-тартыш, «чуу» чыгарбаган чыгармасы болбоду окшойт. Бирок анын ар бир эле чыгармасы «Ак кеме» повестиндегидей кызуу талаш-тартышты жана ар түрдүү пикирлерди жараткан эмес. Повестте жазуучунун чыгармачылык дидары башка бир маанайда, жаңы кырынан көрүндү. Адата, коомдук турмуштагы, ошондой эле

эстетикалык аң-сезим чөйрөсүндөгү ар кандай жаңы көрүнүш а дегенде, жаңы пайда болгон маалында шыр кабыл алынбай, түшүнбөөчүлүктү жаратат жана көпчүлүк адамдар өөн көрүп өгөйлөйт.

Айтматов «Ак кеме» повести менен совет адабиятында мифологияга карай чыйыр салып, өзүнүн чыгармачылык практикасында мифтин азыркы туштагы көркөм ойдун активдүү компоненти катары жашаганга толук жөнү, ал турсун акысы бар экенин далилдеп көрсөттү. Кыргыз жазуучулары биздин улуттук жазма адабиятыбыз жаңыдан жаралып, каз-каз туруп телчиге баштаган маалда фольклор менен түздөн-түз байланышта, азыркы мезгилде, адабиятыбыз бардык жактан баралына келип, жетилген жакта, ал фольклор жана миф менен жакындашуунун сапаттык-эстетикалык, башкача айтканда кыйыр байланышына муктаж болуп, ошону издеп отурат. Чыңгыз Айтматов өзүнүн чыгармачылыгында дүйнөлүк адабий тажрыйбасынын бийиктигинен миф менен кездешип отурат. (К. Бобулов. «Жаңы тилке». Б.: «Адабият» 1991.129-бет.)

«Ак кеме» повестинин сюжетинин негизинде Санташ токой коргонунда жашаган, эмгектенген реалдуу адамдардын турмушу алынган. Алар аз сандуу – болгону үч гана үй-бүлө. Бирок ал үч үй-бүлөнүн ортосунда чиелешкен мамиле, карым-катнаш орун алган. Жазуучу коруктагы адамдардын социалдык-нравалык табиятына сүңгүп кирет да, окурмандын сотуна жалпы адамзатка тиешелүү болгон адеп-ахлак проблемасын көтөрүп чыгат.

Токой коругундагы адамдардын реалдуу турмушун сүрөттөгөн окуяларга жомоктук окуялардын тутумдашышы баланын образын жаратуу максаты менен тыгыз байланышкан. Чыгарманын сюжетиндеги жомоктордун көтөргөн көркөм күчү ушуну менен гана чектелбейт. Жомок-уламыштар баланын ойноор теңтушунун жоктугунан көн эле зерикпей, алаксышы үчүн гана керек болуп, ошол максатта берилбестен, алар чыгарманын негизги идеясына баш

ийдирип, анын түпкү маңызы дагы да ачык жаркырашын шарттайт.

«Баланын эки жомогу бар эле», - деп айтылат повестте. Ооба, негизинен экөө. Мындан башка дагы повестте эки уламыш бар.

Биринчи жомок баланын өзү ойлоп чыгарган «Ак кеме» жөнүндөгү жомок. Жомоктун негизинде баланын өз ата-энесине болгон сагыныч, куса жатат. Жомоктун башы да, ортосу да келишип жатат, Балыкка айланып атасына сүзүп барып, кыска өмүрүн узун жомок кылып айтып берди. Бирок экөө жээкке келип, атасы өз үй-бүлөсүнө жолукканда эле жомок үзүлүп, бүтпөй калат. Жаштайынан баланын жүрөгүн оорутуп, анын бейкапар дүйнөсүнө бүлүк түшүрүп, сарсанаага салып, тагдырдын жазмышына таштап, кароосуз коюунун өзү - карасанатайлык. Баланын трагедиялуу тагдырынан эң биринчи себеби – анын ата-энесинин граждандык жоопкерчиликсиздигинде, уулуна караганда нравасыздыгында. «Ак кеме» жөнүндөгү жомоктун подтексти ушул ой корутундусун кылтыйтат.

Жазуучу баланын «Ак кеме» жомогунун ичине дагы эки кичине улама-жомокту кийирген. Бул жөн салды эле айтылып кеткен нерсе эмес. Ал уламыш жомоктордун мааниси, идеясы повесттин негизги маселесине тикеден-тике багындырылган. Анын бири – өз элинин өзөгүнөн чыккан ыр үчүн жанын берген хан жөнүндөгү улама. Биринчиден, бул улама Момундун элдеги жакшы башталыштарды баалай билүүсүнөн кабар берет. Экинчиден, бул баланын кордондон башка жерде ушундай адамдар, чоң турмуш бар экендигине ишенимин көрсөтөт. Уламыштагы хан жөнүндө кызыгат: «Алар кандай кишилер болду экен ыя, ата? Кыязы чоң шаарларда турат го?» - дейт бала.

Экинчи кичине жомок Чыпалак бала жөнүндө. Мында карасанатайлык ач көз карышкырдын образында берилип, ал бир тырмактай бала Чыпалактан жеңилип, жаза алгандыгы тууралуу баяндалат.

Жогорудагы улама – жомоктордун маани-маңызын Мүйүздүү Бугу-Эне жөнүндөгү жомок жыйынтыктап, алардын идеялык пафосун бир түйүнгө бириктирип турат. Ч. Айтматов Бугу-Эне жөнүндөгү легенданы адамдардын жаратылышка карата мамилесин терең айкындоо үчүн колдонулат. Бугу-Энеге каармандардын баардыгы эле бирдей мамиле кыла бербейт, негизинен Момун, Баланын Орозкул менен кайчылаш көз караштары кагылышат. Бугу-Эне алардын нравалуулугун чагылдырган символикалык образ.

Легенда Момундун жан дүйнөсүн кабатыр кылып кетет, бугу уруусунан болгондордун бардыгын тууганы деп эсептеп, өз ара жардамдашууну Бугу-Эненин осуяты катары эсептейт. Ал аркылуу жакшылыкты жоруйт, келбетине сыйынат.

Жомокту Момун чал айтып берген күндөн баштап, бала Бугу-Эненин жакшылыгына, адилеттигине сыйынып, андан ыйык эч нерсе жок катары сезип, жомок дүйнөсүндө жашап калган. Балага адилет жашоого, алга умтулууга үндөгөн, акылдуу, күчтүү, адамдарга жакшылык алып келүүчү идеал – Бугу-Эне. «Мен да сенин уулуңмун, Бугу-Эне» деп сыймыктанат ал. Аны менен басса да, турса да такай бирге. Кышында тыгылып калган совхоздун машиналарын экөө чыгарышкандай болушат. Кээде тышкы чөйрөдөн бала алсыз болуп калганда Бугу-Энеден жардам сурайт. Суу ичкени токойдон түшүшкөн бугу-маралдарды бала өз көзү менен көргөндө жомокко болгон ишенүүсү ого бетер артат. Ички дүйнөсү кубанычка бөлөнүп, жүрөгү алып учуп, көзү балбылдап, көптөн эңсеп-тилеп келгени орундалгансып, таятасына болгон таарынычы да заматта жок болуп кетет.

Ал эми Орозкулдун мамилесин билиш үчүн төмөнкү сүйлөмдү келтире кетсек жетиштүү болот: «Былжыраба, абышка. Жетишет!.. Урдум бугу-маралыңды! Марал келди деп, тим эле катыны эркек тууганcып. Башымды оорутпай, бар устун сүйрө».

Бугу-Энеге карата каармандардын кыялдары, ой-пикирлери, көз караштары чыгарманын кульминациясында текшерилип, сыналып, аныкталмай болду. Ал үчүн жомокто

ыйык көрүнгөн Бугу-Эненин келбети каармандардын бет алдыларында реалдуу пайда болуп, атылышы керек. Атканда да күндө жомоктоп, «марал атсак оңбойбуз» деп Бугу-Энени ыйык тутуп жүргөн Момундун колунан келбедиби! Момун үчүн бул аздектеген жомогунун бүтүшү болчу. Эми балага берер жообу кайсы? Ата-бабалардын арбактарынын алдында актана алабы? Өзүнүн абийиринин алдындачы? Ал ошондуктан баланын жүзүнө дит багып карай албай, өз колу менен жасаган кылмышын, башына түшкөн кайгыны ичкилик менен жууп салгысы келет. Орозкул болсо Момун менен баланын жомокторун талкалап, наристенин көзүнчө Бугу-Эненин кереметтүү, жылаажындуу бешик илип келе турган мүйүзүн балталап, табасы кангандай. Бала гана таятасынын алсыздыгына, чабалдыгына, Орозкулдун зөөкүрлүгүнө келише албады. Ыйык Бугу-Эненин башы тигинтип быт-чыты чыгып, анын жыпжылуу боорун өзү кармап турарына ишенбеди. Бала экинчи жомогу менен жашап, балык болуп сүзүп кетти. Момундун Бугу-Энени атышы, баланын жарык дүйнө менен коштошуусу – биринчиден, маралды аткан кишинин жамандыкка учурашын, экинчиден, элдик поэма «Карагул ботомдогу» мергенчинин өз уулун атып алганга барабар болбодубу! Момун кайберенди аткан менен ал баланын ак, таза, тунук сезимдерин кыйратуу болчу.

Ч. Айтматов «Зарыл тактоолор» деген макаласында «Ак кеме» повестиндеги көтөрүлгөн маселелерге түшүндүрмө берип келип, адам баласы эзелтен бери эле өзүн курчап турган жаратылыштын байлыгын жана коздугун коротпоо үчүн адамдардын турмуш тажрыйбасын, көз карашын, түшүнүгүн, сүйүү сезимдерин элдик чыгармаларда чагылдырылып, кийинки муун үчүн насыят калтырылгандыгын белгилейт. Чыгармадагы легенда илимий-техникалык революциянын өнүккөн шартында чечмелене турган адам жана жаратылыш проблемасына олуттуу маани берүү керек экендигин эскертип отурат.

««Ак кеме» - бул адамзаттын аппак келечегини тунук элеси. Ага умтулган кичинекей наристе – биздин коомдун адамынын таза ар-намысынын, абийиринин накта өзү» - дейт белгилүү адабиятчы Кеңешбек Асаналиев. Адамдар байыртадан эле тукумунун уланышы үчүн кам көрүп келишкен. Тээ өткөн жоокерчилик заманында да көз жуумп бараткан адам өз перзентине керээз айткан. Адамдын өмүр көчү - бүтпөс көч. Өлүм менен өмүрдүн эриш-аркак жүргөнү жүргөн.

Мүйүздүү Эне жөнүндөгү жомок «Ак кеме» повестинин борбордук түйүндөрүнүн бири десек болот. Сырткы сюжеттик белгилерин караганда эле бул мифтин түпкү теги кыргыз элиндеги бугу уруусунун генеологиясы жөнүндөгү санжыра легендадан келип чыкканы байкалып турат. Повесттеги Мүйүздүү Эне анчейин кыргыз тоолорундагы реалдуу бугу гана эмес, ал баарынан мурда ата-бабадан келаткан эзелки мурас, символ, ыйык эненин элеси, адам баласы тутунган идеал. Ага кол көтөрүү энеге кол көтөрүү менен барабар. Бала дал ушундай кабыл алат (Кыргыз адабияты: «Талдоолор жана ой жүгүртүүлөр» Б. Кыргызстан 1991.20-бет.).

Баланын мөлтүр сезимин талкалоого Орозкул канчалык өжөрлүк менен чоң муштумдукту, кара күчтү колдонсо да жеңе албайт. Бала жылт эткен өмүр жолунда дүйнөгө кандай таза абийир менен келсе, так ошондой абийир менен кетет. Биз үчүн баланын балык болуп кубулушу бир чети канчалык оор болсо да, анын жамандыкка аралашпай, наадандык менен келишпегендиги – бул анын адамдык улуулугу. Баланын өлүмү анын жеңилиши эмес, тескерисинче, моралдык жеңиши, анын оюнун салтанат курушу болот. Мына ошондуктан автор чыгармасын төмөнкүчө аяктайт: «Бала жүрөгүң арамдык менен кыянатчылыкты кабыл кылбады, балык болом деп сүзүп кеткениңен мен ушуну билдим. Эми менин көңүл жубатарым да ушул. Бир жарк этип, жалп өчкөн чагылгандай жашап өттүң. Чагылганды Көк Теңир чагат. Көк түбөлүктүү. Менин көңүл жубатарым ушул.

Дагы бир көңүл жубатарым: адамдагы балалык абийир дандагы түйүлдүк сыңары. Түйүлдүгү жок дан өспөйт. Бул дүйнөдө кандай күндү баштан кечирбейли, бирок адам туулуп-өлүп турары чын болсо, акыйкаттык түбөлүк жашаары чын… Эмесе сени менен коштошоюн, бала. Коштошоюн да, сенин сөзүңдү айтайын: «Арыба, ак кеме, мен келдим!»».

Бала балык болуп кубулуп, Ак кемени карай багыт алып сүзүп кетти, ал балким жомоктун аягы да, жыйынтыгы да ушудур. Эски жомок, эски идеал кыйрады, ойрон болду. Анын кунун алыш үчүн, ошентип болсо да «сактап» калыш үчүн жаңы идеалга – Ак кемеге шашуу керек, жетүү керек. Турмушта, жашоодо ар кимдин аздектеген, умтулган ак кемеси болууга тийиш, повесттин бийик оптимисттик ырааты жыйынтыкталган философиялык маани-мазмуну ушунда болсо керек.

«Ак кеме» повестиндеги Бугу-Эне жөнүндөгү уламыш орто мектептин 5-классында 3 саат көлөмдө жана 11-класста повесттин негизги мазмуну окутулат. Повести окутууда жогоруда кеп козгогон проблемаларга токтолуу шарт.

***Сабактын планынын модели***

**Колдонулган ыкма:** «ИНСЕРТ»

**Программанын бөлүмү:** Адабий жомоктор

**Сабактын темасы:** «Бугу Эне»

**Сабактын максаты:**

Чыгармадагы Мекен темасын көтөрүү. Окуучуларды ыймандуулукка, адеп-ахлакка чакыруу. Адам экологиялык проблемаларды токтотуу. Турмуштагы жакшылык менен жамандык, адилдик менен адилетсиздикти андап түшүнүү. Уламыштын бүгүнкү күндөгү маанисин калпып чыгуу, окуучуларга жеткирүү. Балдарды биргелешип иштеп, өз оюн далилдүү айтууга, эркин пикир жаратууга, бири-бирин сыйлоого көнүктүрүү.

**Сабактын убактысы:** 45 мүнөт

**Сабактын жабдылышы** (ресурстар): ватман, маркерлер, скотч. «Бугу Эне» уламышынын тексти. Текст боюнча тартылган сүрөттөр.

**Сабактын жүрүшү** (процедура):

**1. Окуучуларга төмөндөгүдөй музжаргыч (оюн) сунушталат:-**

***Катылган сүрөт***

***Оюндун максаты:***

Чечим кабыл алганга же бир позиция ээлегенге чейин иштин бардык аспекттерин камтыса маанилүү болорун көрсөтүү керек. Анан соңунда шашылыш жыйынтыктар чыгарып албаш үчүн байкап иштөө талап кылынат.

***Оюндун шарты:***

Мугалимде окуучулардын алдында эмне бар экенин көрбөсүн деп, барак менен жабылып коюлган сүрөт(«Бугу Эне» чыгармасына тартылган сүрөт) болот. Мугалим андан кийин сүрөттүн бир кичине гана жери көрүнгүдөй кылып, кагаздын бир келкисин алып коет да, бул эмне деген сүрөт экенин сурап, жообун алат. Мугалим кагаздын экинчи, анан үчүнчү келкилерин алуу менен сүрөттү бара-бара ачат, ошол эле учурда ар бир стадияда окуучулардын, айрыкча алардын ичинен пикирин улам өзгөртүп тургандардын пикирин сурап билип турат. Анан окуучулар иштин соңунда барып бул эмне сүрөт экенин билиш үчүн анын бардык аспекттерин, майда-баратынын бардыгын билиш керек экенин түшүнөт. Жыйынтыгында окуучулар кайсы маселе боюнча болсо да обьективдүү корутунду чыгарыш үчүн жетиштүү билимге ээ болушу керек. Сүрөт ачылып бүткөндөн кийин тема «Бугу Эне» экендиги аныкталат.

2. **Ватманга таблица сызылып доскага илинет.** Таблица төмөндөгүдөй көрүнүштө болот:

| V | + | - | ? |
|---|---|---|---|
| | | | |

3. **Окуучуларга өтүлүүчү тема сунушталат.**

а) тема жөнүндөгү маалыматты жекече тизмелешет.

*1-окуучу:* Менин пикиримде бул чыгарма алыскы Чукоткадагы бугулар жөнүндө болсо керек. Алардын кызык жашоосу, адамдар менен байланышы сүрөттөлөт. Жана алардын ыйык жаныбар экендиги да айтылат.

*2-окуучу:* Бул жомок - байыркы элдин жашоосу жөнүндө. Алардын турмушу кызыктуу сүрөттөлсө керек. Мындан сырткары бугулардын тамак, кийим, унаа катары пайдалануу тууралуу да кеп козголот. Бугулардын адамдарга көп жардам көрсөткөн кызыктуу окуя да айтылат.

б) Жупта иштешет (окуучулар эки-экиден болуп тизмени талкуулашат)

в) Доскадагы таблицага ар бир жуптан бирден ой жазылат.

**4. Тема жөнүндөгү текст таратылып, окууга көрсөтмө берилет.**

а) Текстти (V, +,-,?) белгилерди коюп окушат. Таблицадагы коюлган **«кушча»** белгиси тексттеги тааныш маалыматтарды билдирет, **«кошуу»** белгиси тексттен алган жаңы маалыматты, **«кемитүү»** белгиси туура эмес айырмачылыктар, өз пикирине дал келбеген маалыматтарды, **«суроо»** белгиси ишенбеген, таң калган, түшүнбөгөн маалыматтарды жазууну билдирет.

б) Жупта талкуулашат.

в) Доскадагы таблица толтурулат.

| V | + | - | ? |
|---|---|---|---|
| *-Ч. Айтматовдун «Ак кеме» чыгармасынан үзүндү;* *-Бала менен кыз жөнүндө;* | *- Уруулардын ортосундагы салтты;* *-Салтты бузган жоону;* *-Кыргыздардын Энесай боюнда жашагандыгын;* | *-Бугулар жөнүндөгү маалымат деген ой;* | *-Бугу кантип адамча сүйлөсүн?* *-Кыргыздар Энесайга кантип барып калышкан?* |

***Бугу Эне***

… Уруулар канчалык жоолашпасын, адам каза таап, эл башына аза түшкөн күндөрдө бири-бирине кол салчу эмес. Бирок бүгүн салт бузулду. Салтты бузган нарксыз жоо түндөп курчап, тегеректеги токойду бугуп жаткан. Эми эл мүңкүрөп турган чакты маалдап, капилеттен кол салды. Жарак алып каршы чыгууга, атка минип айкырып чыгууга эч ким үлгүрбөдү. Түшкө киргис кыргын жүрдү. Өмгөктөгөн карыдан эмгектеген балага чейин кылычтын мизине, найзанын учуна, качып кутулам дегени жебенин тилине кетип жатты. Жоо ушуну көксөгөн. Кыр көрсөтүп, тизгин бербеген кыргыздарды тукум курут кырып, күлүн көккө сапырып кетели деп келген. Жоктоп алары, боздоп ыйлап калаары, кун кууп издеп келери калбасын, Кыргыз деген атын өчүрүп, жер менен жексен кылып, тыптыйпыл кырып салалы деп келген. Бардыгы жоонун оюндагыдай болду. Мүлкүн талап, мал-жанын алдыга салып айдап алып кеткен жоонун артында уюлгуган чаң гана көрүнүп калган маалда кабыктан себет токуп, ага толтура карагат, бүлдүркөн тергени токойго кетишип, ойноп жүрүп, күн кайсы убак болгонун аңдабай, оо бир оокумда гана үйүнө кайтышкан ойноо бала менен секелек кыз токойдон чыкты. Жоо чаап

кеткен өлүү журттун түнөргөн ордун көрүп эси чыгып элеңдеген экөө «атакелеп», «апакелеп» буркурап боздоп ыйлашып, же эртең мененки эле калың эли жок, же эртеңки күнү белгисиз, заматтын ортосунда топтомолок жетим калышты. Эмне кылышты билбей эси кеткен балдар: «Токтогула, бизди ала кеткиле», - дешип жоо артынан чуркашты. А бирок жер дүңгүрөткөн калың дабырт астында ал экөөнүн алсыз үнүн ким укмак?

Эки бала жан талашып чуркашса да кууп жете алышпады. Чаалыгып, мууну бошогон балдар жер кучактап жыгылды. Кылчайып артын кароодон, кыбыроодон коркуп жүрөктөрү түшкөн алар кучакташып жатып алышып, уктап калышты. Бир оокумда ойгонуп кетишсе, күн чыгып калыптыр. Экөө ордунан турушуп, из кубалап алга жөнөшөт. Жолдо мөмө-чөмө жеп өзөк жалгап жүрүп олтурушту. Бир маалда токой арасынан шыбыраган үн чыкты. Жалт бурулуп карашса берки экөөнү карап бугу турат. Балдарга мээримин төгө тиктеген Бугу-Эненин көздөрү муңайым, өтүнүчтүү балбылдайт.

Жону ууз ак, боору тайлак жүндөнүп кек буурул тартып, он сегиз айры мүйүздөрү аркайган асылзаада Бугу-Эне маңкая басып келип, уул бала менен кыз балага карап адамча сүйлөп мындай деди:

-Балдарым, мына эми мен силердин энеңермин. Мен силерди ак карлуу алкак Алатоосу бар, күмүштөй Теңир тоосу бар, боордо токой чери бар, ортосунда Көктеңирдин жерге тамган көз жашындай мөлтүр Ысыккөлү бар жерге алып барам. Кыргыз тукуму курут болуп кетээрде элиңердин аты өчпөй, силерден тукум улансын, экөөңөрдүн укум-тукумуңарга мекен болсун деп мен ал жерди Теңирден сурап алдым.

Балдар так секирип кубанып, тепендешип Мүйүздүү Бугу-Эненин соңунан чуркап алышты...

5. **Талкуулоо үчүн суроолор** (дебрифинг):
1.Тексттерди окугандан кийин кандай сезимге дуушар

болдуңар?

2.Жаратылышта элди, жаныбарларды сактоо, камкордук көрүү жөнүндө Бугу Эненин жана бабалар калтырган кандай накыл-мурас кептерди, макал-лакаптарды билесиңер?

3.Адам менен жаратылыш проблемалары боюнча Кыргызстандык жана дүйнөлүк окумуштуулардын биргелешкен кандай иш-чараларын билесиңер?

4. Дүйнө элдеринин адабиятынан, эпосторунан, кинолорунан,мультфилмдеринен Бугу Энедей дагы кандай чыгармаларды,образдарды билесиңер? (мисалы Маугли,Рим уламышы ж.б. окуучулардын мүмкүнчүлүгүнө жараша багыт берүү.)

5.Мүмкүнчүлүктөрүнө жараша, газета, журнал, китептерден,кинолордон, жомоктордон Кыргызстандагы жана башка чет өлкөлөрдөгү Бугу Энеге окшош маалыматтарды издегиле, ата-энеңерден сурап, жалпы класска айтып бергиле.

6.Бул чыгармадай өз легендаңарды жазсаңар да болот.

## 11-класста «Кылым карытар бир күн» романын окутуу

«Кылым карытар бир күн» романында көтөрүлгөн маселелердин бири – адам алдындагы жооптуулугу, милдеттүүлүгү жана парзы. Казангаптын дүйнөдөн кайтышы адамдарга кайгы гана алып келбестен, турмуштун тамыр кагышын, адамдардын нарк-насилин аныктоочу адил сот, тараза болот. Баш каарман Эдигейди жөлөнөр-таянар адамы Казангаптын денесин Эне-Бейитке алып баруу маселеси тынчсыздандырат. Ал Сары-Өзөк талаасынын бир бурчунда түтүн булаткан адамдарды, шаардан Сабитжанды чакыртып, ата-бабалар көмүлгөн Эне-Бейитке коюу жөнүндөгү Казангаптын акыркы керээзин билдирет. Муну укканда Сабитжан безгектей секирип, Эне-Бейитке алып баруунун зарылдыгы жок деп табат, атасын эптеп Сары-Өзөк талаасынын бир жерине көмүп, эртерээк шаарга кетүүгө

ашыгат. Ал Казангапты көзү барында тоногону аз келгенсип, анын дүйнөдөн кайтышын да өз максатына, пайдасына колдонууга аракеттенет. Сабитжан үчүн Эдигей, Эдилбай сыяктуу темир жолчулардын көңүл айтышы бир тыйынга да турбайт, атасынын керээзин аткаруу адамдык милдет экендигин, өлүм алдында бардыгы бирдей экендигин түшүнгүсү да келбейт, ал шаардагы чоң кызматта иштеген жетекчилердин жылуу сөздөрүн уккусу келет. Ошондуктан башына кайгы түшүп турса, Сабитжан арак ичип, келжирек сөздөрдү сүйлөп отурбайбы?! Мындай адамдар менен Эдигей эч келише албайт, алардын адамгерчиликсиз иштерине жол да бербейт. Ал үчүн абийир кымбат, ал жашап өткөн өмүр үчүн жооп берүүнү талап кылган Эдигейдин сыйынган туусу, таянган тоосу. Ошондуктан Эдигей Казангаптын айткан сөзүн эки кылгысы келбейт, кандай гана болбосун сөөктү Эне-Бейитке жеткирүүнү башкы парзы катары сезет. Бул тирүүлүктүн өлүм алдындагы баш ийүүсү, сыйлоосу, урматтоосу. Ал эми Сары-Өзөк талаасынын ысык-суугуна карабай тер агызып, өмүрүнүн көп жылын темир жолчулук кызматка арнап койгон Казангапка эки эсе таазим кылыш керек экендигин Эдигей түшүнгөндүктөн, өзүнүн айткан сөзүнөн кайтпайт.

Казангапты Эне-Бейитке коюунун өзүнүн тарыхы, өзүнүн сыры бар. Карыя адам элинин тарыхын, жашоо шартын, маданий мурастарын өтө көп биле турган. Ошонун бири – Найман-Эне жөнүндөгү баян-улама. Байыркы заманда жун-жан деген баскынчылар Сары-Өзөктү ээлеп турганда адамдын оюна келбеген не бир зомбулук-кыянатчылыкты жасашкан экен. Ошондой мыкаачылыктын бири – адамды акыл-эстен ажыратып, маңкуртка айландыруу болуптур. Маңкурт бир иштеген ишин, бир ээсин билчү экен. Адам баласына жасалган ушундай кыйынчылыкка чыдабаган Найман-Эне ага каршы аттаныптыр. Бирок жун-жандардын буйругун калетсиз аткарган Маңкурт баласынын колунан каза таaптыр. Найман-Эне көмүлгөн жер бара-бара бейитке айланып, Эне-Бейит атанып калган экен. Сары-

Өзөктүн калкы ата-бабаларын Эне-Бейитке көмүшүп, муну салтка, традицияга айландырышкан. Казангап да өлгөндө сөөгүн ошол жакка жашырууну бекеринен өтүнбөсө керек. Эдигейге бекеринен Эне-Бейит жөнүндөгү уламаны айтпаса керек. Эне-Бейитке баруу Сары-Өзөктүн ээн талаа, эрме чөлүнөн Казангапты көөмп койчу тепкендей жер табылбай калгандыктан эмес, же жөн эле Эдигейдин кыялынан чыгарылган машакат эмес болчу. Эне-Бейит баарынан мурда өткөндөрдүн эстелиги, элдин метафоралык тарыхы. Чыңгыз Айтматов романга карата атайы жазылган кириш сөзүндө өзүнүн бул чыгармасын «Сары-Өзөк метафоралары» деп мүнөздөштүр. Бул бекеринен болбосо керек. «Кылым карытар бир күн» романында метафора бул эпизоддук, утурумдук көрүнүш эмес, ал идеялык проблеманы иш жүзүнө ашырган көркөмдүк системанын негизи, борбордук түйүнү. Бардыгы ушул түйүнгө келип байланат, бардыгы ушул түйүндөн тарайт. Метафора – өзүнчө бир көркөмдүк система, концепция. Мына ошондуктан Эне-Бейиттин окуясы маңкурт менен чектелбейт. Андай болгондо, ал баян өтө эле суз, өтө эле кайгылуу тарых болор эле. Айтматовдун аздектеген максаты адамдын бийик ысмын коргоо болгондуктан, бул окуя маңкурт менен бүтпөш керек эле. Чынында ошондой. Найман-Эне маңкурт баласынан каза таап, Акмаядан ооп, кулап бара жатканда башындагы ак жоолугу кубулуп, аппак кушка айланып кеткен экен. Анан ошол куш адамга кайрылып: «Сенин атың Дөнөнбай, Дөнөнбай!» - деп кыйкырып салат имиш. Романдын эң акырында, жыйынтыгында Эдигей Казангапты каалаган Эне-Бейитке көмө албады. Ал жер бекитилген, уруксатсыз зонанын «Сары-Өзөк-1» деген космодромдун ичинде калыптыр. Кароолдо турган күзөтчүгө, лейтенант Таңсыкбаевге Казангаптын акыркы керээзин, Сары-Өзөккө байланыштуу тарыхты түшүндүрүүгө канчалык далбас урушпасын түшүндүрө алышпады. Лейтенант Таңсыкбаевдин Эне-Бейитке уруксат бербеши бардык ой-тилектерди ойрон кылды. Мындайды күтпөгөн Эдигей Казангаптын, ээрчитип

келгендердин астында ызага чыдабай ыйлагысы келип, заманасы түгөндү.

Казангаптын денесин Эне-Бейитке коюу мүмкүн болбой калды. Эмне кылуу керек? Кайрадан адамдардын ортосунда жаңжал чыкты. Сабитжан сөөктү артка алып кетүүгө чамынды. Ата-бабанын салтын түшүнбөгөн Сабитжанды Эдигей бүгүнкү күндөгү маңкуртсуң дейт. Акыры ары кетишип, бери кетишип жатышып, өлүктү Сары-Өзөктүн талаасына коюшту. Казангаптын денесин анын айткан жерине жашыра албашына Эдигейдин ичи күйүп, жолдошторуна ал «эгер көзүм өтсө мени да ушул жерге койгула» деп суранып жатты. Эдигей чындыгында эле кудайга ишенеби? Ал кудай аркылуу өзүнө-өзү отчет берет, өзүнүн ички дүйнөсүнүн тазалыгы үчүн күрөшөт. (А. Акматалиев. «Жаңычылык тажрыйбадан башталат». Ф.: «Кыргызстан» 1986. 116-б.)

Эптеп Казангапты ээн талаа, эрме чөлдүн бир четине жашырып коюп, кайрадан жол тартаарда «Алкан» деп аталган операция башталды. Бул операция боюнча биринин артынан бири атылган ракеталардын милдети: башка жактан, башка ааламдан башка бирөөлөр, билими, цивилизация боюнча бизге караганда өнүккөн башка бирөөлөр жерге келип, түшпөсүн үчүн алардын жерге өткөрбөө. Башкача айтканда, асмандагы кордон бул дагы өзүнчө «шири» - жерге башка цивилизацияны, башка бирөөлөрдү өткөрбөй, коргоп турган «шири». Ошентип, адамды акыл-эсинен ажыратчу төөнүн эмчек терисинен жасалган байыркы ширинин метафоралык мааниси тикеден-тике ааламдык масштабка өтөт.

Биз талдоого алган романында автор элдик легендаларды, уламыштарды пайдалануу аркылуу адамзатты аруулукка, тазалыкка, чынчылдыкка, чыныгы махабатка үндөйт. Жун-жандардын таза адамдарды акыл-эсинен ажыратып, маңкуртка айлантуусу тууралуу уламышты азыркы заманда тынчтыкта жашоого үндөө идеясында пайдаланган. Ал эми космос маселесинде фантастиканы

пайдалануу менен эки системанын ортосундагы ар түрдүү пикир келишпестикти жоюу, согушту болтурбоо, өз ара карым-катнашта болуп өнүгүү проблемасын койгон. «Кылым карытар бир күн» романы өзүнүн зор маанидеги ой-мүдөөсү дүйнөлүк актуалдуу глобалдык маселелерди камтыгандыгы жагынан, эң бийик идеялык-көркөм дөөлөттөрдү батылдык, чыныгы новатордук менен жүзөгө ашыргандыгы жагынан дүйнөлүк адабияттын масштабында алганда эң бир бийик, көөнөрбөс көркөм-эстетикалык көрүнүштөрдүн бирине жатат. Буга кымындай да шек болууга тийиш эмес.

«Кылым карытар бир күн романы» - сюжети көп тарамдуу, композициясы татаал, «адамзаттын көйгөйүн айткан көп маанилүү чыгарма». Бороондуу бекеттин Батыштан Чыгышка, Чыгыштан Батышка өткөн темир жолдун боюнда туруп Бүткүл дүйнөнүн күрөө тамырындай кызмат кылышы. Романдагы каармандардын терең байланышы: Эдигей жана Казангап, Эдигей жана Абуталип, Эдигей жана Сабитжан, Эдигей жана Зарипа, Эдигей жана Каранар. Муундар аралык байланыш, тарыхый акыл-эс жөнүндөгү идея. Чыгармадагы ыйман проблемасы. Чыгармадагы элдик уламыштардын эстетикалык салмагы. Фантастикалык сүрөттөөлөр жана алардын чыгарманын идеясын ачуудагы мааниси. Гуманизм идеясы. Маңкуртчулук жана анын сабактары. Чыгармадагы трагедиялуулук. Адамдын улуулугун, эмгекчилдигин, анын нарк-насилин даңазалоо. Романдын көркөмдүк өзгөчөлүктөрү. Мына ушул сыяктуу негизги проблемалар чыгарманы окутууда мугалимдин көңүл чордонунда болушу шарт. Чыгармачылык изденүү, эргүү талап кылынат.

## 11-класста «Кыямат» романын окугуу

«Кыямат» романы 11-класста окутулуп, аны окутууда мугалим төмөндөгүдөй максатты коет. «Кыямат» - кыйроо алдында турган адамзаттын проблемасын көтөргөн чыгармалардын көч башында турат. Табияттын бүтүндүгү жөнүндөгү баалуу ойлор айтылган. Бостондун жан дүйнөсү, карышкырлар темасынын көркөм чечмеленишин окуучуларга жеткирүү шарт. Баңгичилик темасынын романдын өзөктүү темаларынын бири экендигин, чыгарманын бүгүнкү күн менен байланыштуулугун класста окуучулар менен биргеликте талкуу уюштуруу да жакшы натыйжа берери талашсыз. Чыгармада диний уламыштын көркөмдүк салмагы да бар. Мындан сырткары мугалимдин көңүл чордонундагы негизги маселелердин бири чыгарманын композициялык түзүлүшү. Дүйнөнүн тагдырына жеке адамдын тиешеси жөнүндөгү баалуу ойлор. Бюрократизмге, эскичиликке каршы күрөш, жаңылануунун зарылдыгы жөнүндө идея. Авдийдин жаңы дин издөөсү, анын гуманизми. Акбара жана Ташчайнардын трагедиясы – адам баласына эскертүүнүн берилиши. Романдагы сүрөткердин образ түзүү устаттыгы. Мына ушул маселелердин тегерегинде адабиятчы мугалим сабак өтөт.

Чыгарманы жеткирүүдө мугалим басым жасай турган эң негизги жагдайдын бири болуп романдын тарбиялык-таалим берүүчүлүк саналат. Романдагы каармандардын мүнөзү аркылуу сабакка коюлган максат ишке ашат. Ошондой каармандардын бири Бостон.

Бостон – жан шерик койчусу, кыйышпас адамы, асыл жан Эрназарды өз колу менен өзүнө берди, экөө жайыт караштырып жүрүп, асканын арасындагы мөңгүнүн жаракасына түшүп кетип, жан берди, анын өлүмү Бостон үчүн да, аялы Гүлүмкан үчүн да оор болду, өлгөндүн артынан өлөм деп Гүлүмкан эчен жолу аракет кылды, бирок турмуш деген турмуш экен, өз агымы менен кетип, ал ортодо Бостон сүйүктүү жары Арзыгүлдөн ажырап, жалгыз калды.

Мына ушул тагдыр акыр барып Бостон менен Гүлүмканды бир өргөөгө алып келип, бир очоктон түтүн булатууга шарттады. Алар салтты аттап кете албады, кудай алдында да, маркумдар алдында да ак болуп, далай толгонуулардан соң, анан гана бир жастыкка баш койду. Ушул окуя Базарбай үчүн ал экөөнөн өч алуунун жолу болду. Эрназарды атайын өлтүрүп, анын аялын өзүнө тартып алды деп көрүнөө да, көмүскө да айтып жүрдү.

Бул жаңы үй-бүлөнүн жаралышын кудай колдоп, алардын ортосунан бала жаралды. Бала жаратуу, тукум улоо – кыргыз салтындагы эң ыйык милдеттердин башкыларынын бири. Элде бул дүйнөгө жаралдыңбы демек, сен, өзүң да бала жаратууга милдеттүүсүң деген жырым бар.

Бостон элдик тарбияда өскөндүктөн анын Гүлүмкан менен бирге жашоосунан, экөөнүн ынтымагынан ырыстуу бала жаралды. Ошол бала «экөөнүн ортосун бириктирип, тагдырлаштырып турган, экөөнө бирдей таандык болуп берди». Бостон «...баланы өзү жаткызып уктатчу, анын астында аны менен алышып бир топ отурчу, кээде мешти лапылдатып жагып, үйдү жылытып, эшик-терезенин баарын жаап туруп, дагарага салып киринтип да жиберчү...» Булардын баары Бостондун элдик тарбиядагы адам экендигин жана ошол таалимин өзү аркылуу баласына өткөрүп берүүгө аракет кылып жатканын айгинелөөчү көрүнүш болуу менен бирге кийин-соңку келүүчү трагедиянын күчүн бийик жана окурманга таасирдүү кылуу үчүн жазуучунун колдонгон ыкмасы болуп саналат.

Традициялуу кыргыз үй-бүлөсүнүн ынтымагындай болуп, Бостон ар бир маселе боюнча Гүлүмкан менен кеңешип турат, ага Акбара менен Ташчайнар тууралуу айтып берет, Гүлүмкан болсо Бостондун атын атап «сенсиребей», «баланын атасы» деп ызааттуу кайрылат.

Бостон романдагы башка каармандардан айырмаланып да, көзгө сүйкүмдүү көрүнүп да турат. Карышкыр жана Бостон – экөө биригип байыркы мифке, эзелки окуяга кол кармашып бараткан сыяктанат. Мындай рухий күчтү Бостон

эң биринчи кыргыздарга таандык элдик таалим-тарбиядан алганын жазуучу ар бир деталда, окуялардын динамикасында улам терендетип, улам ар тараптуу ачып отурат.

«Кыямат» - элдик тарбия салттарынын артыкчылыгын көрсөткөн роман. Анын окурмандын симпатиясын жараткан каармандары билимдүү да, интелектуалдуу да адамдардын эмес, а түгүл коом башында турган тоталитардык бийликке каршы турат, партиялык тапшырмаларды шылдың менен карайт, бирок алар адамгерчилик жагынан,табиятка кыянаттык кылбоо жагынан, үй-бүлөдөгү ынтымакты сактоо жагынан баарынан бийик.

Мына ушул ыймандык-адептик ген алардын канына элдик салттардан, ата-бабадан келип жеткен. Мисалы, Бостон билимдүү эмес, жогорку окуу жайын бүтпөгөн, бирок ал карышкырлардын досу, адамдар арасында аларды жакшылыкка баштап кете ала турган каарман, ошол эле кезде баары аны ээрчип, айтканын аткарып турат, ал лидер. Бирок дал ошол лидердин этегине эрмешип, жакасына жармашып, артынан келип бычак уруп ийе тургансып Базарбай турат. Базарбай үчүн Бөрү-Эне тууралуу тотемдик миф – бул бир жомок.

Ошентип романдын бул бөлүмүндө Бостон менен Базарбайдын конфликтисин карышкырларга кылган мамиле аркылуу көрсөтүлөт. Карышкырлар бул жерде – адамдардын ыймандык касиеттерин таразалап тартып көрүүнүн бир каражаты, кишилердин нравалык сапаттарын билүүнүн өлчөмү катары киргизилди жана бул ыкма өзүн абдан терең жана ар тараптуу актады деп айтууга романдын жалпы салмагы негиз бере алат.

Жыйынтыктап айтканда, романды окутуудагы элдик таалим-тарбия салттарынын чагылдырылышын анализдеп жана синтездеп мындай бир бүтүмгө келүүгө болот:

1. Чыгарма жазуучунун элдик таалим-тарбия берүүдө адамдардын жаратылыш менен мамилеси кандай болуп келгендигин жана кандай болушу керектигин ибараттаган чыгармасы;

2. «Кыямат» аркылуу сүрөткер байыртадан келе жаткан элдик тарбиялык салттардын айрым адамдар тарабынан деформацияга учурагандыгын, бузулгандыгын көрсөтөт;
3. Романдагы башкы каармандардын башкы конфликтеринин өзөгүн алардын элдик тарбиялык салттарды сакташы жана сактабашы менен алып барат;
4. Чыгарма традициялуу салттарды бузуу жаратылышта болсун, адамдардын ыйманында болсун жалпы адамзат коомуна терс натыйжаларды алып келишин көрсөтөт;
5. Адамдардын руханий-ыймандык кагылышуусун көрсөтүүдө карышкырлар тууралуу түрк элдеринин мифологиялык көз карашы, анимистик-тотемдик түшүнүктөрү чыгарманын тулку боюна инсандарды тарбиялоо үчүн терең сиңдирилген;
6. Романда накта элдик рухтагы чыгарма болуп, ал ошол кыргыз элдик таалим-тарбия салттарын терең ачып бергендиги менен дүйнөлүк коомчулукту оң сапаттарга тарбиялоого таасирин тийгизе ала турган күчкө ээ.

## «Ысыккөлдүн куту жана куну», «Бизди ойготкон китептер» публицистикаларын 11-класста окутуу

Чыңгыз Айтматов кыргыз публицистикасынын жаңы бийиктикке алып чыккан сүрөткер катары да өзгөчө сөз кылууга татыктуу. Орто мектептин окуу программасын түзүүчүлөр жаңы программага кыргыз публицистикасы, анын ири өкүлү катары Чыңгыз Айтматовду киргизип, анын «Ысыккөлдүн куту жана куну», «Бизди ойготкон китептер» деген Атажурт жана илим-билимдин ролун баяндаган чыгармаларды окуп үйрөнүүнү сунуш кылат.

Публицистика дайыма өз доорунун үнү катары жашайт жана жаңырат. Эгерде врач оорулууну дарылап айыктырса, журналист өзү жашаган коомду анализге алып, андагы негативдүү жагдайларды өз учурунда ашкерелеп, журтту ошол илдеттен арылтып, коомду дарылайт.

Кыргыз улуттук публицистикасы бүгүнкү күнү эл аралык деңгээлге көтөрүлүп, бир эле кыргыз улутуна гана тиешелүү маселелерди эле эмес, жалпы адамзаттык көйгөйлөрдү иликтеп, айрым маселелерди дүйнөлүк коомчулуктун алдында суроо катары коюп, бир кыйла жогорку баскычка көтөрүлгөн.

Чыңгыз Айтматов өзүнүн Атажуртун чексиз күйгөн атуул, патриот катары «Ысыккөлдүн куту жана куну» деген публицистикасында даана ачылат. Ушул теманын алдында ал кабарчы В. Хрусталов менен маектешкен.

Бул маекте залкар жазуучу Ысыккөлдүн кайталангыс сейректигин, дартка дабалуу шыпаакер касиетине токтолуп, Орто Азиянын «бермети» деп аталган ушул көлдүн тартылып, чөгүп баратышына тагыраак айтканда көлдүн жээги жыл сайын 7-10 см. ылдыйлап, суунун бир жылдык тартылышы 400-500 миллион кубометрге жетип жатканына тоо сууларынын бир бөлүгүн Ысыккөлгө агызуу үчүн эки беш жылдык катары менен көрүлгөн даярдыктарды жүзөгө ашыруу кечеңдетилип жаткандыгын тынчсызданат. Ысыккөл көп кырдуу проблемаларды камтыган кеңири изилдөөлөргө муктаждыгын, ал үчүн көлгө гидробиологиялык станция, же институт болбосо да, мименологиялык (көл таануу) илимий мекеме керектигин, өсүмдүктөрүн, жаныбарлар дүйнөсүн, кыртышты, суунун термикасы менен динамикасын толук өлчөмдө изилдеп үйрөнүү зарылдыгын эскертет. Табийгаттын Ысыккөл сыяктуу уникалдуу жайларына өзгөчө бир артыкчылык укуктарды берген мыйзамдык күчү бар жарнамалар керектигин, биз болочоктогу урпактар үчүн Байкалды, Севанды, Биоловеж токоюн сактап калган сыяктуу эле Ысыккөлдүн бөксөсүн толтуруу чараларын көрүү зарылдыгын белгилеп, «Ысыккөлдү сактап калуу – бул Мекендин бир үзүм жерин сактап калуу дегендик» - деп көрсөтөт.

Ал эми «Бизди ойготкон китептер» аттуу публицистикасында адабиятчы В. Левченко менен маектешет. Бул аңгемелешүүдө коздугу биринчи жолу коздугу биринчи

жолу китепке качан жана кайда кабылганына, андан кандай таасир алаганына, өздүк китепканасына чогулткан жана окуп таасирленген китептерине токтолуп, адамдардын руханий байланышындагы көөнөрбөс көрөңгөнүн бири китеп экендигин, ал адамдарды өз башатына баш багууга, жан дүйнөсүнүн сырдуу чектерине жетүүгө, өткөндөгү, учурдагы жана келечектеги турмушка ыклас кылууга түрткү бererин айткан.

Өз элин, жерин сүрөттөп жазып жүрүп дүйнөлүк адабиятты байыткан М. Шолоховдун берген таасирин мисал кылып: «Мурас калган менин алгачкы залкар китепканам, ырларга, санжыраларга, болмуштарга бай, мен туулуп өскөн Талас өрөөнү … Эгер мен реалдуу турмушка, анын татаал жана карама-каршылыктуу жактарына, чыгармачылыгында журтума, Шекериме мен билген жана эсимде калган, ишимде медер тутар адамдарга кайрылбаганымда мен жаза албайт элем, - адамдар шарттар алмашат, ал эми адам руху калат, жашоо менен өлүм, сүйүү менен жапа чегүү, жамандык менен күрөшүү жашай берет, алар түбөлүктүү проблема» - деген ойду айткан. Биз жогоруда эки публицистикалык чыгармада көтөрүлгөн негизги проблемаларга кыскача токтолдук. Төмөндө аларды окутууда эмнелер эске алына тургандыгына, кантип окутса натыйжалуу жана таасирдүү болгонуна токтоло кетмекчибиз.

«Ысыккөлдүн куту жана куну» публицистикасын өтүүдө алгач, көлдүн сулуулугу, керемети, касиети, кайталангыстыгы жөнүндөгү кыргыз акындарынын белгилүү ырлары окуучулардан суралат. Алар Ысыккөл тууралуу ырларды, обондуу ырларды көркөм окушат, обону менен ырдашат. Анан мугалим Ысыккөлдүн элеси түшүрүлгөн бир-эки сүрөттү доскага илет. Лирикалык ырларды акындар Ысыккөлдүн коздугун сөз менен берсе, сүрөтчүлөр Ысыккөлдүн кереметин боектор менен чагылдырылганын көрүшүп, окуучуларда көл жөнүндө жакшы пикирлер пайда болот. Андан кийин кыргыз элинде айтылып жүргөн ойдун келип чыгышы, пайда болушу жөнүндөгү уламыштар,

легендалар, жомоктор айтылат. Аларда Ысыккөлдү ыйык көл катары ачып берген элдик мотивдер, версиялар бар эмеспи. Мугалим ушул процессти өзү башкарып, окуучуларга суроо берип, өзү толуктап турат.

Андан кийин ушул кереметтүү көлдүн да элге айтар сөзү бар экендигине токтолуп, аны Айтматов «Ысыккөлдүн куту жана куну» деген публицистикасында чагылткандыгын айтат. Мугалим андан ары аңгеме формасында сөзүн улайт. Дүйнөдө Ысыккөлгө тең келер керемет көлдүн жоктугун, Ысыккөлдүн байыркы мезгилде Гузкөл, Тузкөл, Темур, Ту-Нор – темирлүү көл деп аталгандыгын, анын илгертен бери эле дарылык касиети болгондугуна, деги койчу Ысыккөлдүн бүгүн чөгүп бараткандыгына, анын таасири, жаратылышка, адамга, жан-жаныбарлардын жашоосуна тие тургандыгына токтолууга тийиш. Бул публицистикалык чыгарма экология проблемасына арналган чыгармалардын бири катары коргоого тийиш. Сабакты өтүүдө, теманы түшүндүрүүдө предмет аралык байланыш сөзсүз болот. Себеби проблеманын өзүн коплексттүү кароо керек. «Ысыккөлдүн куту жана куну» публицистикалык чыгармасын 11-класста өтүүгө карата төмөнкү план иштелмени сунуш кылабыз:

**Сабактын темасы:**

Ч. Айтматовдун «Ысыккөлдүн куту жана куну» Публицистикасы

**Сабактын максаты:**

Окуучуларга экологиялык тарбиянын маданиятын калыптандыруу, жаратылыш жана адам проблемасынын биримдигин ачып көрсөтүү. Ысыккөлдүн чөгүп баратышынын себептери, бирок анын кайталангыс табият белеги экендигин, аны сактап калу керек экендигин түшүндүрүү. Атажуртка, туулган жерге карата патриоттук сезимдерин калыптандыруу. Окуучуларды коомдогу, айланасындагы проблемаларга сергек, активдүү мамиле жасоого көнүктүрүү.

**Сабактын жабдылышы:**

Ысыккөл жөнүндө айтылган мыкты сөздөр жазылган плакаттар, көлдүн элеси чагылдырылган сүрөттөр ж.б.

**Сабактын методу:** ангеме, пресс конференция.

**Сабактын жүрүшү:**

Алгач мугалим өзү да сөз баштайт. Ал окуучуларга төмөнкү ыр саптарын окуп берет.

«Ысыккөл кыргыз көлү кылкылдаган
Кылаасында кыз-келин шыңкылдаган»…
… Ысыккөл сени сүйдүм, сени ырдадым,
Ырыма өзүң болдуң дем кылганым…
…Ысыккөл кээде тынч да кээде толкун,
Толкуса, толкунуна тең ортокмун.
Турмушта канча жолдош күтсөм дагы,
Бир сырдуу сендей жолдош күткөн жокмун.

«Ысыккөл – кыргыз жеринин бермети» - деген лозунгду окуп сабакты баштайт.

**Мугалим:** Балдар, эмне үчүн А. Осмонов «Бир сырдуу сендей жолдош күткөн жокмун» деп жатат?

**Окуучу:** Себеби, Ысыккөлдүн кайгысына, кубанычына, басып өткөн жолуна ортоктош болуп, эл менен кошо көтөрүшкөн.

**Мугалим:** Бүгүн ошол Ысыккөл, анын айланасындагы проблемалар тууралуу аңгемелешели, талкуулайлы деп, биз да сабагыбызга белгилүү жазуучу Ч. Айтматовду, Ысыккөлдүн тарыхын билген тарыхчыны, анын дарылык касиетин изилдеген врачты, көл боюнча изилдөө жүргүзгөн ихтиологду, экологду, географты чакырганбыз. (Мейман-дардын ролун аткарган окуучулар доскага чыгып, катар отурушат. Мугалим алып баруучунун милдетин аткарат.)

**Мугалим:** Силерди кызыктырган суроолор болсо, биздин бүгүнкү пресс конференциянын катышуучуларына берсеңер болот. Булар Ысыккөлдүн тагдырына кайдыгер карабаган адистер. Кана кимде суроо бар?

**1-окуучу:** Чыңгыз Төрөкулович, сизге Ысыккөл кымбат, кыйбас болсо керек. Себеби, сиз көптөгөн чыгамаларыңызда Ысыккөлдү сүйүү менен баяндайсыз.

**Айтматов:** Ооба, Ысыккөл менин кутман бешигим. Ал наристе кезимде мени алдейлеп, боз улан курагымда боюма кубат уютуп, чыгармачылык иште ойго мажбур болуп турганда ар качан демөөр болуп, дем бергени үчүн мага кымбат. Чет өлкөлөрдү көп кыдырдым. Айтор, Ысыккөлгө тең келер жер көрбөдүм.

**2-окуучу:** Урматтуу тарыхчы, Ысыккөлдүн байыркы тарыхы жөнүндө айтып берсеңиз.

**Тарыхчы:** Ысыккөлдүн Тузкөл, Темирлүү көл, Жыткөл деп да атап келишкен. Мындай аталыштардын жаралышы кокусунан дейсизби? Түк андай эмес. Ал чыныда сейрек көл. Ал боюнча толгон лекциялар бар.

**3-окуучу:** Ысыккөлдүн географиялык шарты жөнүндө айтсаңыздар.

**Географ:** Терендиги жагынан Байкалдан кийинки орунда турат. Эң терең жери 700 метрге жетет. Көп сандаган суулар кирет.

**4-окуучу:** Ысыккөлдүн дыралык касиетине токтолсоңуздар.

**Врач:** Көлдүн айланасында термалдуу минералдар бар. Нарзандын бүткүл гаммасы жыйналган. Көлдөгү суулар родомго каныгат. Буга эми күкүрттүн суутекке чыланган ылайларды, таза, жыт аңкыган абаны кошуңуз.

**5-окуучу:** Бирок көлдө да проблемалар пайда болуп жатат деп угабыз.

**Ихтиолог:** Көлдүн жээги жыл сайын 7-10 сантиметрге ылдыйлап жатат. Суу бир жылда 400-500 миллион кубометрге тартыш болууда. Анын залакасы көлдөгү, көлдүн айланасындагы жан-жаныбарларга, жаратылышка тиет.

**Эколог:** Бул шыпаалуу ылайлардын, көлдү курчап турган чычырканактардын, дарылык касиети бар өсүмдүктөрдүн жок болушуна алып келет. Көл 500-1000 метрге тартылса, суунун жылуулугу 2-3 градуска төмөндөйт.

**6-окуучу:** Көлдүн жабыр тартышына эмне себеп болууда?

**Айтматов:** Эгин айдап, жашылча өстүрүп жатабыз. Аларга минералдык заттарды чачабыз, так ошолор көлгө куюп жатат. Көлдүн айланасындагы кеңселер да залакасын тийгизүүдө. Көрсө Энгелс: «Жаратылышты жеңдик деп ашкере манчыркабай эле туралы» - дегени туура экен. Али да жаратылыш бизди көп жазалашы мүмкүн.

**7-окуучу:** Эми кантип ушул кырдаалдан чыгууга болот?

**Айтматов:** Көлгө сууларды буруу боюнча ойлор айтылып жүрөт. Менимче, табияттын Ысыккөл сыяктуу уникалдуу жайларына өзгөчө артыкчылык берүү мыйзам керек.

**8-окуучу:** Ысыккөлдө проблемаларды изилдөөчү илимий мекмелер барбы?

**Ихтиолог:** Көлгө, көл таануучу илимий мекеме керек. Анда өсүмдүктөрдү, жаныбарлар дүйнөсүн, суунун термикасын толук үйрөнүү зарыл.

**9-окуучу:** Урматтуу Чыңгыз агай, Ысыккөлдү өзгөртүү бийлиги сиздин колуңузда болсо эмне иштерди жасай алар элеңиз?

**Айтматов:** Тоо дарыяларын көлдү көздөй агызуудан акча албас элем. Өсүмдүктөр менен айыл чарба иштерин акыл-эстүү бөлүштүрөр элем.

**Мугалим:** Урматтуу окуучулар, бүгүн биз Ч. Айтматовдун «Ысыккөлдүн куту жана куну» аттуу публицистикасын өтүү үчүн бир нече меймандарды чакырып, алардын пикирин уктук.

Жазуучу «Ак кеме», «Кыямат», «Кылым карытар бир күн» ж.б. чыгармаларында экология проблемасын көтөргөн. Бул публицистикасы да конкреттүү көлдүн мисалында жазылган. Бүгүн Арал трагедиясын биз көрүп жатабыз. Биздин Айтматовдун тилеги ошондой трагедияга жол бербөө болуп саналат.

Соңку сөздү Чыңгыз Айтматов агайга береби.

**Айтматов:** Эгер сен өзүңө жамаатташ турган токойду, суу алган бото көз булакты, берешен жерди сүйсөң, тек гана

суктанып эмес, ишкер адам, эң башкысы, эртеңки күн жөнүндө ойлонуп, жаратмандык менен сүйсөң анда сенин патриот боло алганың.

Мугалим сабактын акырында «Ысыккөл менин көлүм» деген темада дилбаян жазып келүүнү сунуш кылат. Ошондой эле Ысыккөлгө арналган легенда, уламыш жомокторду жазып келүүгө да тапшырма берилет.

Ал эми «Бизди ойготкон китептер» аттуу публицистикасын окуучуларга билдирүү, китепти сүйүүгө, берилүү менен китеп жыйноого, китептин баасын билүүгө, жазуучуну урматтоого тарбиялоо зарыл. Ошондой эле китептин Ч.Айтматовдун жазуучу, инсан катары калыптанышына тийгизген таасирин көрсөтүүгө болот. Айтматов: Шолоховдун, Ауезовдун чыгармаларын сүйүп окуй тургандыгын айтат. Адамдын калыптануусуна китептин жана адамдын ролу чоң.

Жазуучу «Мен китепти дайыма ыйык нерседей колума алар элем. Мен үчүн анда китептин жаманы жок болчу, ар бир темага суктанчумун» - дейт.

Бул теманы өтүүдө окуучуларды китепканага алып барып, же атайын китеп көргөзмөсүн уюштурса болот. Китеп жана анын окурмандарга тийгизген таасири, жазуучулар алардын өзгөчөлүктөрү боюнча Айтматовдун китеп тууралуу ойлорунан цитата келтирип, ошол боюнча талаш-тартыш уюштурса болот.

## Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары боюнча адабий кечелердин иштелмелери

### *«Эзелтен чечилбеген улуу талаш, канткенде Адам уулу, Адам болот?!» аттуу адабий кеченин сценарийи*

**Катышуучулар:**

Толгонай
Ысмайыл
Базарбай
Орозкул

Ильяс
Жамийла
Данияр
Сабитжан

*Сахна жасалгасы. Арткы планда эгин талаасы, ыргалып бышкан буудайлар тартылган. Андан ары дүпүйгөн бакшактуу айылдын көрүнүшү. Сахнага колуна таяк таянган, чоң ак жоолукту башына таштап койгон Толгонай кирет. Ал Жер Эне менен сырдашат. Толгонайдын артынан каармандар киришип ар кайсы жерге олтурушат. «Көкөй кести» күүсү коштолуп турат.*

**Толгонай:**

Амансыңбы, куттуу талаам? Адам баласынын кайгысына, кубанычына ортоктош болгон касиеттүү, көтөрүмдүүнүн көтөрүмдүүсү, чыдамдуунун чыдамдуусу, Жер Эне! Мен дагы келдим. Канча мезгил өттү, өмүр суудай агып, карыдым, арыдым. Бирок дагы да болсо үмүт менен жашайм. Адам пендеси эч качан келечектен үмүт үзбөйт тура. Көрсө, үмүтсүз шайтан экен. Мен бүгүн сени менен эзилише сырдашканы келген жокмун. Арманымды айтып сени жашытпайм. Баарына чыдаган өзүң эмессиңби? Туура айтамбы, Жер Эне!

Сенин алдыңа турмуштун тайгак кечүүсүн кече албаган, тагдырдын оош-кыйышына чыдай албаган Айтматовдун каармандарын алып кедим. Жок, мен алып келгеним жок. Өздөрү келишти. Мен бар болгону ошол көчтү баштап келдим. Сага жакын, сырдаш эмесминби. Алар жашоодо кагылды, согулду, жасаган иштери үчүн, аттаган кадамдары үчүн өкүнүштү. Адашкан каармандарды тагдыр өзү тарбиялады. Кудай аларга жалган жашоодогу сыноосун көрсөттү. Мен көп сүйлөбөйүн Жер Эне, баарынын өз оозунан кебин ук. Жакшы жол көрсөт, Жер Эне! Кана замандаштар сөз силерде.

**Ысмайыл:**

Коркок болдум, коргободум Мекенди.
Эл алдында жүзүм болду караңгы.

Оо, Жер Эне, замандаштар кечиргин,
Качкын, ууру, арсыз мендей балаңды.
Кеч түшүндүм, тоодой болгон катамды,
Эрдик кылып алган жокмун батаңды.
Кандуу согуш көз алдыма тартылып,
Ойлогонмун: «тирүү адам, өлтүрөмбү, атамбы?»
Бир жагынан ажал көзгө көрүнгөн,
Үй-бүлө деп санаам-санга бөлүнгөн,
Элестеди энекемдин көз жаштары төгүлгөн.
Кантип кыйып ушуларды кетем деп,
Ала качкам өз башымды өлүмдөн.
Инилерге айтаар менин акылым,
Журт коргогон асыл инсан болгула,
Качкын, ууру деген атка кабылбай,
Эли-журттун купулуна толгула!

*(Башын жерге салып, үнсүз туруп калат)*

**Базарбай:**

Оо, Жер Эне, баарына сен күбөсүң,
Канчалардын урат мени каргышы.
Жашап жатам, өкүнүч менен санаада,
Жаратkандын келбей жатат алгысы.
«Нечего не подобно» деп турмушту,
Канчаларга шылдың менен карадым,
Абийиримди алмаштырып аракка,
Кош Көкжалды зар какшатып ыйлатып,
Бөлтүрүктү сатып толгон байлыкка,
Кыялымда көп акчаны санадым.
Арамдык жок, адал инсан Бостондун,
Турмушуна чоң калаба баштадым,
Акбараны адамдарга кас кылып,
Уулунун да башын жутуп таштадым.
Билем, билем күнөөм менин тоодой көп,
Мен сыяктуу болбогула карөзгөй.
Жаңылыпмын ушул жалган жашоодо,
Ал Базарбай азыр такыр өзгөргөн,

Мээримге бай, сапаттарын адамдын
Учкундарын байкайсыңар көздөрдөн!
*(Чөгөлөп адамдарга жалдырай карайт)*

**Орозкул:**
Кечир мени, бала көрбөс арсызды,
Касиеттүү кагылайын Жер Эне!
Пейилимден таптым далай азапты,
Бул ичкилик көп иштерди жасатты.
Каргышына калып бугу-маралдын,
Көпчүлүктүн азар бердим дилине,
Кол көтөрдүм кайберендин пирине.
Момунчалдын насаат кебин укпадым,
Эсиргенден, ичтим анан уктадым.
Кээде-кээде сөктүм ушул тагдырды,
Кантем анан жыттаар бала болбосо,
Ур-токмокко алдым аял байкушту,
Бала бермек кудай бизди колдосо.
Бул оюмдун кайткам азыр баарынан,
Эч кимге эмес, мен өзүмө таарынам.
Жакшылыкты түптөгөн да адамзат,
Айрылган да өзү адамзат багынан.
Айтаар кеңеш келе жаткан муунга,
Табияттын каарына эч урунба!

**Ильяс:**
Бир кезде тунгам бакытка,
Бактылуу мендей жок деген.
Аселим, балам, дүйнөм шат,
Толтура болчу дос деген.
Тузагын турмуш койгон бейм,
Түз келген жолдо чалындым.
Аял да жок, бала жок,
Элеси калды жанымдын.
Баарына өзүм күнөөлүү,
Бири да мени кечирбейт.

Кечирчи мени Жер Эне,
Таарынуудан тагдыр өзү чечилбейт.
Ойлогондон азыр турмуш башкача,
Жашап өткүм келет эми таптаза.

**Жамийла:**

Тепседи кыргыз салтын деп,
Далайлар мени жек көрөт.
Жашоосун өзү тапты деп,
Далайы мени эп көрөт.
Кантсе да менин күнөөм бар,
Ак нике аттап, жүз ачкан.
Жосунсуз жорук баштагам,
Данияр менен бир качкан.
Кечирчи мени Жер Эне,
Менде да намыс, уят бар.
Атайын жазган кат албай,
Аял да болуп барк албай.
Эсинен чыгып Садыктын,
Ыйымды турдум баса албай.
Жарпымды жазып дем берип,
Жөлөөр адам табылды.
Арасат жүргөн Жамийлаң, Жер Эне,
Ак сүйүүгө кабылды.

**Данияр:**

Туура, менин арылбаган күнөөм бар,
Үй-бүлөсүн бузду дешет Садыктын.
Жамийлага сүйлөй да алган эмесмин,
Керек болсо жүзүн карап батынып.
Жамийлада дагы эч кандай күнөө жок,
Ал жанына алган эмес чакырып.
Экөөбүздүн сүйүүбүзгө бир күбө,
Сейит болот сүрөт тарткан жашынып.
Адам дилин оорутпадым, ак өстүм,
Мекен коргоп согуш отун да кечтим.

Жароокерим Жамийламдын сүйүүсүн,
Көп ойлонуп кабыл алам деп чечтим.
Кечир бизди, адамзаттын энеси,
Жаштык кылып аттаганбыз турмушту.
Бар болгону сүйүү үчүн күрөштүк,
Жасабадык кечирилгис кылмышты.
Ынтымактуу, өмүр сүргөн бүлөбүз,
Уул-кыздарды тарбиялап жүрөбүз.

**Сабитжан:**
Адал мээнет менен жашап өтүшкөн,
Ата-эненин баркына да жетпедим.
Кабар алып алынан,
Шаардан келип кетпедим.
Салтты унутуп, наркты унутуп атанын,
Кыргызымдан, эне тилден четтедим.
Маңкурт дешти бүгүнкүнүн макулмун,
Анан кантем аткарбасам керээзин.
Эне-Бейит уламышын эстетсем,
Казангаптын уулу дешип сыйламак,
Сезим болсо дээримде адамдык,
Аткарылбай калган керээз кыйнамак.
«Эне көргөн тон бычат,
Ата көргөн жол бычат» улуу сөздөр ушулар.
Жаш муундар көкүрөккө түйгүлө.
Кечиргиле мендей болгон маңкуртту!

**Мектеп сахнасы үчүн**
***«Эрте келген турналар»***

*(Сахна караңгы)*
*Караңгылыктын артынан үндөр чыгат.*
**Аксай менен Көксайым**
**Жер соорусу турбайбы.**
\- - - - - -
**Кошчулар удаа-удаа жер аңтарып,**
**Дыйкандар удаа-удаа үрөн септи.**

\- - - - -

**Көк теңир үстү-үстүнө жамгыр төктү.**
**Адамдар үмүт менен жер оодарат.**
**Адамдар үмүт менен үрөн себет.**
**Адамдар үмүт менен деңиз чалат.**

## I көрүнүш

*(Класстын ичи. Класстын ичинде фуфайка кийген, бутуна өтүк кийген 13-14 жаштардагы 5 бала. Бешмант кийген, чачтарын майдалап өргөн 4 кыз партада отурат. Класс ичи суук. Балдар анда-санда колдорун үйлөп ысытып, эжейинен көзүн албай олтурушат. Инкамал апай жүн жоолугун салынып, балдарга сабак өтүп жатат. Класстын четинде меш орун алып, саман жагылат.*

*Инкамал апайдын колунда укаска, бир колунда китеп, дубалга карта илинип турат. Кээ-кээде жүн жоолугуна оозун тосуп жөтөлүп коюп, жагымдуу үн менен сүйлөп жатат. Балдар да кээ-кээде сууктан жөтөлүп коет. (Сууктун, шамалдын үнү угулат).* Сахна артынан үн угулат:

Сыртта суук. Кыш ызгаары өкүм сүрүүдө. Батышта согуштун ызгаары.. Үшүгөн балдардын жүрөгүн жылытып Инкамал апай алыскы Цейлон аралы жөнүндө сүйлөп жатат.

**Инкамал апай:** Маймылы бакта ойногон. Пилдери токой жойлогон, банандары шакта ийилип, оозго түшүп турат. Кыш деген жок. Жалаң жай. Тумагым жок, өтүгүм жок дебейсиң. Ысысаң сууга кирин, зериксең көлөкөлө. Тотукуш, төө куш кубалап ойносоң болот.

*(Султанмурат четте мештин жанында ойго батып отурат)*

**Султанмурат:** Ажайып кооз укмуштун баары Цейлондо турбайбы. Цейлондо терезенин, ал түгүл тамдын кереги жок экен да. Эки талдын башын ийип, чоң алачык кылып жашай бер. *(өзүнчө кыялданып кетет)*

**Инкамал апай:** - Султанмурат сага эмне болду?

**Султанмурат:** *(эсин жыйып)* - Эчтеме.

**Инкамал апай**: - Суроо сураса укпайсың. Андан көрө саман алып келип от жакчы.

**Султанмурат:** *(Эшиктен үшүп кирет, колунда саман)* - Мына сага Цейлон. *(Мешке от жага баштайт).(Балдар отурган класска сылтый басып Башкарма Тыналиев менен завуч кирди).*

**Инкамал апай**: - Тургула балдар, (*Башкарманы карап*) бирдеме болдубу? *(чочулап, коркуп сурайт)*

**Тыналиев:** Жаман кабарыбыз жок, Инкамал апай, балдар менен сүйлөшөөр сөзүм бар. Келген жөнүм мындай, мектебиңер суук экен. Бирок менде самандан башка отун жок. Бул да болсо согуштун кесепети. Бирок, балдар, согушка шылтай берсек, анда жоону жеңе албайбыз. Мен ошол үчүн келдим силерге. Быйыл эки жүз гектар күздүк эге албай калдык. Эки жүз гектар. Буга күчтү каяктан алабыз. Жаздык сеппесек элибиз ачка калат. Ат жабдыгыбыз жок. Сеялкалар эски. Аялдардан башка жарамдуу эл жок. Ошондуктан мен силерден жардам сурап келдим. Башка арга жок. Ким кош айдаган?

**Султанмурат**: Мен айылдын огороддорун айдап бергем.

**Анатай:** Мен да кош айдагам.

**Эркинбек:** Мен да айдагам.

**Тыналиев:** Султанмурат, Анатай, силердин сабагыңар кандай?

**Султанмурат, Анатай:** Алынча.

**Тыналиев:** Окуунун баркын мектепке келгенде билерсиңер. Эгер согуш болбогондо мен дагы окуйт элем.

**Бирөө үн катты:** Агай, сиз самолеттон секирдиңиз беле?

**Тыналиев:** Ооба секиргенбиз.

**Бала:** Ой, ой, корккон жоксузбу? Бир жолу мен сарайдын үстүнөн чоң үймөккө араң секиргем.

**Тыналиев:** Биз десант элек, парашют менен секирчүбүз. Десант деген маанилүү тапшырманы ыкчам аткаруучу отряд болот. Баарыңардын атаңар фронтто жүрөт. Ар бириңер күлазыкты атаңарга өзүңөр даярдайсыңар. Бир жылбы, эки

жылбы? Аны көрөбүз. Анда Султанмурат, Анатай, Эркинбек, Эргеш, Кубаткул, силер кош айдоону билесиңер. Эртең ат сарайга келгиле. Ишти баштайбыз.

## II көрүнүш

*(Сахнада ат араба, соко, аттын жүгөнү ж.б. ар жерде илинип турат. Беш баланын колунда камчы, жүгөн, тизгин, аттын жем салгычы (торбосу) ж.б. жүрөт. Аттардын кошкурган үндөрү чыгат)*

**Тыналиев:** Дыйкан жерге терин себет да, түшүмүн көктөн тилейт. Мына ар бириңер төрттөн атты кошко даярдап жатасыңар. Беш бала жыйырма ат «Аксай десанты» болот. Ал эми Султанмурат Аксай десантынын командири болсун.

**Анатай:** Эмне үчүн Султанмурат, биз каалабасакчы?

**Эркинбек менен Кубаткул:** Эмне ичиң күйүп жатабы, айтылдыбы болду. Султанмурат командир!

**Анатай:** Дайым эле Султанмурат. Дайыма эле Султанмурат.

**Тыналиев:** Токтоткула, чууңарды. Катар тургула. Десанттарга командир дайындалат. Командирди жогорку турган командир дайындайт. Азыр согуш учуру. Экөөңөрдүн атаңар согушта курман болду. Үчөөңөрдүн атаңар согушуп жүрөт. Өлгөндөрдүн да, тирүүлөрдүн да алдында мен жооп берем. А, сен, Султанмурат, балдарга жооп бересиң.

*(Балдар ойлонуп өз алдынча сүйлөшүп турат.Ар бири ойлонуп туруп калышат).*

Сахнанын артынан окуйт:

-Баш баатыр чоро Султанмурат Бекбайдын уулу, кошчуларга кол башчы болуп Чабдарын багып жүрөт. Купуя сүйгөн сулуусу Мырзагүл бар.

-Экинчи чоро Анатай баатыр болду. Бешөөнүн улуусу. Жоого минер Октору деген аты бар. Ал да Мырзагүлдү купуя ичине жактырып жүрөт.

-Үчүнчү чоро атка жеңил, тайга чак Эркинбек баатыр. Бирөөгө кара санабаган, ак жүрөк, Акбайтал аттуу күлүгү бар.

-Төртүнчү чоро Эргеш баатыр. Мээнеткеч. Атасы чоң казатта. Алтын Туяк аты бар.

-Беш чоронун бири Кубаткул баатыр. Атасы чоң казатта

окко учкан.
Тыналиевдин алдында Аксайга барчу балдар турду.

## III көрүнүш

*(Ат сарай. Балдар бири-бири менен жаңжалдашып жатышат)*

**Султанмурат:** (Анатайга) Карачы, атың аксап баратат.

**Анатай:** Аксап?

**Султанмурат:**Октору сылтып басып баратпайбы. Буту шишип кетиптир.

**Анатай:** Баарын кылган сен! А сен эмне озо чаап кеттиң?

**Султанмурат:**Анда сен эмне кубалап өтөсүң. Башкармага Октору аксап калды деп айтасың.

**Анатай:** Сен айт, сен командир болуп жүрбөйсүңбү?

**Султанмурат:**Катын экенсиң. Башыңа иш түшкөндө качтыңбы?

*(Атканага Чекиш биргат келип калды)*

**Чекиш биргат:** Мен силерди сотко берем. Аттырып ташташ керек силерге окшогондорду. Коштун аттарын ишенип тапшырса кылганыңар ушулбу? Мылтыгым болсо бирден терип атсам болор эле.

*(Башка балдар качып жөнөдү)*

Султанмурат гана качпай бир ордунда туруп калды. Чекиш чал камчы менен жон талаштыра чаап калды.

**Чекиш чал:** Кач, -дейм, - иттин баласы, Кач-дейм. Сабап салам. Качып берсе шыйрагың сынат беле. Жок дегенде сыйлап качып койсоң мен жеңилдене түшпөйт белем. Атаң көрү согуш… Атаңар келсе өчүңөрдү менден алсын. Аман-эсен келсинчи…

*(Үшкүрүп отуруп калат)*

## IV көрүнүш

*(Үйдүн чырагында Султанмурат Мырзагүлгө кат жазып олтурат)*

**Султанмурат** ***күңгүрөнүп:***Ушул алакандай кагазга жүрөгүмдү ороп, сулуулугу караңгы түндөгү чырактай көзүмө жарык берген айлымдагы «М» тамгага арнайм.

Аксай менен Көксайым,
Жер соорусу турбайбы.
Арзыдым сага деп айтсам,
Ашыгым сөздү тыңдайбы?

*(Каттуы чөнтөгүнө салат)*

*(Сахнага Ажымурат жип, балта, теше көтөрүп чыгат)*

**Ажымурат:** Султан, тоого отко барып келеличи.

*(Куурайларды бирден терип, отун тере башташат)*

**Ажымурат:**

Бер команда маршалдар,
Калбай тегиз чыгабыз.
Миң миллион жоо келсе да,
Баарын тегиз жыгабыз.
Бир, эки, үч,
Биздерде күч.

**Султанмурат:** Ажымурат, карачы түлкү!

**Ажымурат:** Карма. Карма!

(Экөө бир топко түлкү кууп жөнөштү)

Ур! Чап!

Эй, сен ушундай түлкүнү колдон чыгарып, жок дегенде кол шилтеп койбойсуңбу?

**Султанмурат:** Түлкүнү эмне кыласың?

**Ажымурат:** Эмне кыласың дейт да. Эмне кылат эле дейсиң. Нургазы таякемдикиндей кылып атама тумак тигип берет элек да. А сен турасың карап!

*(Тескери карап ыйлай баштайт)*

**Султанмурат:** Кой, эй, сага эмне болду?

**Ажымурат:** Эчтеме.

**Султанмурат:** Сен ыйлабачы, Ажыке, ыйлабай кулак салчы, атам согуштан келгенде мен катын алайын деп жүрөм.

**Ажымурат:** Катын дейсиңби?

**Султанмурат:** Ооба, а көрө сен ишке жарап бер.

**Ажымурат:** Кандай иш?

**Султанмурат:** Эч кимге оозуңдан чыкпасын.

**Ажымурат:** Өлөйүн айтпайм. Айтчы кандай иш. Өлөйүн бирөөгө айтсам

**Султанмурат:** Мектептеги бир кызга кат алпарып бересиң.

**Ажымурат:** Кайсы кызга берейин.

**Султанмурат:** Таанийсың, анан айтам. Ошол катты жанагы Мырзагүл деген кызга бересиң.

**Ажымурат:** Жакшы, ал кызды билем. Мен сулуумун деп, тим эле койкоет да, чойкоет. Биз менен сүйлөшкүсү да келбейт.

**Султанмурат:** Эмне кыйкырасың ой!

**Ажымурат:** Макул, макул, кыйкырбайм. Экөөңөр Семетей менен Айчүрөктөйсүңөрбү? Ыя, ошондойбу?

**Султанмурат:** Болду эми.

**Ажымурат:** Эмне, кыйкырса да болбойбу?

**Султанмурат:** Кыйкыр, кыйкыра бер! Тиги дөбөгө чыгып алып бүт дүйнөгө жар сал!

**Ажымурат:** Эмнеси бар экен, жар салам. Мырзагүлдү сүйөсүңбү, мына, мына, чын экен! Сүйөт экенсиң, кызарып кеттиң.

*(Султанмурат, болду эми деп, Ажымураттын желкесине бир койду. Ажымурат өңгүрөп ыйлап берет).*

**Ажымурат:** Атам согушта жүрсө болушары жок деп сен мени урушасың ээ. Карап тур көрөсүң го. Атам келсинчи. Анан сени... *(Бир топко ыйлап, кайра соороңуп)*

**Ажымурат:** Сен корпой эле кой, эч кимге айтпайм, апама да айтпайм, катыңды берип коем. Ошентип айтайын десе сен урасың. Танаписте четке чакырып туруп, берип коем. Бирок атамы тосуп чыкканда сен мени ала барасың макулбу? Анан атамы Чабдарга миңгизип алып, үзөңгү кармап чуркайбыз. Апамдар бизди тосуп чыгышсын.

**Султанмурат:** Макул Ажыке, ыйлабачы, атам аман келсе болду экөөбүз Чабдарды минип алдынан чаап чыгабыз.

*(Отуп көтөрүп жөнөшөт)*

**Султанмурат:** Ажыке, сен мени кыйнаба. Эгер Мырзагүл катты алып жообун берсе, үйгө келе жатканда оромпой тепкендей так секирип кел. Эгер каттын жообун бербесе, ...

колунду чөнтөгүнө салып үңкүйүп кел.

**Ажымурат:** *(Колун эки чөнтөгүнө салып)* Макул. Жарайт. Бирок аның кат албаган немедей болуп эле эч сыр бербейт. Байкамаксан болуп эле жүрөт.

*(Султанмурат ат жетелеп келе жаткан аттамчык даярдап коюш керек)*

*(Султанмурат алыстан Мырзагүлдү көрүп калат. Мырзагүл аны көздөй жылмайып келе жатты)*

**Султанмурат:** Абайла, жыгыласың.

*(Мырзагүлгө колун сунду. Султанмурат кыздын колун абайлап кармады. Экөө бет келише калды.)*

**Султанмурат:** Мен сени ооруп калдыбы десем

**Мырзагүл:** Мына *(төрт бүктөлгөн жүз арчы берет. Султанмурат С + М деген жазууну окуп, жүз арчыны жыттап, көкүрөгүнө катты. Мырзагүл акырын кете берди. Султанмурат жүзаарчыны жыттай берди)*

**Анатай арттан көрүнүп:** Ии, жүзаарчы берише баштаган экенсиңер го. (Жүз арчыны жулуп кетти)

**Султанмурат:** Келе бери!

**Анатай:** Шашпагын дос, көрөйүнчү кандай экен. Катуурак кыйкыр! Сүйгөнүм берген жүзаарчыны тартып алды деп кыйкыр!

**Султанмурат:** Бергин дейм, бергин!..

*(Султанмураттын колуна айры урунду)*

**Анатай:** Ме, мечи, тамаша кылып койсо эле.

*(Жүзаарчыны ыргытып жиберди. Султанмурат жүзаарчыны таап. Төш чөнтөгүнө салып алды)*

## V көрүнүш

*(Балдар чөгөлөп олтурушат. Төрт бала. Анатай жок. Четке чакырып)*

**Чекиш:** Сөз бар! Мына бүгүн да суук кабар келди. Анатайдын атасы Сатаркул фронтто окко учуптур, шейит болгур! Жаш эмессиңер. Баргыла! Батага келген элге кызмат кылгыла. Эл барып атат. Силер да ошерде болгула.

Анатайдын досу экениңерди эл билсин. жүргүлө чогуу барабыз. Өкүрүп киргиле.

*(Боз үйдүн алдында Анатай өкүрүп турат)*

**Анатай:** Эсил кайран атакем эми кайдан көрөйүн

**Балдар баары:** Эсил кайран атакем оо эми кайдан көрөлү...

*(Өкүрүп келишти)*

*(Балдар Анатайдын жанына келип коштоп өкүрүп турушат)*

**Султанмурат:** Ыйлаба Анатай, айла канча, мына Эркинбек менен Кубаткулдун аталары да согушта өлүштү. Менин атамдан да көптөн бери кат кат келбейт. Согуш деген, согуш экен да кантебиз. Эгер жардам керек болсо айт. Айт, Анатай.

*(Мырзагүлдөр, Инкамал апай баш болуп батага келишти)*

**Султанмурат:** Анатай, сен ойлобо, таарынба мага. Эгер керек десең жүзаарчыны сага берейин.

**Анатай:** Бул эмне дегениң Султан. Кереги жок. Жүзаарчы сеники. Сен мени кечирип койчу. Мага эчтеменин кереги жок. Атамды сагынып эле… (ыйлап жиберет)

**VI көшөгө**

*(Ээн талаа, алыстан кош айдаган балдар көрүнүшөт. Соко тарткан балдардын үндөрү)*

-Анатай!

-Эркинбе-ек!

-Султанмурат…

**Эркинбек:** Чамдагыла Камбар Атанын тукумдары, чымыркангыла! Чү! Жаныбарларым, чү! Алгалагыла! Чыдагыла! Чү, жаныбарым!

*(Асманда турналардын кыйкуулаган үнү угулат. Улам жакындай берет. Каз катар тизилген турналар)*

**Анатай:** -Турналар! Эээ-эй! Карагылачы турналар учуп баратат. **Султанмурат чалкалап асманды тиктейт:** Жаша! Турналар!

**Үчөө тең бирдей:** Ээй, эй, ээй, турналар!

*(Балдар кыйкырып сүйүнүп жүгүрүшөт)*

**Султанмурат:** Турналар эрте келди! Түшүм мол болот!

**Анатай:** Түшүм мол болот!

**Эркинбек:** Түшүм мол болот! Эй, эй, турналар! Жакшылыкты, жеңишти ала кел! Турнала- ар!!!

(Балдар бир топко талаада чуркап жүрүшөт)

## VII көшөгө

(Айлуу түн, үч бала, төшөктөрдө ойлуу жатышат. Бир маалда уктап кетишет. Кобур-собур үн, добуш угулат. Султанмурат чочуп ойгонсо

**Ууру:** Жаныңдан үмүт кылсаң унчукпа! (Султанмураттын оозун жаап, колун байлайт. Мунуң бүттү! Кана эми тигилерди! (Анатайды бир коюп, кармашып кетет, анын да колу–бутун байлайт. Эркинбекти башка бир коюп, колун байлап, оозун чүпүрөк менен таңышат)

**Ууру:** Мөңкүбөй жат уктуңбу! Силерди бекер жоопко тартылбасын деп байлап салдык. *(Аттардын кошкурган үндөрү, дүбүртү, кишенегени угулду. Султанмурат ары-бери оонап, чүпүрөктү оозунан алып салат.*

**Султанмурат:** Балдар менин оозум бошоду! Тирүүсүңөрбү? Кел, Анатай, кое тур! Далыңды тосуп жат! Бири-бирибизди бошотолу. *(Балдар бири-бирин бошотуп, колдорун буттарын бошотушту)* Аттардын дүбүртү күчөйт. Балдар колдоруна аттын тизгинин алып, чуркап жөнөйт.

**Султанмурат:** Таштагыла аттарды! Коштун аттарын таштагыла! Таштагыла деймм!!!

**Ууру:** Жолобо, жайлап салам! *(Султанмурат колунда тизгинди кармап турат)*

**Султанмурат:** Токто, кууп жетем!Чабдарды эмне өлтүрдүңөр! Атамдын атын эмне өлтүрдүңөр!

*(Султанмурат, Анатай, чуркап баратып чарчап жатып калышат. Бир маалда бөрүлөрдүн улуганы угулат.Караңгыда Султанмурат көрүнөт: Токто!!! Аттарга тийбегиле!*

*Көшөгө жабылат)*

**Сахнада Инкамал апай көрүнөт:** -Согуш болбосо, боору ката элек балдарым окуусун окуй беришпейт беле, аттиң?

**Тыналиев:** Атың өчкүр согуш! Кечиргиле мени, балдарым! Кабырганар ката электе кошко айдадым. Баарына, согуш, сен күнөөлүүсүң!
**Чекиш бригадир:** Урайын деген деле оюм жок болчу! Кечиргиле!

*(Сокосун айдаган балдар көрүнөт.Турналардын үнү чыгат. Эй-эй,ээ-эй, турналар! Беш бала турналарды карап кол созушат. Аттардын үнү угулат)*

*(Ажымурат колун эки чөнтөгүнө салып чыгат)*

**Ажымурат:** Султан атамды тосуп чыкканда мени ала барасыңбы? Атама түлкүдөн тумак тиктирейин дебедим беле.
**Султанмурат:** Адамдар үмүт менен жер оодарат!
**Анатай:** Адамдар үмүт менен үрөн себет!

*Бүт каармандар ар жерде туруп калышат.*

***Чыңгыз Айтматовдун өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу 80 жандырмак***

**№1**

Чыңгыз Айтматовдун кайсы чыгармасында мугалим Дүйшөндүн образы түзүлөт?

а) «Жамийла»

б) «Эрте жаздагы турналар»

в) «Биринчи мугалим»

г) «Саманчынын жолу»

д) «Бетме-бет»

**№2**

Чыңгыз Айтматовдун «Биринчи мугалим» повестинде мектептин тоюна келген Алтынай эмнеге капа болду?

а) элдин турмушунун начардыгына

б) мектептин бүтпөй калышына

в) тойго Дүйшөндүн чакырылбай калышына

г) Дүйшөндүн сабатсыздыгына

д) мектепке чоң белек бере албагандыгына

**№3**

Чыңгыз Айтматовдун «Биринчи мугалим» повестинде кайсы мезгил сүрөттөөгө алынат?

а) Совет бийлиги орногонго чейинки

б)Совет бийлигинин алгачкы мезгилиндеги агартуу иштери

в) Улуу Атамекендик согуш мезгили

г) согуштан кийинки мезгилдер

д) 60-70-жылдар

**№4**

Чыңгыз Айтматовдун «Бетме-бет» повестиндеги согуштан качып келген каарман ким?

а) Кубат

б) Ысмайыл

в) Дүйшөн

г) Ильяс
д) Бакас

**№5**

Чыңгыз Айтматовдун «Бетме-бет» повестиндеги Ысмайылдын негизги турмуштук принциби кайсы?

а) эли-жери үчүн кызмат кылуу
б) эл достугун көздүн карегиндей сактоо
в) өзү жөнүндө гана ойлоо, кара жанын калкалоо
г) ыймандуулук, боорукердик
д) ак жүрөктүүлүк

**№6**

Чыңгыз Айтматовдун «Бетме-бет» повестинде Сейде чыгарманын аягында Ысмайылга кандай мамиле жасайт?

а) аскерге кайра жөнөтөт
б) үңкүргө жашырат
в)Чаткалга качырат
г) Казакстанга качырат
д) солдаттарды ээрчитип барып, аны менен бетме-бет чыгат

**№7**

Чыңгыз Айтматовдун «Кыямат» романындагы «Моюнкум трагедиясы» бөлүмүндө көтөрүлгөн негизги проблема кайсы?

а) экология, жаратылышты коргоо
б) тарыхка этият мамиле жасоо
в) эне тилди өнүктүрүү
г) илим-билимге умтулуу
д) элдер ортосунда достукту чыңдоо

**№8**

Чыңгыз Айтматовдун «Кыямат» романында жаратылышка жырткычча мамиле кылуу кайсы бөлүмдө өзгөчө ачык сүрөттөлөт?

а) «Ашуу»
б) «Жарыш»
в) «Моюнкум трагедиясы»
г) «Чөлдөгү жолугушуу»
д) «Карышкырдын тагдыры»

**№9**

Чыңгыз Айтматовдун кайсы чыгармасында наркомания проблемасы көтөрүлгөн?

а) «Кыямат»
б) «Кылымдан узак созулган күн»
в) «Деңиз бойлой жорткон Ала Дөбөт»
г) «Эрте жаздагы турналар»
д) «Жамийла»

**№10**

Чыңгыз Айтматовдун «Эрте келген турналар» повестинде Аксайга кош айдоо үчүн эрте жазда жөнөп жатышкан балдардын тобу повестте эмне деген ат менен берилет?

а) «Аксай командасы»
б) «Аксай тобу»
в) «Аксай десанты»
г) «Аксай бригадасы»
д) «Аксай дружинасы»

**№11**

Чыңгыз Айтматовдун «Эрте келген турналар» повестинде Султанмурат менен кимдин ортосунда аруу, таза мамиле баяндалат?

а) Султанмурат менен Жамийланын
б) Султанмурат менен Сейденин
в) Султанмурат менен Зарипанын
г) Султанмурат менен Аселдин
д) Султанмурат менен Мырзагүлдүн

**№12**

Чыңгыз Айтматовдун «Эрте келген турналар» повестинде «Аксай десанты» болуп, кош айдоого жөнөп кетишкен беш бала кимдер эле?

а) Султанмурат, Анатай, Акмат, Керим, Эркинбек
б) Султанмурат, Жолдош, Анатай, Эргеш, Нурбек
в) Султанмурат, Эркинбек, Нурлан, Самат, Мырзабек
г) Султанмурат, Анатай, Эркинбек, Кубаткул
д) Султанмурат, Эргеш, Канат, Марат, Кайрат

**№13**

Чыңгыз Айтматовдун «Эрте келген турналар» повестинин эң соңу кандай окуя менен бүтөт?

а) турналардын учуп келиши менен
б) кыздардын тамак-аш алып келүүсү менен
в) Тыналиевдин балдарга алкыш жарыялоосу менен
г) балдардын майрамга жөнөп кетүүлөрү менен
д) Султанмураттын карышкыр экөөнүн беттегешиши менен

**№14**

Төмөнкү үзүндү Чыңгыз Айтматовдун кайсы чыгармасынан алынды?

«Үлпүлдөгөн түнкү шоокумда салкын тартып, жер, сен дагы ошондо биз менен кошулуп жыргап жаттың.»

а) «Бетме-бет»
б) «Жамийла»
в) «Саманчынын жолу»
г) «Биринчи мугалим»
д) «Гүлсарат»

**№15**

Чыңгыз Айтматов кайсы чыгармасы үчүн Лениндик сыйлыкты алган?

а) «Жамийла»
б) «Гүлсарат»

в) «Тоолор жана талаалар»
г) «Ак кеме»
д) «Кылым карытар бир күн»

**№16**

«Биринчи жолу тилмеч болгонумда 5 жашта элем. Ал кызматым үчүн бир жилик эттин ээси да болгом…» - кимдин эскерүүсүнөн?

а) Т. Сыдыкбеков
б) А. Токомбаев
в) К. Маликов
г) Ч. Айтматов
д) К. Жантөшев

**№17**

Чыңгыз Айтматовдун төмөнкү чыгармаларыны ичинен кайсы чыгармасы драмалык чыгарма?

а) «Биринчи мугалим»
б) «Бетме-бет»
в) «Саманчынын жолу»
г) «Эрте келген турналар»
д) «Фудзиямадагы кадыр түн»

**№18**

«Дүйнөдө мындан ары согуш болбосо, жаңыдан төрөлгөн баланын ыңаалаганы – ошол мен, бой жеткен кыздардын жодураган көздөрү - ошол мен, бутакта көгөргөн жалбырак – ошол мен …» - Ч. Айтматовдун кайсы каарманынын сөзү?

а) Данияр
б) Султанмурат
в) Дүйшөн
г) Майсалбек
д) Ильияс

**№19**

Чыңгыз Айтматовдун кайсы чыгармасы Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыкка арзыган?

а) «Жамийла»
б) «Эрте келген турналар»
в) «Делбирим»
г) «Бетме-бет»
д) «Ак кеме»

**№20**

Чыңгыз Айтматовдун эң алгачкы жазган аңгемеси кайсы?

а) «Ак жаан»
б) «Түнкү сугат»
в) «Кайракта»
г) «Газетчи Дзюйо»
д) «Асма көпүрө»

**№21**

Чыңгыз Айтматовдун «Деңиз бойлой жорткон Ала Дөбөт» повестинде кайсыл элдин турмушун чагылдырган?

а) Инды
б) Майа
в) Нивх
г) Ангымда
д) Баварлар

**№22**

«Саманчынын жолу» чыгармасында Субанкул менен Толгонайдын эң кичүү уулунун аты ким?

а) Тайлак
б) Мойнок
в) Жайнак
г) Байзак
д) Аскат

**№23**

«Саманчынын жолу» повестинин башкы каарманы Толгонай баарынан ажырап жалгыз калса да, жашоо өмүрдүн түгөнбөстүгүнө ишенип, келечектен көптү күтөт. Ал келечектин ээси деп кимди эсептейт?

а) Касым
б) Майсалбек
в) Жайнак
г) Жанболот
д) Бекташ

**№24**

«Саманчынын жолу» повести боюнча кинофильмди кайсы кинорежисор тарткан?

а) Т. Океев
б) Б. Шамшиев
в) Н. Жантурин
г) Г. Базаров
д) Л. Шепитько

**№25**

«Жамийла – махабат тууралуу дүйнөдөгү эң сонун баян» - деп ким баалаган?

а) Кайсын Кулиев
б) Константин Симонов
в) М. Шолохов
г) Луи Арогаи
д) Джено Памполани

**№26**

Чыңгыз Айтматов кайсы чыгармасында Инкамал апанын образын түзгөн?

а) «Фудзиямадагы кадыр түн»
б) «Саманчынын жолу»
в) «Эрте келген турналар»
г) «Кылым карытар бир күн»

д) «Кыямат»

**№27**

«Кызыл жоолук жалжалым» повестиндеги каармандардын бири ким?

а) Бектемир
б) Чынтемир
в) Шаатемир
г) Байтемир
д) Кантемир

**№28**

«Саманчынын жолундагы» аттарды уурдаган, согуштан качып келген каармандын аты Ким?

а) Абдыгул
б) Темиркул
в) Жекшенкул
г) Кемиркул
д) Жапаркул

**№29**

«Эрте келген турналар» повестиндеги Султанмураттын минип жүргөн атынын аты?

а) Гүлсарат
б) Чоңтору
в) Чалкуйрук
г) Чабдар
д) Телтору

**№30**

«Эрте келген турналар» повестинде кайсы тарыхый мезгил сүрөттөлөт?

а) төңкөрүш мезгили
б) колхоздоштуруу мезгили
в) согуш мезгили
г) согуштан кийинки мезгил

д) он тогузунчу кылымдагы окуялар

**№31**

Төмөнкү сөз Чыңгыз Айтматовдун кайсы чыгармасындагы кайсы каармандын сөзү?

«... Гүл сүйгөн келиним ... Өзү деги гүл дегенге жакын эле, эрте жазда байчечекейлерди кар астынан да таап келе турган...»

а) «Жамийладан» Жамийланын сөзү.
б) «Биринчи мугалимден» Алтынайдын сөзү
в) «Бетме-бетте» Сейденин сөзү
г) «Саманчынын жолунда» Толгонайдын сөзү
д) «Делбиримде» Аселдин сөзү

**№32**

Толгонайдын образын театр сахнасына эң биринчи кайсы актриса алып чыккан?

а) С. Күмүшалиева
б) Б. Кыдыкеева
в) Д. Күйүкова
г) М. Далбаева
д) А. Жанкорозова

**№33**

«Саманчынын жолу» биринчи жолу кыргыз тилинде кайсы журналда жарык көргөн?

а) «Кыргызстан аялдары»
б) «Эл агартуу»
в) «Алатоо»
г) «Ден соолук»
д) «Байчечекей»

**№34**

Чыңгыз Айтматовдун «Фудзямадагы кадыр түн» драмасын жазышкан авторлошу ким?

а) С. Сейтхазин

б) Ж. Өмүрбеков
в) И. Жаканов
г) А. Кекилбаев
д) К. Мухамеджанов

**№35**

«Кыйыры менен көркөм өнөр көк түбү,
Кандай сонун турмуш менен төптүгү!
Субанкулдун чеккен таштай турпаты –
Нагыз кыргыз дыйканынын бүт тиби.» - Ч. Айтматовдун кайсы чыгармасы тууралуу?

а) «Ак кеме»
б) «Гүлсарат»
в) «Саманчынын жолу»
г) «Бетме-бет»
д) «Эрте келген турналар»

**№36**

«Он төрт жашар өспүрүм чоң кишинин иштегенин иштеди, чоң кишинин түшүнгөнүн түшүнүп, чоң кишиче кайгырды…» Чыңгыз Айтматовдун кайсы карманы жөнүндө сөз болуп жатат?

а) Сейит
б) Ильяс
в) Майсалбек
г) Султанмурат
д) Дүйшөн

**№37**

«Эгер мен скульптор болсом, согуш кезиндеги аялдын образын колодон жасоого бүт өмүрүмдү сайып коер элем…» деп ким айтат?

а) А. Токомбаев
б) Т. Сыдыкбеков
в) Ч. Айтматов
г) А. Осмонов

д) Т. Үмөталиев

**№38**

Бекей кайсы чыгарманын каарманы?

а) «Эрте келген турналар»

б) «Гүлсарат»

в) «Бетме-бет»

г) «Ак кеме»

д) «Биринчи мугалим»

**№39**

Төмөнкү саптар Ч. Айтматовдун кайсы чыгармасы жөнүндө?

«Төрт адамга тилек тилеп жакшылык,
Улуу от жагып, кылды дагы бакшылык.
Жеңил барып, оор кайтып келгиле,
Деп жөнөттү орган чалды баш кылып…»

а) «Фудзямадагы кадыр түн»

б) «Кыямат»

в) «Эрте келген турналар»

г) «Деңиз бойлой жорткон Ала Дөбөт»

д) «Кылым карытар бир күн»

**№40**

«Түбөлүк чечилбеген улуу талаш –
Канткенде адам уулу адам болот?» Бул саптар кайсы чыгармадан жана кимдин ыры?

а) «Кылым карытар бир күн», Абуталиптин

б) «Фудзиямадагы кадыр түн», Сабырдын

в) «Деңиз бойлой жорткон Ала Дөбөт», Органдын ыры

г) «Биринчи мугалим», Дүйшөндүн ыры

д) «Саманчынын жолу», Алимандын

**№41**

«Жамийла» повестинде Ч. Айтматов эң башкысы эмне жөнүндө сөз кылат?

а) согуш учурунда тылдагы оор турмуш жөнүндө
б) Сейиттин станцияга буудай тарткандыгы жөнүндө
в) Садыктын согуштагы күндөрү жөнүндө
г) Даниярдын азап-тозогу жөнүндө
д) Данияр менен Жамийланын махабаты жөнүндө

**№42**

Чыңгыз Айтматов Жамийла менен окурмандарды биринчи жолу кандай кырдаалда тааныштырды?
а) буудай тартып станцияга бараткан жолдо
б) Данияр экөө суу чачышып ойноп жатканда
в) кайненеси менен сүйлөшүп турган жеринен
г) чөп чабыкта, тиийшкен Осмонду урушкан эпизоддо
д) Сейит экөөнүн үйгө келаткан жолунда

**№43**

Чыңгыз Айтматовдун «Жамийла» повестинде Данияр өзүн чексиз сүйөрүн Жамийла качан толук сезди?
а) Сейит үчөө станцияга буудай тартып бараткан жолдо
б) Каптарды экөө колдошуп арабага жүктөп жатканда
в) Кыз, жигиттер болуп суу чачышып ойноп жатканда
г) Жети пуддук капты Данияр көтөрүп чыкканда
д) Экөө кырманда жаткан учурда

**№44**

Ч. Айтматовдун «Жамийла» повестинде күйөөсү Садык Жамийлага кантип үйлөнгөн эле?
а) экөө сүйүшүп үйлөнгөн
б) Жамийланы Садыкка кудалап алып беришкен
в) Садык балдар менен мелдеше кетип үйлөнгөн
г) кыз куумайда жетпей, намыстанып үйлөнгөн
д) Жамийла өзү каалап чыккан

**№45**

Ч. Айтматовдун «Жамийла» повестинде Садыктын: «Жана да аялым Жамийла Аман-эсен турабы?» - деп бүтүүчү

каттарын окуганда Жамийланын сустайып көңүлү чөккөндүгү эмнени билдирет?

а) Садыкты сагынгандыгын

б) Садыктын жарадар болгондгуна боор ачып

в) Садыктан ирээнжигендиктен

г) карап турган кайненесинен уялгандыгынан

д) эч нерсе билдирбейт

**№46**

Ч. Айтматовдун «Делбирим» повести канча баяндан турат жана алар кандайча аталышат?

а) бир эле баяндан; Эч кандай өзгөчө деле атоо жок

б) эки баяндан: «Шофердун баяны», «Жолчунун баяны»

в) эки баяндан: «Аселдин баяны», «Шофердун баяны»

г)эки баяндан; «Шофердун баяны», «Журналисттин баяны»

д)үч баяндан; «Аселдин баяны», «Журналисттин баяны», «Жолоочунун баяны».

**№47**

Ч. Айтматовдун «Делбирим» повестинде Илья сменен Асел эң биринчи кайсыл жерде жолугушту?

а) Иляс иштеген автопаркта

б) Аселдердин короосунда

в) Илястын машинеси бузулуп жаткан учурда

г) Конокто олтурушуп

д) Жаштар бийлеген кечеде

**№48**

Чыңгыз Айтматовдун «Делбирим» повестинде Асел уулу Саматты көтөрүп алып эмне үчүн Ильястан кетип калды?

а) Ильяс аны сабап койгондон кийин

б) ата-энесин аягандыктан

в) Ильяс Калийчанын үйүнө кирип алгандыктан

г) Ильяс ооруп, баласы экөөнү бага албагандыктан

д) Ильяс көзүн ачпай ичип кеткендиктен

**№49**

Чыңгыз Айтматовдун «Делбирим» повестиндеги Байтемир деген каарман ким?

а) Аселдин кийинки күйөөсү

б) Кадийчанын мурдагы күйөөсү

в) Автобазадагы шофер

г) Ильястын аскерде бирге кызмат өтөгөн досу

д) Аксакал, кадырлуу шофер

**№50**

Чыңгыз Айтматовдун «Деңиз бойлой жорткон Ала Дөбөт» повестинде нивхи элинин уламышы боюнча суу каптап турган дүйнөдө жер кантип пайда болгон?

а) Зымырык куштун суу үстүнө салган уясынан

б) Алпкаракуштун суу үстүнө салган уясынан

в) Тоту куштун суу үстүнө салган уясынан

г) Лувр өрдөгүнүн суу үстүнө салган уясынан

д) Үпүп сасыктын суу үстүнө салган уясынан

**№51**

Ч. Айтматовдун «Деңиз бойлой жорткон Ала Дөбөт» повестиндеги негизги окуя кайда өтөт?

а) деңиз жээгиндеги айылда

б) туш тарабын суу курчаган аралчада

в) тумшугу сууга сайылып турган аралчадагы жер кепеде

г) суу түбүндө

д) деңизге мергенчиликке чыккан бир кайыктын ичинде

**№52**

«Өр талашкан кара жолдо эски араба айдаган кары киши келет. Араба тарткан кула жорго ... картайган ат, абдан эле картаң ат», деген баян менен Ч. Айтматовдун кайсы чыгармасы башталат?

а) «Делбирим»

б) «Кылым карытар бир күн»

в) «Ак кеме»

г) «Гүлсарат»
д) «Ботогөз булак»

№53

«Гүлсарат» повести үчүн Ч. Айтматов кайсы сыйлыкка татыктуу болгон?

а) СССРдин мамлекеттик сыйлыгына
б) Лениндик сыйлыкка
в) Бүткүл союздук Ленин комсомолу сыйлыгына
г) КРдин Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгына
д) Кыргызстандын Ленин комсомолу сыйлыгына

№54

«Гүлсарат» повестиндеги Танабай менен Гүлсары эң биринчи качан табышышкан эле?

а) колхоздоштуруу учурунда
б)согушка жөнөп жатып жылкычылардыкына түнөгөндө
в) согуштан келе жатып Чоронун үйүндө болгон кезде
г) Жылкычы болгон жылы Торгой чалдан алып калды
д) уурулар уурдап бара жаткан жеринен кармап калган

№55

«Гүлсарат» повестиндеги Чоро Саяков ким?

а) эскиден калган, кой терисин жамынган актив
б) жылкычы
в) Танабайдын фронттогу командири
г) Танабайдын жан досу, кохоздун башкармасы
д) Танабайдын кайнатасы

№56

Чыңгыз Айтматовдун «Гүлсарат» повестинде кайсы мезгилдеги турмуш сүрөттөлүнөт?

а) колхоздоштуруу учурундагы
б) Улуу Атамекендик согуш учурундагы
в) согуштан кийинки айыл турмушу

г) азыркы турмуш

д) Октябрь төңкөрүшүнүн учурундагы окуялар

**№57**

Чыңгыз Айтматовдун «Гүлсарат» повестинде Танабай шефке алган Бектай эмне үчүн бир короо коюн таштап салып качып кетип калды?

а) атасы кайтыш болуп калып, ошондон улам

б) башка колхоздогу чабандар азгырды

в) үйлөнүп, келинчеги алып кетти

г) начар шарттан тажап кетип калды

д) жөн эле себепсиз кетип калды

**№58**

Чыңгыз Айтматовдун «Гүлсарат» повестинде «Булгаары пальточон жаңы манап» деп Танабай кимди айтып жатат?

а) прокурор Сегизбаевди

б) жаңы башкарма Алдановду

в) парторг Чоро Саяковду

г) райкомдун биринчи катчысы Кашкабаевди

д) комсомолдун катчысы Керимбековду

**№60**

Чыңгыз Айтматовдун «Гүлсарат» повестинде чыгарманын соңунда Танабай эмне үчүн райкомдун бюросуна коюлуп, партиядан чыгарылды?

а) партиядан чыгууну өзү каалагандыктан

б)мурдагы манаптын баласы баласы деген айып тагылып

в) социалисттик милдеттенмесин аткара албагандыктан

г)советтик коомду, коммунисттик идеологияны жамандап

д) партиянын өкүлдөрүн сөккөндүктөн

**№61**

«Бу баланын эки жомогу боло турган. Бири жан билбеген өз жомогу, экинчисин таятасынан уккан. Акырында эки жомогунун бири да калбады», - деген баян менен Ч. Айтматовдун кайсы чыгармасы башталат?

а) «Ак кеме» повести
б) «Атадан калган туяк» аңгемеси
в) «Саманчынын жолу» повести
г) «Ботогөз булак» повести
д) «Бетме-бет» повести

**№62**

Чыңгыз Айтматовдун «Ак кеме» повестинде окуя кайда өтөт?

а) алыскы тоо койнундагы метеостанцияда
б) узак сапардагы поездин ичинде
в) айыл четиндеги койчулардын кашарында
г) токойчулардын кордонунда
д) көк деңиздин үстүндөгү ак кеменин ичинде

**№63**

«Ак кеме» повестинде келген апталаптан (машине магазинден) таятасы балага эмне сатып берди?

а) бир баштык момпосуй
б) бир баштык печенье
в) капкара костюм, шым
г) кара портфель
д) ак көйнөк, кызыл жагоо

**№64**

«Ак кеме» повестиндеги бала эмне үчүн таятасынын колунда жүрөт?

а) ата-энеси кырсыктан каза болгондуктан
б) ата-энеси ажырашып кетишкендиктен
в) таята, таенеси багып алышкандыктан
г) Баланы таап алышкандыктан

д) убактынча таштап кетишкендиктен

**№65**

«Ак кеме» повестиндеги бала Ак кеме менен кантип учурашкысы келет?

а) «Арыба, Ак кеме, мен келдим!»

б) «Кандай, Ак кеме, жакшысыңбы?»

в) «Оой, Ак кеме, саламатсыңбы!»

г) «Ассолоомалейкум, Ак кеме!»

д) «Арыба, Ак кеме, жакшысыңбы?»

**№67**

«Ак кеме» повестиндеги баш каармандарынын бири Момун кандай адам?

а) айлакер, куу чал

б) илим, билимдүү карыя

в) мурдатан эл башкарып жүргөн карыя

г) кой оозуна чөп албаган жоош-момун карыя

д) катуу ооруп, жүдөгөн абышка

**№68**

«Ак кеме» повестиндеги Орозкул кандай адамдын типтүү көрүнүшү?

а) боорукер, күйүмдүү адамдын

б) жоомарт, колу ачык адамдын

в) куу, митайым адамдын

г) карамүртөз, таш боор адамдын

д) жоош, момун адамдын

**№69**

«Ак кеме» повестинин аягында бала эмне үчүн сууга сүзүп кетти?

а) оорусунан улам сууга чөккүсү келди

б) таятасынын Бугу-Энени атып алгандыгы үчүн

в) Орозкулдун карамүртөздүгүнөн улам

г) баланын сууга сүзүп кетиши кокустан болгон кырсык

д) баланы башкалар алдап чөктүрүп жиберишти

**№70**

«Кылым карытар бир күн» романында эски жолчу Казангаптын көзү өткөндө сөөгүн эмне үчүн Бороондуудан отуз километр алыстагы Эне-Бейитке койгону алып жөнөштү?

а) тегеректе бейит жок эле

б) Казангаптын уулу Сабитжан ушундай деген чечимге келди

в) Казангаптын керээзи ушундай эле

г) Казангаптын кызы Айзааданын сунушу менен

д) Бул иш Эдигейдин чечими менен болду

**№71**

«Кылым карытар бир күн» романында Паритет космонавт 1-2, Паритет космонавт 2-1 экөө орбиталык станциясын эмне үчүн таштап учуп кетишти?

а) орбиталык станция бузулуп калгандыктан

б) Космоско чыгабыз деп кайра кире албай калышты

в)«Станцияны таштап кеткиле» деген буйрук болду Жерден

г) Башка планетадагы акыл-эстүү жандар менен жолугууга даяр же даяр эмес экенбизди аныктап билиш үчүн

д) өздөрү эле жерге кайтып келгилери келген жок

**№72**

«Кылым карытар бир күн» романында Паритет космонавтар эмне деген планетага барып туруп калышты?

а) Токой-Төш

б) Токойлуу-Дөң

в) Жалгыз-Токой

г) Жашыл-Дөң

д) Алмалуу-Айдың

**№73**

«Кылым карытар бир күн» романында Эдигей менен келини Үкүбаланы Сары-Өзөккө. Бороондуу бекетке алгач ким ээрчитип келди?

а) Эдилбай куркут

б) разьездин дежурныйы Шаймерден

в) станциянын начальниги Оспан

г) Казангап

д) Казангаптын баласы Сабитжан

**№74**

«Кылым карытар бир күн» романындагы Токой-Төш планетасынын аялдары бойго бүткөн Баланы Токой-Төш убактысы боюнча канча ай көтөрөт?

а) он ай

б) он үч ай

в) он жети ай

г) он бир ай

д) он төрт ай

**№75**

«Кылым карытар бир күн» романындагы «Ителги көз» деп берилген Тансыкбаев ким?

а) Кум-Белдеги станциянын башчысы

б) Сары-Өзөктүн геологу

в) Абуталипти камап салган текшерүүчү

г) Бороондуу бекетте жумушчу болуп иштеп жүргөн киши

д) Сабитжандын досу

**№76**

«Жамийла» повестинде баяндоочу карман ким?

а) Автор

б) Жамийла

в) Сейит

г) Данияр

д) Садык

**№77**

«Акыр заман» кайсы чыгарманын алгачкы аталышы деп ойлойсун?

а) «Гүлсарат»
б) «Кыямат»
в) «Жамийла»
г) «Ысыккөлдүн куту жана куну»
д) «Кылым карытар бир күн»

**№78**

«Жашагысы келип да, келбей да турду, жок болууга да, бар болууга да кайыл болуп келатты...» - деген ой кимге таандык?

а) Базарбай
б) Көктурсун
в) Гүлүмкан
г) Бостон
д) Бийназар

**№79**


«Гүсарат» чыгармасында райкомдун бюросунда эч тартынбай чындыкты айткан жаш жигит ким?

а) Бакасов
б) Саяков
в) Керимбеков
г) Кашкатаев
д) Сегизбаев

**№80**

Беш достун ичинен жазган поэмасы үчүн күнөөлөнгөн ким?

а) Осипбай
б) Мамбет
в) Сабыр
г) Досберген
д) Исабек




*А.И. Мисюрев. «Атадан калган туяк», иллюстрация, 1974*



*А.И. Мисюрев. «Атадан калган туяк», иллюстрация, 1974*




*А. С. Осташев. «Ак кеме», линография, 1976*



*А. С. Осташев. «Эрте келген турналар», Султанмурат, иллюстрация, 1976*



*А. С. Осташев. «Эрте келген турналар», Мырзагүл, иллюстрация, 1976*




*А.И. Мисюрев. «Жер Эне», цинкография, 1974*



*«Биринчи мугалим», Дүйшөн*



*«Саманчынын жолу», Толгонай, Алиман*



*А. С. Осташев. «Чыңгыз Айтматов» линогравюра, 1975*

## Пайдаланылган адабияттардын тизмеси:


1. Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү. (Түз.: Ж.Шериев, А. Муратов). – Ф.: Мектеп, 1987.
2. Айтматов Ч. 3 томдон турган чыгармалар. – Ф.: 1982.
3. Айтматов Ч. 5 томдон турган чыгармаларынын жыйнагы: А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. – Б.: Шам, 1999.
4. Айтматов Ч. Балалыгым: жазуучунун Ф. Хицерге айтып Берген өмүр таржымалы. Түрк тилинен которгондор: А.Муратов, Б. Чыныбаева. Стамбул: 2003; 2-басылышы: Стамбул: 2004.
5. Айтматов Ч. Биз дүйнөнү өзгөртөбүз, дүйнө бизди өзгөртөт: Түз.: Тургунбаев С. – Ф.: 1978.
6. Айтматов Ч. В соавторстве с землею и водою… Ф.: 1978.
7. Айтматов Ч. Духовная опора. (Запись Л.Лебедовой.) Дружба народов. 1977, №10.
8. Айтматов Ч. Кирпичное мироздание или энергия мифа? Литературная газета. 1978, 29-март.
9. Айтматов Ч. Манас-Атанын ак кар, көк музу. Кыргызстан маданияты. 1975, апрель.

10.Айтматов Ч. Собрание сочинения в 3-х т. Рассказы. Очерки. Публицистика. – М.: Мол.гвардия, 1984.

11.Айтматов Ч. Сунуш кылынган библиографиялык көрсөткүч, рекомендательный библиографический указатель. Түз.: Ж. Айсаракунова, О. С.Сухомлинова. – Ф.: 1988.

12.Акматалиев А. Чингиз Айтматов: Жизнь и творчество: (Краткий очерк). – Б.: Мектеп, 1997.

13.Акматалиев А. Айтматов жөнүндө этюд. – Б.: 1993.

14.Акматалиев А. Айтматовдук энциклопедия. 1-т., - Б.: Илим, 1993.

15.Акматалиев А. Жаңычылык тажрыйбадан жаралат. – Ф.:, Кыргызстан, 1986.

16.Акматалиев А. Ч. Айтматов жана көркөм процесс. – Б.: 1992.

17.Акматалиев А. Слово об Айтматове. –Б.: Илим, 1991.

18.Акматалиев А. Айтматовго таасирленүү. –Ф.: Мектеп, 1998.

19.Акматалиев А. Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы көркөм сөз каражаттары (салыштыруу, метафора). – Б.: 1992.

20.Алымов Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китеби. – Ф.: Мектеп, 1981.

21.Артыкбаев К. Мезгиле элестери. – Ф.: Кыргызстан, 1979.
22.Артыкбаев К. Талант сыры. – Б.: КЭ, 1994.
23.Артыкбаев К., Асаналиев К., Байгазиев С., Иманалиев К., Ишекеев Н., Муратов А. Кыргыз адабияты: 11-класстар үчүн окуу китеби. – Б.: 2000.
24.Асаналиев К. Доор менен бирге. – Ф.: Кыргызстан, 1981.
25.Асаналиев К. Көркөм бийиктиктер. – Ф.: 1978.
26.Асаналиев К. Көркөм нарк. – Ф.: Кыргызстан, 1988.
27.Асаналиев К. Открытие человека современности: Заметки о творчесве Чингиза Айтматова. – Ф.: 1968.
28.Асаналиев К. Өрдөн өргө. – Ф.: Кыргызстан, 1977.
29.Асаналиев К. Чыңгыз Айтматов: кечээ жана бүгүн. – Б.: 1995.
30.Базаров Г. Прикосновении к личности. Штрихи к портрету и образу Чингиза Айтматова. – Ф.: 1998.
31.Бөкөлөев Б. Чыңгыз Айтматов жана түрк дүйнөсү. – Б.: Идея, 2003.
32.Воронов В. Чингиз Айтматов. (Очерк творчество). – М.: 1976.
33.Гачев Г. Ч. Айтматов и мировая литература. – Ф.: Кыргызстан, 1992.
34.Глинкин П. Чингиз Айтматов. – Л.: 1968.
35.Дүйшеева С. «Ак кеме» повестин окутуу. Кырчын. 2005. №1-2.
36.Дүйшөнбаев П., Дүйшөнбаев М. Чыңгыз Айтматовдун экологиялык этикасы. – Б.: 2005.
37.Исаков Б. «Биринчи мугалим» повестин окутуу. Мугалимдер газетасы. 1978, 13, 20, 22-сентябрь.
38.Исамидинов И. Кыргыз орто мектептеринде Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын үйрөнүүнүн проецессинде окуучулардын адабий-териялык түшүнүктөрүн калыптандыруу. – Б.: КМУУ. 1993.
39.Ишекеев Н. Кыргыз адабиятын мектептерде окутуунун тарыхы. – Б.: 1994.
40.Ишекеев Н. Мектептерде прозалык чыгармаларды окутуу. – Б.: Кыргызстан, 1997.
41.Култаева Ү. Турмуш чындыгы жана көркөм образ. – Б.: 1998; 2-басылышы: - Б.: 2002.
42.Кыргыз адабиятынын программасы. Түз: Байгазиев С., Муратов А. -- Б.: Педагогика, 2006.
43.Кыргыз адабиятынын тарыхы: 7 томдук, А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. – Б.: Шам, 2004

44.Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. 1-2-том. – Ф.: Илим, 1981, 1990.

45.«Кыямат» жана окурмандар. – «Плаха» и читатели: түз.: Акматалиев А. – Ф.: Кыргызстан, 1988.

46.Мамбеталиев А. Ч. Айтматовдун чыгармаларын окутуу. – Ф.: Мектеп, 1970.

47.Момбеков К. Ч. Айтматовдун айрым чыгармаларын окутуу. – Ф.: Мектеп, 1970.

48.Муратов А. Адабият – ыйман сабагы. –Б.: Кыргызстан, 1993.

49.Муратов А. Ат этнопедагогикасы – Айтматовдо. – Б.: Айан, 2005.

50.Муратов А. Ч. Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романын үйрөнүүнүн айрым маселелери. – Ф.: Мектеп, 1988.

51.Садыков А. Кыргызстанда айтматовтаануу илиминин пайда болушу жана өнүгүшү. – Ф.: 1992.

52.Үкүбаева Л. Ч. Айтматовдун каармандарынын көркөм дүйнөсү. – Ф.: Кыргызстан, 1986.

53.Үкүбаева Л. Чыңгыз Айтматов: эстетика жана улуттук негиз. – Б.: 2004.

54.Муратов А. Чыңгыз Айтматов – жазуучу-этнопедагог. – Б.: 2006.

## Мазмуну

Чыңгыз Айтматов – адабияттын баба дыйканы ............................................3
«Атадан калган туяк» аңгемесин окутуу ..................................................5
«Биринчи мугалим» повестин окутуу ......................................................13
«Бетме-бет» повестин окутуу .................................................................23
«Моюнкум трагедиясын» окутуу ..............................................................28
«Эрте келген турналар» повестин окутуу ................................................34
«Саманчынын жолу» повестин окутуу ....................................................44
«Жамийла» повестин окутуу ..................................................................52
«Делбирим» повестин окутуу .................................................................59
«Деңиз бойлой жорткон Ала Дөбөт» повестин окутуу ............................64
«Гүлсарат» повестин окутуу ..................................................................70
«Ак кеме» повестин окутуу ....................................................................80
«Кылым карытар бир күн» романын окутуу ............................................91
«Кыямат» романын окутуу ....................................................................96
Публицистикалык чыгармаларды окутуу ...............................................99
Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары боюнча адабий кечелер ..................106
Чыңгыз Айтматовдун өмүрү-чыгармачылыгы жөнүндө жандырмактар (тесттик суроолор) ........................................................................122
Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары кыл калемде ...................................143
Пайдаланылган адабияттардын тизмеси ..............................................152

926905